К. Эсенканов

# АДАМ ЖАНА КООМ

## МАМЛЕКЕТ ЖАНА УКУК НЕГИЗДЕРИ

Орто мектептин 9-классы
үчүн окуу китеби

Оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү
жана илим министрлиги бекиткен*

Бишкек
«Инсанат» – 2012

УДК 373.167.1
ББК 67 я 721
Э – 84

**Рецензенттер:** *С. М. Муратбекова*, юрид. илим. кандидаты
*И. А. Рыскулов*, юрид. илим. кандидаты

**Көркөм кеңештин курамы:**
*А. Бектенов (жетекчиси), Э. Исаков,*
*В. Кульчицкий, А. Белкина, М. Болотбеков*

**Эсенканов К.**
Э – 84 **Адам жана коом: Мамлекет жана укук негиздери.** Орто мектептин 9-кл. үчүн окуу китеби.– 3-бас.,– Б.: «Инсанат», 2012. –160 б.

ISBN 978-9967-452-25-1

**Шарттуу белгилер:**

Кошумча материал

Кайталоо үчүн суроолор

**Э 4306020700-12**

**УДК 373.167.1**
**ББК 67 я 721**

ISBN 978-9967-452-25-1

© Эсенканов К., 2012
© Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2012
© «Инсанат» басмасы, 2012

## Кымбаттуу балдар!




*Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан «Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгы жөнүндө декларация» 1991-жылдын 31-августунда кабыл алынып, кыргыз элинин кылымдардан бери эңсеп жүргөн мүдөөсү ишке ашып, мамлекетибиз эгемендүүлүккө ээ болуп, өз алдынча мамлекет макамын алды.*

*Бул окуу китебинде Кыргызстан мамлекети жана укугу жөнүндөгү билимдин негиздери баяндалат жана алардын биздин жашоо-турмушубуздагы маанисин түшүнүүгө жардам берет. Ошондой эле силерге укуктук билимдин негиздерин билүүгө жана аны мындан ары өркүндөтүүгө, мектепти бүтүргөндөн кийин өз алдыңарча билим алууңарга шарт түзөт. Мамлекет жана укук тууралуу жеткиликтүү билим өлкөбүздө укуктук, демократиялык мамлекетти курууга жана аны өнүктүрүүгө жигердүү катышууга силерге зор мүмкүнчүлүктөрдү берет.*

*Мамлекет жалпыбыздын үйүбүз, анын түзүлүшүн, мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укуктарын жана алар кан-*

*дай тартипте уюшуларын билүү ар бирибизге керек. Анткени, эч бир жаран жашоосун мамлекеттен тыш алып бара албайт. Мамлекет – жашоого, билим алууга, эс алууга, эмгектенүүгө шарт түзүп, коопсуздугубузду камсыз кылуучу жана ага кепил болуучу түзүлүш.*

*Мамлекет болгон жерде укук дагы сөзсүз болот. Турмушунда ар бир адам укук мамилелерисиз жашай албайт. «Укукту колдонуу укук коргоо органдарына гана тиешелүү» деген түшүнүк жаңылыштык, себеби ар бир адам өзүнүн жашоосунда үзгүлтүксүз укуктук мамилелерге катышат, биздин күндөлүк иштерибиздин дээрлик ар бири укук тартиби менен жөнгө салынып турат. Укук адамдын бүт өмүрүн коштоп жүрөт. Мисалы, бала туулган күндөн тартып эле өлкөнүн жараны болууга, мурас боюнча мүлк алууга укуктуу.*

*Укук билим берүү, саламаттыкты сактоо, эмгек, үй-бүлө, турак-жай жана башка көптөгөн мамилелерди жөнгө салат, бул мамилелерге жарандар менен катар мекемелер, уюмдар да катышат. Албетте, укук майда-барат иштердин бардыгын эле жөнгө сала бербейт. Бирок, мамлекет, коом жана адамдар үчүн маанилүү мамилелердин бардыгы укук жоболору менен жөнгө салынууга тийиш.*

*Бардык жарандар коом, мамлекет алдындагы милдеттерин аткармайынча, бекем коомдук тартип орномоюнча, адамдардын укуктары жана эркиндиктери урматталмайынча демократиянын, укуктук мамлекеттин болушу мүмкүн эмес. Башкалардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын бузбастан, өз укуктарын туура пайдалануу жана милдеттерин так аткаруу үчүн мыйзамдарды билүү керек. Мыйзамды билбөө жоопкерчиликтен бошотпойт.*

*Мамлекет жүрүм-турум эрежелерин көбүнчө мыйзамдарда жана башка ченемдик актыларда баяндайт, алар укук булактары деп аталат. Кыргыз Республикасында укук булактарына Конституция, мыйзамдар, Президенттин жарлыктары, Өкмөттүн токтомдору жана министрликтердин ченемдик актылары кирет.*

*Силер бул сабакты өздөштүрүүдө окуу китептеги материалдарды, массалык маалымат каражаттарынан окуган, жашоо-турмушта көргөн окуялар менен салыштырып талдасаңар, ийгиликке жетишесиңер.*

*Акырында айта турганыбыз, өзүнүн укугун жеткиликтүү билбеген, өзүнүн мыйзамдуу таламдарынын аткарылышына жетише албаган адамды билимдүү, сабаттуу адам деп айтыш кыйын, ал турмушта өзүн ишенимдүү алып жүрө албайт. Ошондуктан, силер билимдүү, сабаттуу адам болууга тырышкыла.*

*Биз бул окуу китепти кызыктуу, түшүнүктүү кылууга аракеттендик. Мамлекет жана укук негиздери боюнча сабактар силерди жигердүү жаран, мазмундуу ойлонууга жөндөмдүү жана өз кызыкчылыгын коргой ала турган адам катары тарбиялоого көмөгүн тийгизет деген ишенимдебиз.*

*Сиздерге ийгилик каалаймын!*

*Автор*

## *I глава*

# МАМЛЕКЕТ, УКУК ЖАНА АДЕП-АХЛАК

## § 1. Мамлекет түшүнүгү, мамлекет түзүлүшүнүн жана башкаруунун формалары

**1. Мамлекет** – деген эмне? Адамзат жаралып, ушул күнгө келип жеткичекти көптөгөн мезгилди, далай жолду басып өттү. Эң алгачкы пайда болгон адамдар башка жаныбарлардан айырмаланбаса дагы, аларга табият берген акыл-эстин натыйжасында ар тараптуу өнүгүп-өсүп турган. Бул өсүүгө акыл-эс гана өбөлгө болбостон, көптөгөн башка себептер да түрткү берген. Мисалы, Жер жүзүнүн ар тарабындагы климаттык өзгөрүүлөр, белгилүү бир аймакта адам санынын көбөйүп, турмуштун татаалдашы ж. б. у. с. себептер. Ушундай өнүгүп-өсүүнүн бир натыйжасы мамлекеттин келип чыгышы болгон. Ал өз жолунда адегенде алгачкы коомдук түзүлүштү басып өткөн. Алгачкы коомдук түзүлүш адамзаттын тарыхындагы эң узак этап болуп эсептелет да, ал 1 миллион жылдан узак мезгилге созулган. Баштапкы этапта адамдар 20–30дан турган уруктардын бирикмелери катары жашашкан. Ири жаныбарларга мергенчилик кылуу үчүн гана топ-топторго биригишкен. Кийинчерээк таш доорунда кишилердин бирикмелери ирилешип отуруп, айыл же уруу болуп жашоого өтүшкөн. Чарбачылык кылуу түрү боюнча бөлүнүү пайда болуп, бир уруу мал багуу менен алектенсе, экинчиси жерди иштетүүгө өтүшкөн. Бир аймакта алака кылып жашаган урууларга башка тараптан кол салуу болгон учурларда уруулар бирикмеси пайда болуп, ага жол башчы дайындалган учурлар кезиге баштаган. Негизинен, ар кайсы континенттеги алгачкы урууулук коомдордун турмушун изилдеген окумуштуулардын жыйынтыгына караганда – алгачкы

уруучулук коомдордун башкаруу органдары болуп – жашы улуу адамдардын чогулушу, аксакалдар кеңеши, жол башчылар кеңеши, улук, жол башчы, диний жетекчилер эсептелишкен. Ошентип алгачкы коом бара-бара теңчилик принцибинен алыстай баштаган, биринчиден, башкаруучулар катмары келип чыкса, экинчиден, мүлктүк абалы боюнча ажырым пайда боло баштаган, б. а. байлар, кедейлер. Ушул себептердин натыйжасында алгачкы коомдун башкаруу органдарынын ордуна мамлекет келди.

Мамлекеттин уруучулук түзүлүштөн айырмасы – жалпыга тийиштүү, бардык адамдар баш ийүүгө милдеттүү болгон бийликтин пайда болушунда. Анткени, мамлекет болуп уюшулган коомдо жалаң гана мамлекетти башкаруу менен алек болгон адамдардын катмары жаралат жана ушул адамдардан мамлекеттик органдар түзүлөт.

Эгер уруучулук коомдо адамдар туугандык белгиси менен биригишсе, мамлекет калктын аймактык уюшулушуна негизделип, бийликтин белгилүү бир аймакта жүргүзүлгөндүгү менен айырмаланат. Мамлекеттин өзгөчөлүгү ал жалпыга милдеттүү укуктук ченемдерди чыгарат жана аларга сөзсүз, милдеттүү түрдө аткарыла тургандай күч берет. Мамлекеттин башкы белгилеринин дагы бири калктан жыйналуучу салык болуп эсептелет.

**Ошентип, мамлекет деп, белгилүү бир аймактын чегинде калктан чогулуучу салыктын негизинде иштеген бийлик органдары жана жалпыга тиешелүү укуктук ченемдери бар калктын уюшулган бирикмесин айтабыз.**


Мамлекеттин келип чыгышынын эң негизги себеби, коомдо баш аламандыкка (анархияга) жол бербөө жана саясий бийликти жүргүзүүгө курал, каражат катары пайдалануу болуп эсептелет.

Жер жүзүндө биринчи мамлекеттер биздин заманга чейинки X–XI кылымдарда Түндүк-Чыгыш Африканын аймагында пайда болгон. Андан соң мамлекеттердин жаралуу про-

цесси Жер ортолук деңиз бассейнине таралгандыгы тарыхтан белгилүү.

Мамлекет өзүнүн өнүгүү тарыхында ар кандай стадияларды басып өткөн жана белгилүү бир калктын жогору турган катмарынын кызыкчылыгын коргоо үчүн курал катары кызмат кылган. Өзүңөр билгендей мамлекеттер кул ээлөөчүлүк, феодалдык, буржуазиялык, социалистик формадагы стадияларды басып өтүшкөн. Азыркы мезгилде элдин аң-сезиминин өсүшүнүн жана коомдун өнүгүшүнүн натыйжасында дүйнө жүзүндө жалпы элдин кызыкчылыгын көздөгөн демократиялык принципти туу туткан, рынок экономикасына негизделген, укуктук мамлекеттер басымдуулук кылат. Биздин мамлекетибиз – Кыргыз Республикасы эгемендүү, демократиялык, укуктук, мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган, унитардык, социалдык мамлекет болуп эсептелет.

**2. Мамлекеттин белгилери.** Коомдо мамлекеттен башка дагы ар кандай түзүлүштөр бар, алар – саясий партиялар, массалык кыймылдар, коомдук жана диний уюмдар. Мамлекетти бул түзүлүштөрдөн айырмалап турган төмөнкүдөй негизги белгилери бар.




***Аймак.*** Мамлекеттин мейкиндиктик негизин түзүп турган жер, жер алды, суу жана аба мейкиндиктери. Аймаксыз мамлекет болбойт. Мамлекет өз аймагында көз карандысыз бийлик жүргүзүүгө жана ал аймакты коргоо укугуна ээ.


***Калк.*** Ошол аймакта жашаган эл мамлекеттин калкын түзөт. Мамлекеттин калкы бир же бир нече улуттан турушу

мүмкүн. Мамлекет биримдиктүү болушу үчүн анда жашаган калк ынтымактуу болуп, өз мамлекетине атуулдук сезими күчтүү болууга тийиш. Эгер мындай болбосо, андай мамлекеттин келечеги жок.

***Жалпы бийлик.*** Элдин жашоосун уюштурууга жөндөмдүү коомдук бийлик. Мамлекеттин алгачкы уруучулук түзүлүштөн айырмасы элди башкарууга жөндөмдүү адамдардын бөлүнүп чыгып, мамлекеттин турмушун жөнгө салып, анархияга жол бербей, белгиленген тартипти кармап туруучу кызмат адамдарынын пайда болушу эсептелет. Мамлекеттик бийлик мамлекеттик органдардын жана мекемелердин жардамы менен жүргүзүлөт. Алардын татаал тутуму бар. Кийинчерээк баарын талдоого алып үйрөнөбүз.

Ушул үч белгини мамлекеттин негизги белгилери гана деп билсе болот, анткени мамлекетке мүнөздүү мындан башка дагы көп белгилер бар, атап айтканда – армия, укук, салык, укук коргоо ж. б. органдардын бар болушу.

**3. Мамлекеттин түзүлүш формалары.** Мамлекеттер уюмдашуу ыкмасы боюнча унитардык, федерациялык жана конфедерациялык болуп бөлүнөт.




***Унитардык*** мамлекеттердин курамында кандайдыр бир эгемендүүлүккө (көз карандысыздыкка) ээ болгон мамлекеттик түзүлүштөрү жок, алар администрациялык-аймактык бирдиктерге (облустар, департаменттер, провинциялар, вое-

водстволор ж. б.) гана бөлүнөт. Мындай мамлекеттердин катарына биздин республикабыз кирет, анткени Кыргыз Республикасы өз алдынча эркиндикке ээ болбогон административиялык аймактардан турат. Ошондой эле унитардык мамлекеттердин катарына Казакстанды, Францияны, Польшаны, Японияны ж. б. көптөгөн мамлекеттерди кошсо болот. Унитардык мамлекеттер бирдиктүү жарандыгы жана мамлекеттин бардык аймагында бирдей аракетке ээ мыйзам актылары болгондугу менен айырмаланат.


***Федерация*** – бул мурда өз алдынча болгон мамлекеттик түзүлүштөрдүн бир мамлекетке ыктыярдуу биригүүсү. Федерациянын ичиндеги түзүлүштөр белгилүү өлчөмдө эгемендүүлүккө ээ. Жогорку органдардын бир гана тутуму бар, унитардык мамлекеттен айырмаланып, федерациялык мамлекет мындай органдардын эки тутумуна ээ: мамлекеттик бөлүктөрдүн (республиканын, штаттын, жерлердин) жогорку органдары (мыйзам чыгаруучу, аткаруучу, сот бийлиги) жана жалпысынан федерациянын жогорку бийлик органдары. Федерациянын ар бир курамдык бөлүгүнүн өзүнүн укуктук тутуму бар, алар жалпы федерациянын укуктук тутуму менен катар аракеттенет, бирок негизги маанилүү маселелер боюнча карама-каршылыктар болбоого тийиш. Мындай мамлекеттердин катарына АКШ, Россия, ГФРди кошсо болот.

***Конфедерация*** – федерацияга караганда, мамлекеттердин анча тыгыз эмес бирикмеси. Бул мамлекеттер конфедерацияга бириккени менен ички ишинде өзүлөрүнүн көз карандысыздыгын сактап калат. Жалпы конфедерациялык бийлик органдары, курамына кирген ар бир мамлекеттин чоң, кичинесине карабастан, бирдей санда кошо турган өкүлчүлүктөрүнөн турат. Азыркы мезгилде конфедерациялык мамлекеттин катарына Швейцарияны кошууга болот.

Жогоруда айтылган формалар мамлекеттердин тышкы формасын мүнөздөйт, мындан тышкары мамлекеттердин ички формалары бар, ал саясий режим деп аталат. Саясий режим

мамлекеттин өзгөчөлүгүн, анын демократиялык же антидемократиялык экендигин көрсөтүп турат. Режимдер демократиялык (кул ээлөөчүлүк режимдин демократиясы, буржуазиялык режимдин демократиясы) жана антидемократиялык (деспоттук, феодалдык, полициялык мамлекеттик режим, авторитардык, фашисттик режимдер) болуп бөлүнөт.

**4. Мамлекетти башкаруунун формалары.** Мамлекеттер башкаруу формасы боюнча негизинен – монархия жана республика болуп экиге бөлүнөт.




***Монархиялык башкаруу формасындагы*** мамлекеттин башында бийликти укум-тукумга чейин мурастаган монарх (король, шах) турат. Ал өлкөнү мөөнөтсүз башкарат жана башкаруудагы катачылыктары үчүн эч кандай юридикалык жоопкерчиликке тартылбайт. Монархия өз кезегинде абсолюттук жана конституциялык болуп бөлүнөт. Абсолюттук монархияда монархтын бийлиги чектелген эмес, мамлекетти жеке өзү башкарат. Ал эми конституциялык монархияда монархтын бийлиги конституция же мыйзам тарабынан чектелип, көбүнчө ал өкүлчүлүк милдеттерди гана аткарат. Мисалы: Англия королевасы.

***Республикалык башкаруу формасындагы*** мамлекетте бийлик эл шайлаган бийлик органдары тарабынан жүргүзүлөт. Республикада бийлик бир адам тарабынан эмес, мамлекеттик органдардын тутуму тарабынан жүргүзүлөт. Бийлик мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтерине бөлүнүүгө жатат, мамлекеттик органдарды түзүүгө эл катышууга ти-

йиш, мыйзам чыгаруучу орган – парламент жана мамлекет башчысы – президент белгиленген мөөнөткө гана шайлануулары керек, ошондой эле жогорку кызмат адамдары кетирген каталары үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартылууга жатат.

Республиканын негизги эки түрү бар: президенттик жана парламенттик. Президенттик республикада мамлекет башчысы – президент – жалпы эл тарабынан шайланып, мамлекетти башкарууда, өкмөттү түзүүдө чечүүчү күчкө ээ. Мындай мамлекеттердин катарына Казакстанды кошсо болот.

Парламенттик республикада мамлекет башчысы парламент тарабынан шайланып, парламенттин алдында отчёт берет. Мындай мамлекеттин катарына Германия, Эстония ж. б. мамлекеттерди кошсо болот.

Аралаш – президенттик-парламенттик республикалар дагы бар. Мындай мамлекетте президент менен парламент бири-бирин тең салмактап турат.

## КОШУМЧА МАТЕРИАЛ
### Кыргыз Республикасынын Конституциясы
### (Үзүндү)

**1-берене.**

1. Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) – эгемендүү, демократиялык, укуктук, мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган, унитардык, социалдык мамлекет.

2. Кыргыз Республикасы өзүнүн аймагында толук мамлекеттик бийликке ээ, ички жана тышкы саясатты өз алдынча жүргүзөт.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Алгачкы уруучулук коомдун өзгөчө кандай белгилери бар?
2. Мамлекеттин кандай белгилери бар?
3. Мамлекеттин түшүнүгү кандай?
4. Мамлекеттин түзүлүшүнүн кандай формалары бар?
5. Мамлекетти башкаруунун формалары тууралуу эмнени билесиң?

6. Кандай мамлекетти унитардык мамлекет дейбиз?
7. Федерациялык мамлекеттердин катарына кайсы мамлекеттер киред?
8. Конфедерациялык формадагы мамлекеттердин өзгөчөлүгү?
9. Республикалык башкаруу формасы менен монархиялык башкаруу формасынын айырмалары?
10. Мамлекеттин саясий режими деген эмне?
11. Президенттик республика менен парламенттик республиканын кандай айырмасы бар?

## § 2. Укук түшүнүгү. Укук жана адеп-ахлак

**1. Коомдук ченемдер.** Ар бир адам өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Ошентсе да көпчүлүк мезгилде алар окшош аракеттерди аткарышат: иштешет, эс алышат, үй-бүлө курушат д. у. с. Демек, мындай жүрүм-турумдар жалпыга тиешелүү, кадимки мыйзам ченемдүү аракеттер болуп эсептелет. **Ченем** – деген түшүнүк үлгү, калып же жүрүш-туруш эрежесин билдирет. Коомдук ченемдер деп адамдар ортосундагы мамилелерди жөнгө сала турган жүрүш-туруш эрежелерин айтабыз. Коомдук ченемдерге жомок, макал-ылакап, санат ырлары, жөрөлгө, адат, элдик салттардан баштап, ар кандай адеп-ахлак ченемдерине чейин кирет. Ушулардын бардыгында адамдардын миңдеген жылдар жашоо тажрыйбасынан алынган жүрүш-туруш эрежелери камтылган. Мисалы, баланы бешикке салуу, тушоо кесүү жөрөлгөлөрү, кыз берүү жана кыз узатуу салттары, белгилүү бир жүрүм-турумга багыттаган макал-ылакаптар элибизде көп экендиги белгилүү. Мына ушулар байыртадан баштап, азыркы укук ченемдери менен катар жашап келүүдө. Себеби, бардык эле жүрүм-турум эрежелерин укук алкагына киргизип, мыйзамдаштырып коюу максатка ылайык эмес.

**2. Укук деген эмне.** Алгачкы уруучулук коомдо адамдардын мамилеси жалаң адат, салт ченемдери менен жөнгө

салынып келген. Укук мамлекет пайда болгон мезгилде кошо пайда болгон. Анткени, мамлекет менен адамдардын ортосундагы мамилени мурдатан колдонулуп келе жаткан коомдук ченемдер жөнгө сала албайт эле. Ошондуктан сапат жагынан өйдө турган, милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон, коомдук мамилени жөнгө салуучу элемент – укук пайда болгон.

Адам окуйт, эмгектенет. Турмушка зарыл болгон буюмдарды сатып алат, бирөөлөр менен келишимге кирип, иш аткарат, ушул учурларда ал башка адам, ишкана, мекеме же мамлекеттик органдар менен мамиле жасайт. Ушул мамилелердин көпчүлүгү мамлекет тарабынан укуктук ченемдердин жардамы менен жөнгө салынат.

Бир жагынан, укук мамлекетти башкаруунун негизги куралы, мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун каражаты катары кызмат кылса, экинчи жагынан, ал адамдын коомдогу, мамлекеттеги абалынын маанилүү көрсөткүчү, анын мүдөөлөрүн коргоонун куралы болуп саналат. Адамдын, жарандын укуктары, эркиндиктери жана милдеттери инсандын укуктук макамын түзөт жана укуктун негизи болуп эсептелет. Инсандын укуктук макамы мамлекеттеги укук тутумунун өнүккөндүгүн, канчалык деңгээлде демократия бар экендигин баалоодо маанилүү ролду ойнойт.

Башка коомдук ченемдерден айырмаланып, укук өзүнчө белгилеринин бар экендиги менен айырмаланат.

**1)** ***Укук*** – ченемдерден, б. а. аткарууга милдеттүү болгон жүрүм-турум эрежелеринен турат. Бул болсо укук ченемдеринин мамлекеттин бардык аймагына, калктын бардык катмарына таратыларын шарттайт. Укуктук ченемдердин милдеттүүлүгү анын кимдир-бирөөгө жагар-жакпастыгына карабастан, бардык адамдардын аткарууга тийиш экендигин билдирет. Ал эми коомдук ченемдер бардыгы үчүн милдеттүү эмес. Мисалы, диний ырым-жырымдар ар кандай динди туткан жарандар үчүн ар башка эмеспи, ошондой эле тушоо кесүү жөрөлгөсүн аткаруу милдет эмес.

***2) Укук ченемдеринин аткарылышы мамлекет тарабынан камсыз кылынат жана корголот.*** Ар дайым эле укук ченемдери жарандар тарабынан ыктыярдуу түрдө аткарыла бербейт. Тилекке каршы, кээ бир адамдардын укуктук сезими өнүкпөгөндүгүнүн натыйжасында, укуктук ченемдерди мажбурлоо жолу менен гана аткарылышына жетишүүгө болот. Укук ченемдерин бузгандарга каршы ал бузуунун мүнөзүнө жараша ар кандай жоопкерчиликтер каралган. Мисалы: штраф, камакка алуу, эркиндигинен ажыратуу.

***3) Укук ченемдеринин расмий формасы болууга тийиш,*** б. а. юридикалык документтерде бекемделиши керек. Мындай документтерди укук булактары дейбиз, аларга мыйзамдар, жарлыктар, токтомдор ж. б. кирет.

***4) Юридикалык ченемдер тактыгы менен айырмаланууга тийиш.*** Укук ченемдеринин тили так, ачык, кыска болуп, башкача түшүндүрүүгө болбой тургандай жазылууга тийиш.

***5) Укук – бул ченемдердин тутуму,*** б. а. укук үй-бүлө мамилелеринен тартып, эл аралык мамилелерге чейин жөнгө салат. Ошондуктан укук көп тармактуу болуп эсептелет. Өз кезегинде биз алардын бардыгына токтолобуз.

Жыйынтыктап айтканда, **укук – бул мыйзам деңгээлине көтөрүлгөн, мамлекет тарабынан белгиленген, жалпыга милдеттүү жүрүм-турум эрежелеринин, ченемдеринин тутуму.**

Укуктун сакталышы мамлекеттик органдар, кээ бир учурда жалпы эл тарабынан (референдум) кабыл алынган мыйзам же башка ченемдик актылар тарабынан кепилдикке алынат. Мисалы, жарандардын шайлоо укугу – Шайлоо жөнүндөгү кодекс, билим алуу укугу – Элге билим берүү жөнүндөгү мыйзам, ден соолугун сактоо укугу – Саламаттыкты сактоо жөнүндөгү мыйзам тарабынан жөнгө салынат.

«Укук» деген сөз турмушта юридикалык мааниден тышкары да пайдаланылат, мындай учурда ал мыйзамдарда көрсөтүлбөгөн жекече мүмкүнчүлүктөрдү билдирет (урмат-

тоого укуктуулук, өз көз карашында турууга укуктуулук ж. у. с.). Мындай укук адат, салт, жөрөлгө, коомдук пикирге таянат.

Азыркы тапта укук коомдук турмуштун бардык чөйрөсүн кучагына алган. Ал менчик мамилелерин бекемдейт, эмгекти – анын үзүрүн коом мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүрүүнүн ченемин, формасын жөнгө салат (жарандык укук, эмгек укугу); мамлекеттик механизмди уюштурууну жана анын иш-аракетин жөнгө салат (мамлекеттик укук); өкүм сүрүп жаткан коомдук мамилелерге, мамлекетке, адамдарга зыян келтирүүгө каршы күрөшүүнүн чараларын жана талаш-тартышты чечүүнүн жол жобосун белгилейт (жазык укугу, жазык процесс укугу); адамдардын ортосундагы көптөгөн түрдөгү мамилелерди тейлейт (үй-бүлө укугу ж. б.); мамлекетибиздин башка мамлекеттер, эл аралык уюмдар менен болгон мамилелерин эл аралык укук жөнгө салат.

Азыркы тапта биздин мамлекетибиз укуктук мамлекетти курууну алдына максат кылып коюп жатат. Бул эмнени түшүндүрөт? Совет доорунда мамлекет негизинен коммунисттик партиянын жетекчилигинде жашаган. Өлкөнүн калкы дагы, мамлекеттик органдар дагы ошол партиянын чечимдерин аткарууга милдеттүү болгон. Ал гана эмес укук дагы саясатташтырылып, партиянын чечимдерин аткаруунун куралы болуп кызмат кылган. Турмуш мындай абалдын туура эмес экендигин көрсөттү, муну дүйнөлүк практика дагы айкындады. Элдин турмушунун бакубаттыгы, мамлекеттин бекемдиги укуктун өнүгүшүнө түздөн-түз көз каранды. Качан ага ар бир жаран укук ченемдерин түзүүгө түздөн-түз же өкүлдөрү аркылуу катыша алса, бийлик органдарын түзүүгө же шайлоого катышса жана коомдук мамилелер укук тарабынан гана жөнгө салынса, анда мындай мамлекетти укуктук мамлекет деп айтууга болот.

Укуктук мамлекет негизинен төмөнкү белгилер менен мүнөздөлөт.

**1)** ***Мыйзамдын ар кандай башка нерселерден артыкчылыгы, аны аткаруунун жана колдонуунун милдеттүү экендиги.*** Укуксуз мамлекетте мамлекеттик органдар укукка үстөмдүк кылат. Ал эми укуктук мамлекетте бийликтин бардык органдары укуктарды белгилеген мыйзамга гана баш иет, ал эми мыйзам болсо жалпы калктын эркин билдирет. Мыйзам боюнча мамлекет алдында адамдар гана жооп бербестен, адамдардын алдында мамлекет да жооп берет.

**2)** ***Жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин өнүктүрүлгөн тутуму.*** Коомдук мамилелер мүмкүн болушунча мыйзамдаштырылып, ал мыйзамдар элге жеткиликтүү жана түшүнүктүү болууга тийиш. Ар бир жаран өз укугун жана милдетин так билип, аларды турмушунда колдонууну жана аткарууну үйрөнүшү керек.

**3)** ***Укукту коргоонун жакшы жолго коюлган механизми.*** Укуктар кандай жол менен жана ким тарабынан бузулса да, аны коргоого жөндөмдүү, укуктун сакталышын кепилдеген органдар жана алар жетекчиликке алып иштей турган мыйзам актылары болушу керек. Укукту өзүнө тиешелүү орунга көтөрүү үчүн укук коргоочу органдар – милиция, прокуратура, адвокатура ж. б. ишин түп-тамырынан бери өзгөртүшү зарыл. Укукту коргоонун эң башкы **кепилдиги** – соттор. Ошондуктан, эч кимге көз каранды болбогон сот органдарын түзүү – бүгүнкү күндүн башкы максаты. Ушундай сотко кайрылган укугу бузулган тарап өзүнүн мыйзамдуу талаптарын натыйжалуу коргогонго жөндөмдүү болот.

**3. Укук жана адеп-ахлак.** Көп кылымдар бою биргелешип жашоо тажрыйбасынан келип чыккан адат ченемдерине катуу баш ийип, баш кошкон, салтын бекем кармаган элдер гана кырсыктар менен кол салууларга ийгиликтүү каршы туруп, элдүүлүгүн сактап, бекемделгенине тарых күбө. Бул ченемдерди бузгандар коом тарабынан айыпталышкан.

Үрп-адаттар, каада-салттар, жөрөлгөлөр, башкача айтканда адеп-ахлак ченемдери адамдардын жүрүм-турумунун эң

алгачкы эрежелери болгон, аларда боорукерлик, нысаптуулук, адилеттүүлүк, милдет, максат жөнүндөгү адамдардын түшүнүктөрү чагылдырылган.

Турмуштун улам татаалданышынан улам адамдардын коомдон мамлекеттүүлүккө өтүшү – укуктун пайда болушу менен коштолгон. Мамлекет өзүнүн талаптарын жалпыга милдеттүү ченем катары белгилеп, ал ченемдерди мыйзам түрүндө берген. Адеп-ахлактын жазылбаган ченемдеринен айырмаланып, укук ченемдери баяндоолор аркылуу көрсөтүлгөн. Эгер адеп-ахлак ченемдери ички ынануу жана коом тарабынан көрсөтүлүүчү таасир аркасында аткарылса, ал эми укук ченемдерин аткаруу үчүн мамлекеттин мажбурлоо күчү пайдаланылган жана бул максатта жазалоочу органдар түзүлгөн. Алгачкы мыйзамдарда, оболу адеп-ахлак жана салт ченемдери укук талаптары катары бекемделген.

Ошентип, адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салуучу курал катары укук адеп-ахлактан кийин пайда болгон. Мыйзамдарды кабыл алганда адамдар көбүнчө адат, салттарга таянышкан. Азыркы мезгилде деле адеп-ахлакка каршы келген мыйзамды кабыл алууга жол берилбейт, укук ар дайым адеп-ахлак ченемдерине таянат. Бирок, адеп-ахлакты түзгөн каада-салттар, үрп-адаттар заманына жараша өзгөрүп турат. Бул объективдүү процесс болгондуктан, адеп-ахлак ченемдери өзгөрүлбөстөн, калыбында тургандай сезилет. Жыйынтыктап айтканда, **адеп-ахлак – бул адамдардын өз ара жана коомго болгон мамилелериндеги жүрүш-туруш эрежелери менен ченемдеринин жыйындысы.**

Укук келип чыккандан кийин да адеп-ахлак өз маанисин жоготпойт, ал калк катмарынын түпкүрүнөн чыккан жарык сымал адамдардын жүрүм-турумуна таасирин тийгизип, укуктун кандай болушун тастыктап, мезгил өзгөргөн сайын кошо өзгөрүлүп, бирок тарбиялык маанисин эч жоготпой, коомдук сезимди башкарып турат.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Коомдук ченемдер деп эмнени түшүнөбүз?
2. Укук кантип пайда болгон?
3. Укуктун милдети кандай?
4. Укук деген эмне?
5. Укук тейлеген чөйрөлөр жөнүндө эмнени билесиңер?
6. Укуктук мамлекет деп кандай мамлекетти айтабыз?
7. Укуктук мамлекеттин белгилери кайсылар?
8. Адеп-ахлак ченемдери эмнелерден турат?
9. Укук менен адеп-ахлак ченемдеринин айырмасы кандай?
10. Адеп-ахлак дегенибиз эмне?

## § 3. Кыргыз Республикасы түзүлгөнгө чейинки Кыргыз мамлекеттүүлүгү тууралуу түшүнүк

Бириккен улуттар уюмунун Генералдык Ассамблеясынын чечими менен 2003-жыл Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылы деп табылган. Бизге белгилүү болгон тарыхый булактар боюнча Кыргыз мамлекети биздин заманга чейинки 200-жылдарда эле бар болгондугу айкын. Ошол мезгилден бери кыргыз эли улуттуулугун жоготпостон сактап, Азиядагы эң байыркы элдердин катарына кирди, ал түгүл биздин замандын IX–X кылымында аймагы Енисейден Теңир-Тоого чейин созулган чоң мамлекетти түзүшкөн. Аны окумуштуулар Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн мезгили деп аташат. Ал кездеги Кыргыз мамлекетинин, башкача айтканда Кыргыз кагандыгынын өнүккөн мамлекеттик башкаруу органдары жана мыйзамдары болгондугу, өздөрүнө тиешелүү жазмасы да бар экендиги белгилүү. Ал жазуу азыр Орхон-Енисей жазмасы деген ат менен белгилүү. Ошол мезгилде кыргыз маданияты коңшу көчмөн элдердин маданиятынан кескин түрдө айырмаланган жана башка элдер өздөрүн кыргыз деп атоону эңсешкен.

Азыркы Моңголиядагы Сужин-Даван деген дөңсөөдөн табылган IX кылымга таандык таш эстеликтеги кыргыз

судьясына арналган эпитафияга көңүл бөлсөк, кыргыз мамлекетинин зор аймакты ээлерин, хандыгы, башкаруучулары, ал түгүл соттору бар экендиги тууралуу маалымат алууга болот. Кийинчерээк ал мамлекет ар кандай себептердин натыйжасында бытыранды болуп бөлүнүп, бир нече майда мамлекетке айланган. Чыңгызхан баштаган моңгол-татарлардын чабуулу астында ал мамлекеттер өз алдынчалыгын жоготушкан жана Чыңгызхандын мураскорлору түзгөн мамлекеттердин курамында болуп калышкан. Ал империя жоюлгандан кийин Кыргызстан Кокон хандыгынын курамына багындырылган. 1855–1876-жылдардын аралыгында Кыргызстанды Россия өзүнүн курамына кошуп алган.

1917-жылдагы Октябрь революциясынан кийин гана жалпы Кыргызстан өзүнчө администрациялык бирдик болуп кошулууга мүмкүнчүлүк алган. 1924-жылдын 14-октябрында Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин чечими менен РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономия облусу түзүлгөн. Ушул жыл кыргыздардын өзүнчө мамлекеттүүлүккө жетишкендигинин жылы болуп эсептелип жүрөт. 1927-жылдын 7-мартында Кыргызстанда Советтердин Биринчи уюштуруу съездинде Кыргыз Автономиялуу Социалисттик Республикасын түзүү жөнүндө Декларация кабыл алынып, анын Борбордук Аткаруу Комитети шайланган. Албетте, тарыхта бул окуянын мааниси зор. Кыргызстан республика макамын алып, мамлекеттик органдар уюштурулган, формалдуу түрдө мамлекеттин бардык атрибуттары пайда болгон. Бирок Кыргызстан өз алдынча мамлекет болуп, өз саясатын өзү жүргүзө алган эмес. Кийин, 1936-жылы Россиянын курамынан чыгарылып, Кыргыз ССРи түзүлүп, СССРдин курамындагы республика болуп уюшулганда деле өз алдынчалыкка чыга алган эмес.

Бирок, формалдуу түрдө мамлекеттүүлүктүн бардык белгилери болгон. Мамлекеттик символдор (туу, герб, гимн), жогорку мыйзам чыгаруу органы – Жогорку Совет, жогорку башкаруу жана тескөөчү органы – Министрлер Совети бар эле. Ал

кездеги мамлекеттик идеология боюнча мамлекеттик бийликтин «саясий ядросу» деп Компартия табылган. Мамлекеттеги бардык иш ошол партиянын, тагыраак айтканда, анын жетекчи органдарынын көрсөтмөлөрү аркылуу жүргүзүлгөн.

Кыргызстандын эл чарбасын башкаруу үч деңгээлде жүргүзүлгөн, биринчи – республикадагы оор өнөр жай, машина куруу, станок куруу, энергетика, кен иштетүү сыяктуу маанилүү тармактар Союзга гана баш ийип, аларды башкарууда республикалык органдардын эч кандай укуктары жок болгон. Айыл чарбасы, жеңил өнөр жай, курулуш сыяктуу тармактар союздук жана республикалык баш ийүүдө болгон, негизинен бул жакта да союздук органдардын таасири чоң эле. Республикалык баш ийүүгө жергиликтүү өнөр жай, коммуналдык чарба жана турмуш-тиричилик жактан тейлөө тармактары гана берилген.

Ал эми ички жана тышкы саясат маселелери толугу менен союздук органдардын колунда болгон.

Кыргыз ССРи башкаруу формасынын түзүлүшү боюнча төмөндөгүдөй органдардан турган. Башында, жалпы эле коом түзүлүшүнүн «саясий ядросу» катары эсептелген Кыргызстан Коммунистик партиясы туруп, андан кийинки катарда жогорку өкүлчүлүк органы Жогорку Совет жана жогорку башкаруу органы Министрлер Совети, сот адилеттигинин органы Жогорку сот, көзөмөлдөөчү орган Прокуратура болгон. Бул аталган органдарга баш ийген облустарда, райондордо түзүмдөрү болгон.

Кыргыз ССРиндеги укук жалпы Советтик укуктун ажырагыс бөлүгү болуу менен бирге, республикадагы социалисттик системаны бекемдөөчү курал болуп кызмат кылган. Социалисттик укуктун башкы өзгөчөлүгү адамдын, жарандын кызыкчылыгынан коомдун, мамлекеттин кызыкчылыгын жогору коюп, идеологиялык курал катары кызмат кылгандыгы болгон.

Мисалга, мыйзам тарабынан жекече ишкердикти жүргүзүүгө тыюу салынган, жарандардын менчигинде өндүрүш

каражатынын болушуна уруксат берилген эмес. Бир үй-бүлөдө бир үй, бир жеңил автомобиль болушуна гана жол берилген. Менчиктеги мүлккө караганда, коомдук жана мамлекеттик мүлккө каршы жасалган кылмыштар бир кыйла катуу жазаланган.

## КОШУМЧА МАТЕРИАЛ

**Сужиндеги «Кыргыздын уулу» жөнүндөгү эстелик**

1900-жылы Г. И. Рамстед тарабынан Моңголиянын түштүгүрөөк жагындагы Сужин-Даван деген дөңсөөдө табылган эстеликтин окулушу:

1) Уйгур жерине Йаглакар хан ата келдим.

2) Кыргыз уулумун. Мен Бойла, даражалуу жарганмын (судьямын).

3) Куттуу бага тархандын буйрук берүүчүсүмүн.

4) Атак-даңкым (кабарым) күн чыгышка, батышка чейин жетти.

5) Бай элем. Агылым (короом) он, жылкым сансыз эле.

6) Иним жети, уулум үч, кызым үч эле. Уулумду үйлөндүрдүм, кызымды калыңсыз бердим. Окутуучума жүз эр, турак-жай бердим.

7) Жээнимди, неберелеримди көрдүм. Эми өлдүм.

8) Уулум эр жеткенде окутуучуңдай бол, ханга кызмат кыл, кайраттан.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнө канча жыл болгон?
2. Россияга кошулганга чейин кыргыздардын мамлекети болгонбу?
3. Кыргызстан Россияга качан кошулган?
4. Кара-Кыргыз автономия облусу качан түзүлгөн?
5. Кыргыз АССРи качан түзүлгөн?
6. Кыргыз ССРи качан түзүлгөн?
7. Бул түзүлүштөрдүн айырмасы эмнеде?
8. Кыргыз ССРинин башкаруу формасы түзүлүшү боюнча кайсы органдардан турган?
9. Кыргыз ССРинин эл чарбасын башкаруунун өзгөчөлүктөрү кандай болгон?
10. Кыргыз ССРиндеги укук жөнүндө эмнени билесиң?

## § 4. Кыргыз улуттук мамлекетинин калыптанышы жана түзүлүшү

СССРде 1980-жылдардын орто ченинде кайра куруу процесси башталып, коомду демократиялаштыруу колго алына баштаган. Шайлоо жөнүндөгү мыйзам өзгөртүлүп, эл депутаттыгына талапкерди көргөзүүгө чек коюлбастан, атаандаштардын ичинен тандап депутат шайлоо мүмкүнчүлүгү киргизилген. Мурда болсо талапкерлердин тизмеси Компартиянын Борбордук Комитетинде бекитилип, бир округга бир талапкер гана көрсөтүлүп, ошол депутат болуп шайланып келген.

Атаандаш талапкерлердин ичинен тандалып шайланган депутаттар СССР эл депутаттардын съездинин 1-жыйынында эле өлкөнүн саясий режиминин пайдубалы бошоң экендигин көрсөттү. Бул процесс кийин республикаларда уланганда дагы тоталитардык саясаттын негизинде түзүлүп, жашап келе жаткан СССР мамлекетинин мындан ары мурдагы абалында жашашы мүмкүн эместигин айкындады.

Кыргызстанда дагы 1990-жылы Жогорку Советке депутаттарды шайлоо атаандаштык жол менен өтүп, депутат болуп чынында эле эл тандаган талапкерлер шайланышкан. Алар ишинин башталышында эле кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо боюнча мыйзамдарды кабыл ала баштакан. Атап айтканда, Кыргызстанда Президенттин постун белгилөө боюнча 1990-жылдын 19-октябрында мыйзам кабыл алынган, бул кадам мамлекеттин турмушунда Компартиянын башкы ролду ойноосун жокко чыгарган. Ошондой эле Кыргыз ССРин Кыргыз Республикасы деп атап, анын аталышынан «Советтик Социалисттик» деген сөздөрдү алып таштаган чечимди да кошууга болот.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети 1990-жылдын 15-декабрында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндөгү декларация кабыл алган. Ал Декларация боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдары СССРдин мыйзамдарына караганда артыкчылыкка ээ экен-

диги белгиленип, СССРдин башкаруу органдары келишим түрүндө аныкталган маселелер боюнча гана бийлик жүргүзө ала тургандыгы, бийликти үч бутакка – мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтерине бөлүнүшүн тастыктап, келечекте биздин мамлекетибиздин түзүлүшүнүн кандай болоруна багыт берген.

Бул ченемдик документ биздин республикабыздын көз карандысыздыкка жетүүсүнө, өз алдынча мамлекеттүүлүктү курууга карата жасалган алгачкы кадамы экендиги менен тарыхый мааниге ээ.

Аталган Декларация кабыл алынгандан кийин республиканын көз каранды эместигин бекемдөөгө багытталган мыйзам актылары кабыл алына баштаган.

1991-жылдын 31-августунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгы жөнүндө Декларацияны кабыл алган. Бул акт боюнча Кыргыз Республикасынын СССРдин курамынан чыккандыгын жана өз алдынча, эч кандай башка мамлекетке көз каранды эмес мамлекет болгондугун жарыялаган. Биздин мамлекетибиздин эгемендүүлүгүн башка өлкөлөр тааный баштаган. Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн дүйнөнүн жүздөн ашуун мамлекети тааныды. Кыргыз Республикасы Бириккен Улуттар Уюмунун мүчөсү. Демократиялык мамлекет катары дүйнөлүк коомчулукта абройго ээ.

## КОШУМЧА МАТЕРИАЛ

### Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө

**Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин 1991-жылдын 31-августундагы токтому менен кабыл алынган**

Кыргызстан Республикасынын Жогорку Совети 1990-жылдын 15-декабрында кабыл алган «Кыргызстан Республикасынын мамлекет-

тик суверенитети тууралуу» декларацияга ылайык жана Кыргызстан Республикасынын Конституциясын (Негизги законун) эске алып:

1. Кыргызстан Республикасын көз карандысыз, суверендүү демократиялык мамлекет деп жарыялайт.

2. Кыргызстан Республикасынын аймагы бүтүн жана бөлүнгүс, анда Кыргызстан Республикасынын Конституциясы аракетте болот.

3. Кыргызстан Республикасы эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин колдорун баса көрсөтөт, элдердин ортосундагы достук жана кызматташуу принциптерин жетекчиликке алат, эл аралык, улуттар аралык мамилелерде конфронтацияга жол бербестен, өзү кабыл алган милдеттенмелерди кыйшаюусуз сактайт жана суверендүү мамлекеттердин жаңы союздук келишимин тең негизде түзүлүшүн жактайт.

4. Союздук республикалардын жана дүйнө өлкөлөрүнүн парламенттерин Кыргызстан Республикасынын көз карандысыздыгын таанууга чакырат.

5. Кыргызстан Республикасынын Президентине жана Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин Президиумуна Кыргызстан Республикасынын экономикалык жана саясий көз карандысыздыгын камсыз кыла турган чараларды (анын ичинде келишимдердин долбоорлорун) квалификациялуу жана оперативдүү даярдоо үчүн эл депутаттарынын, окумуштуу адистердин ичинен комиссия түзүү тапшырылсын.

Кыргызстан Республикасынын Жогорку Совети Кыргызстан Республикасынын элин биздин мамлекетти чыныгы суверендүү жана укуктук мамлекетке айландыруу үчүн ушул Декларациянын негизинде биригүүгө чакырат.


## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Кайра куруу процессинде коомдо кандай өзгөрүүлөр боло баштаган?
2. СССРдин шайлоо системасында кандай өзгөрүүлөр жүргөн?
3. «Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик суверенитети тууралуу декларация» качан кабыл алынган жана эмнелерди аныктаган?
4. «Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгы жөнүндөгү декларация качан кабыл алынган жана анда эмнелер аныкталган?

*II глава*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ

## § 5. Кыргыз Республикасынын Конституциясы




Кыргыз Республикасынын Конституциясы.

**Конституция** – мамлекеттин негизги мыйзамы болуп эсептелет. «Конституция» деген сөз латынча «constitutio» (орнотуу, түзүлүш) деген сөздөн келип чыккан. Конституция негизги мыйзам катары адамдын укуктарын жана эркиндиктерин, жарандардын укуктарын жана милдеттерин, мамлекеттин түзүлүш формасын, мамлекеттик органдардын тутумун белгилеп, аларды түзүү жана иштөө тартибин аныктайт.

Конституция биз азыркы мезгилде түшүнүп жаткан түрүндө байыркы жана орто кылымдарда белгилүү болгон эмес. Биринчи конституциялар мыйзам катары демократиялык түзүлүшкө буржуазиялык революция аркылуу умтулушкан мамлекеттерде пайда боло баштаган.

Дүйнөдөгү биринчи конституция болуп 1787-жылы кабыл алынган АКШнын Конституциясы эсептелет. Ал Американын Англиядан бөлүнүп, өз алдынча мамлекет болушунун натыйжасында кабыл алынган.

Европада болсо, биринчи конституция 1791-жылы Францияда Улуу Француз революциясынын жеңишинен кийин кабыл алынган.

Россияда Октябрь революциясына чейин Конституция болгон эмес. Революциядан кийин РСФСРдин, СССРдин, андан соң союздук республикалардын конституциялары кабыл алынган. Бирок бул конституциялар марксисттик-лениндик теориянын негизинде жаралып, укуктук эмес, идеологиялык документ болуп саналган да, бардык мамлекеттик органдардын үстүнөн жетекчилик жүргүзүүнү Компартияга ыйгарган.

Эгемендүү Кыргыз мамлекети түзүлгөндөн кийин эң башкы маселелердин бири болуп Кыргыз Республикасынын Конституциясын иштеп чыгуу жана кабыл алуу үчүн комиссия түзүлүп, иштелип чыккан долбоор Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан чоң талкуудан өтүп, Кыргыз Республикасынын Конституциясы 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган. Бул күн кыргыз эли үчүн майрам күн болуп калды.

Андан бери Кыргыз Республикасынын Конституциясы бир нече жолу өзгөртүүлөргө туш болду. Ал өзгөртүүлөр референдум аркылуу жүргүзүлүп, бийлик башында турган Президенттин жеке бийлигин чыңдоого багытталып, өлкөдө тоталитардык мүнөздөгү коррупциялык режимдин орношуна алып келди. Жыйынтыгында, эл көтөрүлүп, алгач Акаев режими, кийин Бакиев режими, тилекке каршы, кан төгүлүү менен кулады. Убактылуу өкмөттүн Декрети менен Конституциянын долбоорун иштеп чыгуу үчүн Конституциялык кеңешме түзүлүп, анан алар иштеп чыккан Конституциянын жаңы редакциясы жалпы элдик талкууга коюлду. Андан соң, бүткүл элдик добуш берүү аркылуу 2010-жылдын 27-июнунда Кыргыз Республикасынын Конституциясы кабыл алынды.

Бул жаңы Конституциянын негизги өзгөчөлүгү Кыргыз мамлекетинин президенттик республикадан парламенттик республикага өтүшүндө.

Баш мыйзам катары Конституция өзүнө негизги, туруктуу жана принципиалдуу жоболорду камтыгандыгы менен башка мыйзамдардан айырмаланат. Ошондуктан, маанилүү болсо да бир катар эрежелер баш мыйзамдын алкагына сыйбагандыктан, Конституцияга кирбейт. Конституцияда берилген жоболордун негизинде, аны өнүктүрүү үчүн башка мыйзамдар иштелип чыгат жана ага ылайык келип, карама-каршы болбоого тийиш. Конституциянын өзүндөгү жоболор түздөн-түз колдонулат, ага карама-каршы келген башка ченемдик актылар колдонулбоого тийиш.

Жыйынтыктаганда, **Конституция – бул мамлекеттин түзүлүшүн, адамдардын, жарандардын негизги укуктарын жана эркиндиктерин бекиткен жана жогорку юридикалык күчкө ээ болгон укуктук документ болуп эсептелет.**

Кыргыз Республикасынын Конституциясы тогуз бөлүмдөн жана 114 беренеден турат.

***Биринчи бөлүмдө*** республиканын конституциялык түзүлүшүнүн негиздери, коомдук, саясий жана экономикалык тутумунун жалпы принциптери чагылдырылган.

***Экинчи бөлүмдө*** адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери, Кыргыз Республикасындагы жарандык тууралуу түшүнүк берилип, адам укуктары менен эркиндиги, жарандын укуктары менен милдеттери жөнүндөгү жоболор камтылган.

***Үчүнчү бөлүмдө*** республиканын Президенти тууралуу жоболор бекитилип, Президенттикке талапкерге коюла турган талаптар, Президентти шайлоонун тартиби жана Президенттин ыйгарым укуктары иштелип чыккан.

***Төртүнчү бөлүм*** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине арналган. Бул бөлүмдө Жогорку Кеңештин бийлик укуктары аныкталган. Ошондой эле парламенттин иштөө принциптери жана андагы депутаттардын саны белгиленген. Мындан тышкары бул бөлүмдө мыйзам чыгаруу ишинин тартиби аныкталган.

***Бешинчи бөлүмдө*** аткаруу бийлигине кайсы органдардын кире тургандыгы, алардын түзүлүшү, жетекчилеринин дайындалыш тартиби жана бийлик-укуктары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар тууралуу жоболор берилген.

***Алтынчы бөлүм*** сот бийлигине арналган, анда Кыргыз Республикасынын сот тутуму, судьялардын шайлануу жана дайындалуу тартиби, соттордун жогорку органдарынын бийлик укуктары көрсөтүлгөн.

***Жетинчи бөлүмдө*** Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлигинин борбордук органдары болуп эсептелген Прокуратура, Улуттук банк, Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссия, Эсептөө палатасы, Акыйкатчы (Омбудсмен) тууралуу жоболор берилген.

***Сегизинчи бөлүм*** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тууралуу жоболорду камтыйт.

Конституциянын туруктуулугун сактоо максатында, ага толуктоо жана өзгөртүү киргизүү тартиби иштелип чыккан. Конституция мамлекеттин башкы мыйзамы болуп эсептелгендиктен жана башка мыйзамдар ага негизделип иштелип чыгып, кабыл алынгандыктан, анын туруктуулугу өзгөчө мааниге ээ. Ошондуктан, Конституциянын ***тогузунчу бөлүмүнө*** ылайык Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам Жогорку Кеңеш тарабынан дайындалган референдум менен кабыл алынышы мүмкүн. Ошондой эле, Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү мыйзам Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн сунушу боюнча, же болбосо 300 миңден кем эмес шайлоочулардын демилгеси боюнча Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынышы мүмкүн.

Бул чектөөлөрдүн бардыгы Конституцияны каалаган мезгилде эле өзгөртө бербестен, терең ойлонуу, ар тараптан талдоо менен өтө керек учурда гана өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн жасалган.

## КОШУМЧА МАТЕРИАЛ

### Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясын кабыл алуу боюнча референдум (бүткүл элдик добуш берүү) жөнүндө Кыргыз Республикасынын Убактылуу өкмөтүнүн декрети 19-май, 2010-жыл, № 40 (Үзүндү)

2010-жылдын 7-апрелинде элдик революция өз элине каршы болгон президенттин режимин кулатты. Өлкөдө нукура демократиялык тартипти орнотуу үчүн сейрек кездешүүчү мүмкүнчүлүк пайда болду.

Өлкөдө коомдук-саясий жана экономикалык кырдаалды турукташтыруу жана демократияны андан ары өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө мүмкүнчүлүк берген жаңы Конституцияны кабыл алуу зарылдыгы келип чыкты.

Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү салтка айланган мамлекеттик өзүмчүл бийликтин кайра жаралбашына жаңы Конституция мүмкүнчүлүк түзөрүнө терең ишенет.

Мамлекеттик бийликтин бирден бир булагы жана эгемендүүлүктү алып жүрүүчү болуп саналган Кыргызстандын элинин эркин билдирүү максатында 2010-жылдын 7-апрелиндеги № 1 Декретин жетекчиликке алуу менен Кыргыз Республикасынын Убактылуу өкмөтү ушул Декретти кабыл алат:

1. 2010-жылдын 27-июнуна жекшембиге Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында референдум (бүткүл элдик добуш берүү) дайындалсын.

2. Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан кабыл алуу үчүн референдумга Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору жана «Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы киргизилсин.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Конституция жөнүндө эмнени билесиң?
2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы качан кабыл алынган?
3. Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясын кабыл алууну кандай себептер шарттаган?

4. Конституциянын башка мыйзамдардан айырмасы эмнеде?
5. Конституция канча бөлүмдөн турат жана аларды атап бер?
6. Конституцияны өзгөртүүнүн тартиби кандай?

## § 6. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик түзүлүшүнүн жалпы принциптери

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесине ылайык Кыргыз Республикасы – эгемендүү, демократиялык, мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган, укуктук, унитардык, социалдык мамлекет болуп эсептелет. Республикабыздын негизинин бул башкы аныктамасын кандай деп түшүнүү керек.

**1. Кыргыз Республикасы – эгемендүү республика.** 1991-жылдын 31-августунда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгы жөнүндөгү декларацияга» ылайык, Кыргыз Республикасы – эч кимге көз каранды эмес,




Ала-Тоо аянты.

эгемендүү мамлекет. Бул жобо, жогоруда көрүнгөндөй, Конституцияда өз ордун тапкан. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесине ылайык Кыргызстандын эли эгемендиктин ээси жана Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийликтин бирден-бир булагы болуп саналат.

**2. Кыргыз Республикасы – демократиялык республика.** Мамлекетибиздин демократиялуу республика экендиги Конституцияда иштелип чыккан ченемдер менен бекемделген. Республиканын эли өлкөнүн эгемендүүлүгүнүн ээси жана мамлекеттик бийликтин бирден-бир булагы деп табылганын жогоруда белгилегенбиз. Анткени, эл бийликти түздөн-түз же өзү шайлаган өкүлдөрү аркылуу жүргүзөт. Түздөн-түз жүргүзгөн бийлиги референдум аркылуу ишке ашат. Мамлекеттин башчысы – Президент, ошондой эле Жогорку Кеңеш жалпы эл тарабынан, жашыруун жана тикелей добуш берүү аркылуу шайланышат.

Кыргыз Республикасынын демократиялык экендигин көрсөткөн белгинин бири – бул бийликтерди бөлүү принциптерине негизделген мамлекет экендиги. Бул принцип Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 3-беренесинде бекитилген. Мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтери – бул өз алдынча үч бийлик, андан тышкары бул бийликтерге кирбеген Прокуратура, Улуттук банк, Борбордук шайлоо комиссиясы, Эсептөө палатасы, Акыйкатчы сыяктуу борбордук башка органдар дагы бар. Ар бир бийлик өзүнө тиешелүү компетенцияга ээ жана бири-биринин ишине кийлигишпөөлөрү тийиш. Бийликти мындай бөлүштүрүүнүн максаты кайсы бир органдын бүт бийликти ээлеп алуусуна жол бербөө, бийликтер бири-бирин көзөмөлдөп, теӊ салмактуулук абалды сактап туруусун жана бийлик өкүлдөрүнүн профессионалдуулугун жогорулатуу болуп саналат.

**3. Кыргыз Республикасы – мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган өлкө.** Дүйнөдө мамлекеттик идеологиясы динге негизделген өлкөлөр бар, атап айтканда – Иран Ислам Республикасы, ошондой эле Ватикан мамлекети. Аларда коом-

дук жана мамлекеттик турмуш шариятка, динге негизделип, андан тышкары ой-пикирлерди айтууга жана башкача жашоого тыюу салынган. Мазмуну боюнча андай мамлекеттердеги режимди тоталитардык режим деп атасак да жаңылышпайбыз.

Биздин мамлекет коммунистик идеологияны туу кылган тоталитардык режимдүү мамлекеттин алкагынан чыгып, эркин өлкөнү курууну максат кылып койгондуктан, мындан ары динге негизделген режимди курууга жол бербөө үчүн, Конституциябызда бул жобо атайын белгиленген. Аталган жобону бекемдөө үчүн Конституциянын 7-беренесинде Кыргыз Республикасында эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү болуп таанылышы мүмкүн эместиги жана дин жана бардык диний жөрөлгөлөр мамлекеттен ажыратылгандыгы айтылган, диний негиздеги саясий партияларды түзүүгө жол берилбестиги, диний уюмдардын саясий максаттарды жана милдеттерди көздөшүнө, диний уюмдардын жана дин кызматындагылардын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө жол берилбей тургандыгы бекемделген.

Ошону менен бирге адамдарга туткан динине, диний ишенимине карап ыдык көрсөтүүгө, укугунун жана эркиндигинин кысымга алынышына тыюу салынып, каалаган динди тутууга эркиндик берилген.

**4. Кыргыз Республикасы – укуктук мамлекет.** Конституцияда бул жобо так кесе орун алган факт катары айтылса да, азырынча биз мындай мамлекетти куруунун үстүндө гана иштөөдөбүз. Укуктук мамлекетти, коомду башкарууда укукту пайдаланган мамлекет деп гана түшүнбөө керек. Бардык эле мамлекеттерде мыйзамдар бар, укукту колдонушат, бирок биз анча көп эмес мамлекеттерди гана укуктук деп айта алабыз. Укуктук мамлекет болуп өнөр жайы өнүккөн мамлекеттердин кээ бирлери атала алышат (Мисалы: АКШ, Германия, Англия, Франция ж. б.).

Азыркы таптагы жүргүзүлүп жаткан укуктук реформалар Кыргызстанда демократиянын укуктук негиздерин, эркин

экономиканы түзүүгө жана түпкүлүгүндө укуктук мамлекетти түзүүгө багытталып жатат. Укуктук мамлекеттин башкы өзгөчөлүктөрү болуп, биринчиден, адамдардын жалпыга таанымал укуктарын жана эркиндиктерин мыйзам аркылуу бекемдөө, экинчиден мамлекетти башкарууда жарандардын түздөн-түз жана өздөрү шайлаган өкүлдөрү аркылуу катышуусун камсыз кылуу, үчүнчүдөн, мамлекеттин жана коомдун турмушунда мыйзамга артыкчылык берүү, төртүнчүдөн, коомдук мамилелерди жөнгө салуу жагдайында соттордун ролун жогорулатуу болуп саналат.

**5. Кыргыз Республикасы – унитардык республика.** Кыргыз Республикасы унитардык, б. а. биримдиктүү мамлекет болуп саналат, курамында өзүнчө автономияга ээ болгон түзүлүш жок. Республика административдик-аймактык бирдиктерге гана бөлүнөт, атап айтканда, Кыргыз Республикасы азыркы тапта жети облустан жана борбор шаарыбыз Бишкектен турат, өз кезегинде облустар райондорго жана райондор айылдарга бөлүнөт. Мындан тышкары, республикага баш ийген шаарлар, облустарга жана райондорго баш ийген шаарлар бар. Бул административдик-аймактык бирдиктер өзүнчө кандайдыр бир эгемендүүлүккө ээ эмес. Бирок, мыйзамдын чегинде, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу өзүлөрү үчүн маанилүү маселелерди чече ала тургандыгы менен СССР мезгилиндеги облустардан, шаарлардан, айылдардан кескин түрдө айырмаланат. Азыр бул жергиликтүү бирдиктерде бийлик экиге бөлүнгөн: жергиликтүү мамлекеттик администрация – бул мамлекеттик маанидеги маселелерди жер-жерлерде тейлейт, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары болсо жер-жерлерде мамлекетке көз каранды болбостон, бюджетин өз алдынча түзүп, экономикалык өнүгүүнү алып баруу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Мурда айылдын, райондун, облустун өзүнчө бюджети болгон эмес, бардыгы мамлекеттик бюджет деп аталып, каражаттар жогорку жактан бөлүнүп турган.

**6. Кыргыз Республикасы – социалдык мамлекет.** Ар бир кыргыз жараны улгайганда, ооруп калганда жана эмгекке жарамдуулугун жоготкондо, багар-көрөрүнөн ажыраганда мыйзамда каралган тартипте жана учурларда социалдык жактан камсыз кылынууга алынат. Жалпы негизги билим – милдеттүү жана акысыз, ошондой эле, алгачкы медициналык жардам жана мыйзамда аныкталган оорулардын айрым түрлөрү боюнча, калктын социалдык жактан аялуу катмарларына медициналык жардам акысыз көрсөтүлөт. Бирок, мамлекеттин социалдык багыттагы иштери жарандын экономикалык эркиндиги менен жигерин, өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн экономикалык жыргалчылыгына өзү жетишүү мүмкүнчүлүгүн мамлекеттин камкордугу менен алмаштырылышына алып келбөөгө тийиш.

## КОШУМЧА МАТЕРИАЛ
### Кыргыз Республикасынын Конституциясы (Үзүндү)

**7-берене**

1. Кыргыз Республикасында эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышы мүмкүн эмес.

2. Дин жана бардык ырасымдар мамлекеттен ажыратылган.

3. Диний бирикмелердин жана дин кызматчыларынын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Кыргыз мамлекетинин эгемендүүлүгүн кандай түшүнөсүң?
2. Кыргыз Республикасынын унитардык (биримдиктүү) республика экендигинин белгилери кандай?
3. Кыргыз мамлекети демократиялык мамлекет экендигин кайсы шарттар ырастайт?
4. Укуктук мамлекет деген эмне?
5. Кыргыз мамлекетинин динге болгон көз карашы кандай?
6. Социалдык мамлекетти кандай түшүнөсүң?

## § 7. Кыргыз Республикасында адам укуктары жана эркиндиктери

Дүйнөлүк экинчи согуш аяктагандан кийин дүйнө элдери Бириккен Улуттар Уюмун (БУУ) түзүшкөн, анын башкы максаты – эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту коргоо жана чыңдоо, мамлекеттер ортосундагы кызматташууну өнүктүрүү болуп эсептелет. Бир нече өлкөлөрдө эле адам укуктары одоно түрдө бузулса, бүткүл дүйнө кандуу согушка тартылып калышы мүмкүн экендигин фашизмдин мисалы ачык-айкын көрсөттү. Ал эми жер жүзүндөгү тынчтык кырдаал айрым өлкөлөрдө адам укуктарын чыңдоого кыйла көмөк көрсөтөт.

1948-жылдын 10-декабрында БУУнун Генералдык Ассамблеясы Адам укуктарынын жалпы декларациясын кабыл алган. Бул документте дүйнөдө биринчи жолу адамдын негизги укуктары менен эркиндиктери жарыяланып, алар бүткүл дүйнөдөгү улуттук юридикалык документтер үчүн үлгү катары бааланган.

Кыргыз Республикасы өз алдынча мамлекет болуп, БУУга мүчө болуп кабыл алынгандан кийин, БУУда кабыл алынган документтерди колдой тургандыгын билдирип, алардын негизги жоболорун Конституциябызда жана башка мыйзам актыларында чагылдырып келе жатабыз.

Мындай иштин бири – Кыргыз Республикасынын Конституциясына «Адамдын, жарандын укуктары жана эркиндиктери» деген бөлүм киргизилип, адамдын укуктарынын мыйзам түрүндө бекемделиши болуп эсептелет.

Адам укугунун жана эркиндигинин негизги жоболору Кыргыз Республикасынын Конституциясынын **16–50**-беренелеринде берилген жана бул жоболор башка мыйзамдарда кеңейтилип, аткарылышы камсыз кылынат. Конституцияда адамдын кадыр-баркы ыйык жана кол тийгис деп жарыяланган. Ар бир адамдын негизги укугу жана эркиндиги өзү төрөлгөндө эле кошо жаралып, мыйзам тарабынан, сот ар-

кылуу корголо тургандыгы белгиленген. Кыргыз Республикасында бардык адамдар мыйзам жана сот алдында алардын тегине, улутуна, жынысына, расасына, тилине, туткан динине, саясий жана диний ишенимдерине карабастан, бирдей коргоого алына тургандыгы жана ар бир адамдын эң жөнөкөй укуктары: жашоого, денесине жана ар-намысына эч кимдин тийбестигине, жеке эркиндигине жана коопсуздугуна, керт башынын эркин өсүүсүнө, сөз эркиндигине, Кыргызстандын каалаган жеринде жашоого, же тышкары жерге эркин чыгып кетүүгө, топторго биригүүгө, турак жайынын кол тийгистигине, кат алышуу, башка жолдор менен кабарлашуусунун жашырындуулугуна, менчик күтүүгө жана аны каалагандай пайдаланууга, ишкердик кылууга, эмгектенүүгө, каалаган кесибин тандап алууга болгон укуктуулугу көрсөтүлгөн.

Бул укуктар жөн гана жазылып калбастан, Конституция жана ага ылайык кабыл алына турган мыйзамдар аркылуу алардын аткарылышы камсыз кылынат. Конституциянын 17-беренесинде түздөн-түз ушул айтылган укуктар менен эркиндиктерди жокко чыгаруу же алардын маанисин кемсинтүүчү мыйзамдар чыгарылууга, конституциялык укук жана эркиндик бузулууга тийиш эмес экендиги көрсөтүлгөн.

Адамдын дене-боюнун, ар-намысынын кол тийгистигин чектөөгө – жасалган кылмыш үчүн мыйзам негизинде жана жаза түрүндө соттун өкүмү боюнча гана жол берилет. Мисалы, адам жасаган оор кылмышы үчүн өмүр бою же ар кандай мөөнөткө эркинен ажыратылууга кириптер кылынышы мүмкүн. Бирок, кандай гана кырдаал болбосун, бир да киши кыйноого же адамгерчиликке сыйбаган мазактоочу жазага дуушар кылынышы мүмкүн эмес. Ошондой эле, адамдын өзүнүн тиешелүү түрдө ырасталган макулдугу болмоюнча аны медициналык, биологиялык, психологиялык тажрыйба сынагына салууга тыюу салынган.

Биздин мурунку мамлекетибиздин тарыхында адам укуктарынын кандай тепселгенин билебиз. XX кылымдын 1930-

жылдарындагы репрессиялар, соттун өкүмү жок туруп эле адамдарды эл душманы деп жарыялап, атып, анан аларды жашыруун көмүп койгон фактылар «Ата-Бейит» көрүстөнүнө коюлган инсандардын сөөктөрү табылганда белгилүү болбодубу. Мындан ары буга окшогон иштер жасалбас үчүн Конституция тийиштүү кепилдик бере алат. Алсак, мыйзамга негизделбей эч ким камакка алынып, кармалууга тийиш эмес. Соттун өкүмү чыгарылганга чейин кылмыш үчүн жоопкерчиликти адамга таңуулоого багытталган ар кандай аракеттерге жол берилбейт жана мындай аракеттер жабыр тарткан адамга келтирилген материалдык жана моралдык зыяндын ордун сот аркылуу толтуруп алуусуна негиз болуп саналат. Кыргыз Республикасында өлүм жазасы алынып ташталган. Биздин мурдагы мыйзамдар боюнча экономикалык кылмыш жасаган адамдар да өлүм жазасына тартылышы мүмкүн болчу.

Биз жашап келген социалисттик коомдо адамдардын менчик укугу катуу кысымга алынганы маалым. Адамдардын менчигинде өндүрүш каражаттары, бирден ашык үй, машина алуусуна тыюу салынган. Ал эмес, үйдүн ички аянты да 60 $м^2$ ден ашууга тийиш эмес эле. Ушу сыяктуу чаралар адамдардын алдыга умтулуусун, кызыгуусун чектеп, коом тиешелүү түрдө өнүкпөй, мамлекеттин өнүгүшүнүн дымып, токтоп калышына алып келген. Ошондуктан Конституциянын **30–42**-беренелеринде ар бир адамга өз мүлкүнө, өз ишмердигинин натыйжаларына жана тескөө укугуна ээ болууга жана мыйзамда тыюу салынбаган экономикалык ишмердүүлүгүн жүргүзүп алууга жол берилген.

**Менчик** – кол тийгис деп жарыяланган. Өз менчигинен себепсиз эч ким ажыратылууга тийиш эмес. Менчик ээсинин ыктыярысыз аны мүлкүнөн ажыратууга соттун чечими менен гана жол берилери аныкталган. Ошондой эле менчикти мурастоо укугу мыйзам аркылуу сакталууга жана корголууга жатары белгиленген.

Негизинен, биз жогоруда айтып кеткен укуктар жана эркиндиктер Кыргыз Республикасында жашаган жана убактылуу жашаган жалпы адамдарга тиешелүү.

Конституцияда Кыргыз Республикасынын жарандарына тиешелүү укуктар жана милдеттер кеңейтилип берилген, аны кийинчерээк окуп, үйрөнөбүз.

## КОШУМЧА МАТЕРИАЛ
### Кыргыз Республикасынын Конституциясы
### (Үзүндү)

**45-берене**

1. Ар ким билим алууга укуктуу.
2. Негизги жалпы билим алуу милдеттүү. Ар ким мамлекеттик билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билимди акысыз алууга укуктуу.
3. Мамлекет мектепке чейинки билим берүүдөн баштап негизги жалпы билим берүү мекемелерине чейин ар бир жарандын мамлекеттик, расмий жана бир эл аралык тилди окутуп-үйрөнүүсү үчүн шарт түзөт.
4. Мамлекет мамлекеттик, муниципалдык жана менчик окуу жайларын өнүктүрүү үчүн шарт түзөт.
5. Мамлекет дене тарбия жана спортту өнүктүрүү үчүн шарт түзөт.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Адамдын укуктарынын жалпы декларациясы качан кабыл алынган жана анын мааниси эмнеде?
2. Адамдын укуктары жана эркиндиктери кайсы мыйзам актыларында каралган?
3. Адамдын негизги укуктары качан пайда болот?
4. Кыргыз Республикасында адамдын укуктары бардык адамдар үчүн бирдейби?
5. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык адамдын кандай укуктары бар?

6. Кыргыз Республикасында адамдын укуктарын жана эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдарды чыгарууга болобу?
7. Адамдын денесине, ар-намысына эч кимдин тийбестигине карата жасалган чектөөлөргө кайсы убакта жол берилиши мүмкүн?
8. Адам кайсы учурда камалышы мүмкүн?
9. Менчик укугунун мурунку абалы жана азыркы абалы жөнүндө эмнени билесиң?

## § 8. Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик. Бийликти бөлүүнүн принциптери

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесинин 3–4-пункттарында Кыргыз Республикасынын эли – эгемендиктин ээси жана Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийликтин бирден-бир туткасы, эл өз бийлигин түздөн-түз, ошондой эле мамлекеттик органдар аркылуу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын негизинде жүргүзөт деп көрсөтүлгөн. Элдин мамлекеттик бийликти түздөн-түз жүргүзүшүнүн үч негизги формасы бар:

**1.** Жалпы эл тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин шайланышы.

**2.** Жалпы эл тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин шайланышы.

**3.** Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жана мамлекеттик турмуштун башка маанилүү маселелери референдумга (жалпы элдик добуш берүүгө) коюлуп, чечилүү мүмкүндүгү.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик төмөнкү принциптерге негизделип жүргүзүлөт:

**1. Бүткүл эл тарабынан шайланган Жогорку Кеңеш жана Президент өкүл болгон жана камсыз кылган элдик бийлик-**

**тин үстөмдүгүнө.** Конституциянын талабына ылайык мамлекеттик бийликтин бирден бир туткасы эл болуп эсептелет. Өзүнүн ушул эң башкы укугун ишке ашыруу үчүн жалпы эл Парламентти жана мамлекет башчысы – Президентти түздөнтүз шайлашат. Биздин өлкөбүз парламенттик республика болгондугуна байланыштуу жогорку бийлик Парламент тарабынан жүзөгө ашырылат. Парламент өкмөттү түзөт, алардын ишине көзөмөлдүк кылат.

Президент Кыргыз Республикасынын мамлекет башчысы болуп саналат, элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдигин көрсөтүп турат. Өз бийлигинин негизинде башка мамлекеттик бийлик бутактарына Конституцияда жана башка мыйзамдарда аныкталган өлчөмдө таасир этет.

**2. Мамлекеттик бийлик мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бутактарына бөлүнөт жана алар макулдашып иш аткаруулары, биргелешип аракеттенүүлөрү тийиш.** Мыйзам чыгаруу бийлигинин өкүлү болуп Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши эсептелет. Жогорку Кеңештин негизги милдеттери – Өкмөттүн курамын түзүүдөн тышкары, мыйзам чыгаруу, бюджетти кароо жана бекитүү, Конституция тарабынан берилген башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу.

Аткаруу бийлигине Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана ага баш ийген министрликтер, мамлекеттик комитеттер, администрациялык ведомстволор, ошондой эле жергиликтүү мамлекеттик администрациялар кирет. Бул бийликтин негизги милдети – кабыл алынган мыйзам актыларынын негизинде республиканын өнөр жайын, айыл чарбасын, социалдык жана маданий турмушун жана башка көптөгөн тармактарды башкаруу.

Сот бийлигинин өкүлдөрү – Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор. Соттордун башкы милдеттери сот адилеттигин ишке ашыруу, Конституцияны жана мыйзамдарды коргоо, мамлекеттик уюмдардын, жарандардын ишкана, мекемелердин ортосундагы ар кан-

дай талаш маселелерди мыйзам чегинде чечүү болуп саналат.

**3. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эл алдында жоопкерчилиги жана алардын өз бийлик укуктарын элдин таламы үчүн жүзөгө ашырышы.** Кыргыз Республикасынын бардык мамлекеттик органдары – жогорку бийлик органдарынан тартып, жергиликтүү органдарга чейин эл алдында жоопкерчиликтүү. Бул органдарды түзүүнүн башкы максаты элдин турмушун жакшыртуу, бейпилдигин коргоо болуп эсептелет. Ошондуктан, ар бир мамлекеттик органдын өзүнө тиешелүү милдети болот жана ал милдетти элдин кызыкчылыгы үчүн аткарууга тийиш. Мамлекетти чыңдоо, анын көз карандысыздыгын коргоо сыяктуу иштер негизинен жалпы элибиздин кызыкчылыгын сактоо максатында жүргүзүлөт. Демократиялык коомдо мамлекеттин, мамлекеттик органдардын кызыкчылыгын жалпы элдин кызыкчылыгынан бөлүп кароого болбойт.

**4. Мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш милдеттери менен ыйгарым укуктарын так ажыратуу.** Тоталитардык мамлекеттин бирден-бир башкы белгиси – бийликтин ашкере борборлоштурулушу болуп эсептелет. Башкача айтканда, мамлекеттик бийлик бир гана борбордон жүргүзүлүп, жер жердеги жашаган элдер өз алдынча эч нерсе жасай албай, буйрукту борбордон гана күтүп калат. Биздин Конституциябыздын негизинде бийлик мамлекеттик жана жергиликтүү болуп бөлүнүп, алардын милдеттеринин так бөлүштүрүлүшү талап кылынат. Бул болсо биздин коомдогу демократиянын чоң жеңиши деп айтсак жаңылышпайбыз. Өлкөбүздө демократиялаштыруу процесси башталганда эле, 1991-жылдын 19-апрелинде «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндөгү» мыйзам кабыл алынган.

Ал мыйзамга ылайык жергиликтүү администрациялар кандай бийлик укуктарын борбордон көз карандысыз түрдө ишке ашыра тургандыгы ажыратып берилген. Жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү белгиленген, натыйжада, район, облус өзүлөрү иштеп тапкан каражаттарын өзүлөрүнүн кереги үчүн жумшоого мүмкүндүк алышкан. Азыркы мезгилде бийликтин көпчүлүгүн жер-жерлерде жүргүзүү мүмкүндүгүн кеңейтүү процесси жүрүп жатат.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик органдардан тышкары ар кандай коомдук бирикмелерди, саясий партияларды жана диний уюмдарды түзүүгө жол берилген. Мамлекет булардын укугун жана мыйзамдуу таламдарын сактоону камсыз кылат. Ошол эле мезгилде коомдук бирикмелер мамлекеттик органдардын укуктук милдеттерин өзүлөрүнө ыйгарып ала алышпайт.

Саясий партиялар Жогорку Кеңешке, мамлекеттик кызматтарга өзүнүн адамдарын шайлоо үчүн талапкер катары көрсөтө алышат, ошондой эле парламентте же жергиликтүү кеңештерде өзүлөрүнүн шайланган мүчөлөрүнөн фракция түзүп иштей алышат. Аларга мындан башка формада мамлекеттин ишине кийлигишүүгө тыюу салынган. Ошондой эле мамлекеттик кандайдыр бир мекеменин партиялык уюм менен биригип кетишине, мамлекет ишинин кандайдыр бир партиянын чечимине баш ийип кетүүсүнө жол берилбейт. Мамлекеттик кызматта иштегендер өзүлөрүнүн партиялык ишин кызмат ишине байланыштырбашы керек. Кээ бир категориядагы кызматкерлерге партияга мүчө болууга түздөн-түз тыюу салынган, алардын катарына аскер, ички иштер, улуттук коопсуздук, юстиция, прокуратура жана сот органдарынын кызматкерлери кирет.

Кыргыз Республикасында дин жана диний жөрөлгөлөр мамлекеттен ажыратылган. Диний негизде саясий партия уюштурууга, уюшулган диний уюмдардын саясий максаттарды көздөөсүнө жана диний уюмдардын, алардын кызматкерлеринин мамлекеттин ишине кийлигишүүсүнө жол берил-

бейт. Ошону менен бирге эле жарандарга алар каалаган диний уюмду түзүүгө, каалаган динин тутууга жол берилген.

## КОШУМЧА МАТЕРИАЛ
### Кыргыз Республикасынын Конституциясы (Үзүндү)

**3-берене**

Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик:

1) бүткүл эл тарабынан шайланган Жогорку Кеңеш жана Президент өкүл болгон жана камсыз кылган элдик бийликтин үстөмдүгүнүн;

2) мамлекеттик бийликти бөлүштүрүүнүн;

3) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эл алдындагы жоопкерчилигинин жана ачыктыгынын, өз ыйгарым укуктарын элдин кызыкчылыгында жүзөгө ашыруусунун;

4) мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш милдеттери менен ыйгарым укуктарын так ажыратуунун принциптерине негизденет.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик кандай принциптерге негизденип иш алып барат?
2. Мамлекеттик бийлик кандай бутактарга бөлүнөт?
3. Жогорку Кеңештин милдеттери кайсылар?
4. Аткаруу бийлиги кайсы органдардан турат?
5. Сот бийлигинин өкүлдөрү болуп кайсы органдар саналат?
6. Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун өзгөчөлүктөрү кандай?
7. Кыргыз Республикасында мамлекеттик башкаруунун өзгөчөлүктөрү кандай?
8. Кыргыз Республикасында мамлекеттик органдардан тышкары кандай уюмдарды түзүүгө жол берилген?
9. Саясий партиялардын кандай укуктары, милдеттери бар?
10. Диний уюмдардын мамлекеттеги өзгөчөлүктөрү кандай?

## § 9. Кыргыз Республикасынын Президенти – мамлекет башчысы. Президентти шайлоо. Президенттин бийлик укугу

**Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 60-беренеси боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти мамлекеттин башчысы, элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдигин көрсөтүп турат.**

**Кыргыз Республикасынын Президенти жалпы эл тарабынан шайлангандыктан, элдик бийликтин үстөмдүгүнүн өкүлү болот жана ошол элдик бийликти камсыз кылат, элдин биримдигинин жана мамлекеттик бийликтин символу болуп эсептелет.**


Алмазбек Шаршенович Атамбаев Кыргыз Республикасынын Президенти

Алмазбек Шаршенович Атамбаев 1957-жылы 17-сентябрда Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Арашан айылында төрөлгөн. Эмгек жолун 1980-жылы баштаган. Байланыш ишканаларында инженер, жетектөөчү экономист, башкы инженер болуп иштеген. 1983-жылдан парламенттик ишке өтүп, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунда редактор, ага референт, 1987-жылдан Фрунзе шаарындагы Биринчи май райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары.

1989-жылы бизнеске кетип, 1997-жылга чейин «Форум» илимий-өндүрүштүк фирмасынын директору, 1997–1999-жылдары «Кыргызавтомаш» АКтын башкы директору.

1999–2004-жылдары «Форум» өнөр жай тобунун, 2004–2005-жылдары «Кыргызавтомаш» корпорациясынын директорлор кеңешинин төрагасы.

1995–2000-жылдары КРдин Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланат.

Кыргызстандагы мамлекеттик төңкөрүштөн кийин (2005-ж. 24-март) 2005-жылдын сентябрынан 2006-жылдын апрелине чейин Кыргыз Республикасынын өнөр жай, соода жана туризм министри, 2007-жылдын 30-мартынан 2007-жылдын 28-ноябрына чейин КРдин Премьер-министри.

Апрель революциясынан кийин, 2010-жылдын 7-апрелинен Убактылуу өкмөттүн башчысынын экономика боюнча орун басары. 2010-жылдын 13-июлунда кызматын өткөрүп берген.

2010-жылы 17-декабрда Өкмөт башчылыгына бекип, Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясынын негизинде кызматка келген биринчи Премьер-министр болгон.

2011-жылкы президенттик шайлоодо жеңип, 2011-жылдын 1-декабрынан президенттик кызматты аткарууда.

Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо тууралуу жоболор Кыргыз Республикасынын Конституциясынын **61–63**-статьяларында берилген.

Алгач, кандай адам президенттикке талапкер боло ала тургандыгын билүү маанилүү. Президенттикке талапкер катары катталыш үчүн төмөнкү шарттар керек:

**1.** Кыргыз Республикасынын жараны болууга тийиш.

**2.** Талапкер катары көрсөтүлгөнгө чейин жалпысынан республикада 15 жылдан кем эмес жашаган болуу керек.

**3.** Жашы 35тен кем эмес жана 70 жаштан жогору эмес болууга тийиш.

**4.** Мамлекеттик тилди билүүгө тийиш.

**5.** Талапкер катары колдогон 30 миңден кем эмес шайлоочунун кол тамгасын чогултушу керек.

Ушул шарттарга ылайык келип, талаптарды аткарган адам президенттикке талапкер болуп катталат. Президенттикке шайлоодо талапкерлердин саны чектелбейт, бардыгы добушка коюлат. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо конституциялык мыйзам менен аныкталат.

Президент Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан 6 жылга шайланат, бир эле адам катары менен эки жолу Президент болуп шайлана албайт.

Шайлоочулардын жарымынан көбүнүн добушун алган талапкер президенттикке шайланды деп эсептелет. Эгер бир дагы талапкер мындай добушту ала албай калса, талапкер экиден көп болгон учурда эң көп добуш алган эки талапкер кайрадан добушка коюлат дагы, добуштун жарымынан көбүн алган талапкер шайланды деп табылат, ал эми талапкер бирөө же экөө болуп калган учурда, алар шайланбай калды деп табылып, жаңыдан талапкерди көрсөтүү менен шайлоо кайра өткөрүлөт. Бардык учурда шайлоого шайлоочулардын жарымынан көбү катышууга тийиш, тескери болуп калган учурда, шайлоо болгон жок деп табылат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан аныкталган Президенттин бийлик-укуктарын төрт түргө бөлүп кароого болот:

**1.** Өлкөнүн парламенти – Жогорку Кеңеш менен биргелешип аткара турган бийлик-укуктары.

**2.** Аткаруу бийлиги менен байланышкан бийлик-укуктары.

**3.** Сот бийлиги менен байланышкан бийлик-укуктары.

**4.** Президенттин түздөн-түз аткара турган бийлик укуктары.

Мамлекет башчысы катары Президент Жогорку Кеңешке шайлоону дайындайт, Конституцияда каралган учурларда Жогорку Кеңешке шайлоону мөөнөтүнөн мурда дайындоо жөнүндө чечим кабыл алат.

Жогорку Кеңештин макулдугу менен Башкы прокурорду дайындайт; мыйзамда каралган учурларда Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн биринен кем эмесинин макулдугу же болбосо Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын демилгеси боюнча Башкы прокурорду кызматтан бошотот; Башкы прокурордун сунушу боюнча анын орун басарларын дайындайт жана кызматтан бошотот.

Жогорку Кеңеш кабыл алган мыйзамдарга кол коёт. Ал мыйзамдар Президент кол койгондон кийин гана күчүнө кире алат. Эгер кабыл алынган мыйзам менен макул болбогон учурда каршы пикири менен кайра Жогорку Кеңешке жөнөтөт. Зарыл учурларда Жогорку Кеңештин кезексиз жыйналыштарын чакырууга жана каралууга жаткан маселелерди аныктайт.

Президент Жогорку соттун судьяларынын кызматына шайлоо үчүн талапкерлерди Судьяларды тандоо боюнча кеңештин сунушу менен Жогорку Кеңешке сунуштайт. Жогорку Кеңештин сунушу боюнча Жогорку соттун судьяларын кызматынан бошотуу үчүн Жогорку Кеңешке сунуштайт. Судьяларды тандоо боюнча кеңештин сунушу боюнча жергиликтүү соттордун судьяларын дайындайт, ошондой эле аларды бошотот.

Президент Улуттук банктын төрагасы кызмат ордуна шайлоо үчүн талапкерди Жогорку Кеңешке киргизет. Улуттук

банктын төрагасынын сунушу боюнча Улуттук банктын төрагасынын орун басарларын жана башкарма мүчөлөрүн дайындайт, мыйзамда каралган учурларда аларды кызматтан бошотот.

Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын, Эсептөө палатасынын мүчөлөрүнүн үчтөн бирин шайлоо жана кызматтан бошотуу үчүн талапкерлерди Жогорку Кеңешке киргизет.

Ошондой эле, Эсептөө палатасынын Жогорку Кеңеш тарабынан шайланган мүчөлөрүнүн ичинен Эсептөө палатасынын төрагасын дайындайт жана аны мыйзамда каралган учурларда бошотот.

Президент мамлекет башчысы катары өлкөнүн ичинде жана анын чегинен сырткары жерлерде Кыргыз Республикасынын атынан чыгат жана сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт, Премьер-министр менен макулдашуу боюнча эл аралык келишимдерге кол коёт.

Премьер-министр менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн башчыларын жана эл аралык уюмдардагы туруктуу өкүлдөрүн дайындайт. Аларды кайра чакыртып алат. Чет мамлекеттердин дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн башчыларынан ишеним жана кайра чакыртып алуу грамоталарын кабыл алат.

Президент Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жана жарандыгынан чыгаруу маселелерин чечет.

Президент Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн башкы кол башчысы болуп саналат, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн жогорку командалык курамын аныктайт, дайындайт жана кызматтан бошотот.

Өкмөт мүчөлөрүн – коргоо жана улуттук коопсуздук маселелерин тескеген мамлекеттик органдардын жетекчилерин, ошондой эле алардын орун басарларын дайындайт жана кызматтан бошотот.

Конституциялык мыйзамда каралган негиздер болгон учурда өзгөчө абалды киргизүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө эскер-

тет, ал эми зарыл болгон учурда аны айрым жерлерде алдын-ала жарыялабай туруп киргизет, ал жөнүндө Жогорку Кеңешке токтоосуз билдирет.

Жалпы же жарым-жартылай мобилизациялоону жарыялайт. Кыргыз Республикасына баскынчылык жасалганда же түздөн-түз баскынчылык коркунучу туулганда согуш абалын жарыялайт жана бул маселени токтоосуз Жогорку Кеңештин кароосуна киргизет. Өлкөнү коргоонун жана анын жарандарынын коопсуздугунун кызыкчылыктарында согуш абалын жарыялайт жана бул маселени токтоосуз Жогорку Кеңештин кароосуна киргизет.

Президент Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлайт жана ардак наамдарын, жогорку аскердик наамдарды, дипломатиялык рангдарды жана башка атайын наамдарды ыйгарат.

Соттолгондорго ырайым кылууну жүзөгө ашырат.

Президент өз ыйгарым укуктарын Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында аткарылышы милдеттүү болгон жарлыктарды жана буйруктарды кабыл алуу аркылуу ишке ашырат.

Ар кандай себептер боюнча Президент өз ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтоткон учурда жаңы Президент шайланганга чейин анын ыйгарым укуктарын Жогорку Кеңештин Төрагасы аткарат. Президент ыйгарым укуктарын Жогорку Кеңештин Төрагасы аткарууга мүмкүн болбогон учурда Президенттин ыйгарым укуктарын Премьер-министр аткарат.

Жаңы Президентти шайлоо Президенттин ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган күндөн тартып, үч айлык мөөнөттө өткөрүлөт.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасындагы кызмат адамдарынын ичиндеги орду кандай?
2. Президентти шайлоо кайсыл принциптердин негизинде жүргүзүлөт?

3. Ошол принциптерди чечмелеп түшүндүр?
4. Шайлоо процедурасынын жүрүшү жөнүндө эмнени билесиң?
5. Президенттин иштөө мөөнөтү канча жыл?
6. Президенттин мыйзам чыгаруу иши менен байланышкан бийлик-укуктары кандай?
7. Аткаруу бийлигин жүргүзүү боюнча бийлик-укуктарын айт?
8. Сот бийлигине тийиштүү кандай бийлик укуктары бар?
9. Президенттик милдетин түздөн-түз аткаруу боюнча кандай бийлик-укуктары бар?

## § 10. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши – мыйзам чыгаруу бийлигин жүргүзүүчү өкүлчүлүктүү орган



Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Жогорку Кеңешинин имараты.

Кыргыз Республикасында мыйзам чыгаруу бийлигин жүзөгө ашыруучу орган болуп Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши эсептелет. Жогорку Кеңеш – Кыргыз Республикасынын парламенти – мыйзам чыгаруу бийлигин жана

өз ыйгарым укуктарынын чегинде контролдук кылуу милдеттерин жүзөгө ашыруучу өкүлчүлүктүү жогорку орган болуп саналат.

Алгач парламент жөнүндө түшүнүк алалы. Парламенттин мекени болуп Англия эсептелет (англ. Parlament – сүйлөмө, бабырама). XII кылымдан баштап ири феодалдардын, жогорку дин өкүлдөрүнүн, шаарлардын, графтыктардын өкүлдөрүнүн чогулуштары королдун бийлигин чектей баштаткан. Кийинчерээк, мындай жыйындар Европанын башка өлкөлөрүнө тарай баштаган. Азыркы мезгилде парламенттер өзгөргөн түрүндө дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттеринде бар.

Кыргызстандагы Парламенттин тарыхына кайрыла турган болсок, Кыргыз ССРи кезинде Жогорку Совет, эгемендик алган алгачкы жылдары Жогорку Кеңеш 2 палаталуу, 105 депутаттан турган, андан соң, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 75 депутаттан турган туруктуу иштеген, бир палаталуу орган болуп түзүлгөн. Бул Конституция кабыл алынганга чейин партиялык тизме менен шайланган 90 депутаттан турган парламент 2010-жылдагы элдик төңкөрүштүн натыйжасында таркатылды.

Референдумда кабыл алынган жаңы Конституция боюнча Жогорку Кеңеш пропорциялуу система боюнча 5 жылдык мөөнөткө партиялык тизме боюнча шайланган 120 депутаттан турат. Эл добушун партияларга берет. Алган добуштарына ылайык 120 орун партияларга бөлүнөт.

Шайлоонун жыйынтыгы боюнча бир саясий партияга парламентте 65тен көп эмес депутаттык мандат берилет.

Шайлоо күнүнө карата 21 жашка чыккан, шайлоого укугу бар Кыргыз Республикасынын жараны Жогорку Кеңештин депутаты болуп шайлана алат.

Жогорку Кеңештин депутаты депутаттык ишмердигине байланыштуу айткан ой-пикирлери же Жогорку Кеңештеги добуш берүүнүн жыйынтыктары үчүн куугунтукка алынышы мүмкүн эмес. Өзгөчө оор кылмыштарды кошпогондо, депутатты жазык жоопкерчилигине тартууга Жогорку

Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдугу менен жол берилет.

Жогорку Кеңештин депутаты депутаттык ишин башка мамлекеттик же муниципалдык кызмат менен айкалыштыра албайт, жеке ишкердик менен алектениши, коммерциялык уюмдун жетекчи органынын же байкоочулар кеңешинин курамына кириши мүмкүн эмес.

Жогорку Кеңештин депутаты илимий, педагогикалык жана башка чыгармачылык иштерди аткара алат.

Жогорку Кеңеш Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык референдумду дайындоо жөнүндө мыйзам кабыл алат, Президентти шайлоону дайындайт.

Жогорку Кеңеш Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизет, мыйзамдарды кабыл алат, мыйзамда аныкталган тартипте эл аралык келишимдерди ратификациялайт жана денонсациялайт, Кыргыз Республикасынын чек араларын өзгөртүү тууралуу маселелерди чечет, республикалык бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндө отчётту бекитет, Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүнүн маселелерин чечет, мунапыс жөнүндө актыларды чыгарат.

Жогорку Кеңеш эң маанилүү функция катары Өкмөттүн ишинин программасын бекитет, Өкмөттүн түзүмүн жана курамын, Өкмөт мүчөлөрүн (коргоо жана улуттук коопсуздук маселелерин тескеген мамлекеттик органдардын жетекчилеринен башка) аныктайт. Өкмөт тарабынан киргизилген Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүнүн жалпы мамлекеттик программасын бекитет. Өкмөткө ишеним көрсөтүү же көрсөтпөө жөнүндө чечим кабыл алат.

Жогорку Кеңештин сот бийлигине болгон ыйгарым укуктары да чоң мааниге ээ – Президенттин сунуштамасы боюнча Жогорку соттун судьяларын шайлайт, конституциялык мыйзамда көрсөтүлгөн учурларда Президенттин сунуштамасы боюнча аларды кызматтан бошотот. Мыйзамда белгиленген тартипте Судьяларды тандоо боюнча кеңештин курамын бекитет. Президенттин сунуштамасы боюнча Улуттук банк-

тын төрагасын шайлайт, мыйзамда каралган учурларда аны кызматтан бошотот. Ошондой эле, Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын мүчөлөрүнүн курамынын үчтөн бирин Президенттин, үчтөн бирин парламенттик көпчүлүктүн жана үчтөн бирин парламенттик оппозициянын сунуштамасы боюнча шайлайт, мыйзамда каралган учурларда аларды кызматтарынан бошотот. Эсептөө палатасынын мүчөлөрүнүн курамынын үчтөн бирин Президенттин, үчтөн бирин парламенттик көпчүлүктүн жана үчтөн бирин парламенттик оппозициянын сунуштамасы боюнча шайлайт, мыйзамда каралган учурларда аларды кызматтарынан бошотот.

Акыйкатчыны (Омбудсменди) шайлайт жана мыйзамда каралган учурларда кызматтан бошотот, аны жазык жоопкерчилигине тартууга макулдук берет. Акыйкатчынын (Омбудсмендин) сунуштамасы боюнча Акыйкатчынын (Омбудсмендин) орун басарларын шайлайт, аларды жазык жоопкерчилигине тартууга макулдук берет. Башкы прокурорду дайындоого макулдук берет, аны жазык жоопкерчилигине тартууга макулдук берет, Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн биринен кем эмес добушу менен Башкы прокурорду кызматтан бошотууга макулдук берет. Мыйзамда каралган учурларда Башкы прокурорду кызматтан бошотуу тууралуу Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн биринин демилгеси Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинен көбүнүн добушу менен жактырылат.

Жогорку Кеңеш конституциялык мыйзамда каралган учурларда жана тартипте өзгөчө абалды киргизет, бул маселе боюнча Президенттин жарлыктарын бекитет же жокко чыгарат. Согуш жана тынчтык маселелерин чечет, согуш абалын жарыялайт, бул маселелер боюнча Президенттин жарлыктарын бекитет же жокко чыгарат. Тынчтыкты жана коопсуздукту сактоону колдоо боюнча мамлекеттер аралык келишимдик милдеттенмелерди аткаруу зарыл болгондо,

Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүн анын чектеринен тышкары жерлерде пайдалануунун мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселени чечет. Кыргыз Республикасынын аскердик наамдарын, дипломатиялык рангдарын жана башка атайын наамдарын белгилейт. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарын жана ардактуу наамдарын уюштурат.

Жогорку Кеңеш Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган тартипте Президентке каршы айып коёт, Президентти кызматынан четтетүү жөнүндө чечим кабыл алат.

**1. Мыйзам чыгаруу иши.** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын **79**-беренесине ылайык, мыйзам чыгаруу демилгесине: 10 миң шайлоочу (элдик демилге), Жогорку Кеңештин депутаттары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ээ. Жогоруда көрсөтүлгөн сандагы калк, органдар жана кызмат адамдары гана тийиштүү мыйзам долбоорун Жогорку Кеңештин кароосуна коё алышат.



Жогорку Кеңештин депутаттарынын жыйыны.



Өкмөт тарабынан кечиктирилгис катары аныкталган мыйзам долбоорлору Жогорку Кеңеш тарабынан кезексиз тартипте каралат. Мамлекеттик бюджеттин эсебинен жабылуучу чыгымдарды көбөйтүүнү караган мыйзам долбоорлору Өкмөт тарабынан каржылоо булагы аныкталгандан кийин Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынышы мүмкүн. Мыйзамдар Жогорку Кеңеш тарабынан үч жолку окууда кабыл алынат. Мыйзамдар, Жогорку Кеңештин чечимдери, эгерде ушул Конституцияда башкача каралбаса, катышып отурган депутаттардын көпчүлүгүнүн, бирок Жогорку Кеңештин депутаттарынын 50дөн кем эмесинин добушу менен кабыл алынат. Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик чек араны өзгөртүү жөнүндө мыйзамдар Жогорку Кеңеш тарабынан үч жолудан кем эмес окууда, Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмес көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат. Өзгөчө жана согуш абалы учурунда конституциялык мыйзамды, мамлекеттик чек араларды өзгөртүү тууралуу мыйзамды кабыл алууга тыюу салынат.

**Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган мыйзам 14 күндүн ичинде Президентке кол коюу үчүн жиберилет. Президент мыйзамды алган күндөн тартып бир айдан кечиктирбестен, ага кол коёт же өзүнүн каршы пикирлери менен Жогорку Кеңешке кайрадан кароого кайтарат. Республикалык бюджет, салыктар жөнүндө мыйзамдар милдеттүү түрдө кол коюлууга жатат. Эгерде конституциялык мыйзам же мыйзам кайрадан каралганда Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмес көпчүлүгүнүн добушу менен мурда кабыл алынган редакциясында жактырылса, мындай мыйзам келип түшкөн күндөн тартып 14 күндүн ичинде Президент тарабынан кол коюлууга тийиш. Мурда кабыл алынган редакциясында жактырылган конституциялык мыйзамга же мыйзамда белгиленген мөөнөттө кол коюлбаса, мындай мыйзамга 10 күндөн кечиктирбестен, Жогорку Кеңештин Төрагасы кол коёт жана ал жарыяланууга тийиш.**

**Эгерде мыйзамдын өзүндө же аны колдонууга киргизүүнүн тартиби жөнүндө мыйзамда башка мөөнөт каралбаса, мыйзам расмий басма сөз органында расмий жарыяланган күндөн баштап 10 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.**

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу бийлигин кайсы орган жүзөгө ашырат?
2. Депутаттардын саны канча?
3. Жогорку Кеңеш кандай тартипте иштейт?
4. Депутаттар канча мөөнөткө шайланышат?
5. Аларды шайлоонун тартиби жөнүндө эмне билесиң?
6. Депутатыкка талапкер болуп катталуу үчүн кандай шарт керек?
7. Депутаттын кандай макамдары жана чектөөлөрү бар?
8. Жогорку Кеңештин кандай бийлик-укуктары бар?
9. Мыйзамдарды кабыл алуу тартиби кандай?
10. Мыйзам чыгаруу демилгеси кимдерге таандык?
11. Мыйзам күчүнө кандай кирет?

## § 11. Аткаруу бийлиги. Өкмөт. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар

Кыргыз Республикасында аткаруу бийлигин Өкмөт, ага баш ийген министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар ишке ашырат. Өкмөт Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин жогорку органы болуп саналат. Өкмөттү Премьер-министр башкарат. Өкмөт Премьер-министрден, вице-премьер-министрлерден, министрлерден жана мамлекеттик комитеттердин төрагаларынан турат. Өкмөттүн түзүмү өзүнө министрликтерди жана мамлекеттик комитеттерди камтыйт.

Жаңы шайланган Жогорку Кеңеш биринчи жыйналышы өткөн күндөн тартып 15 жумушчу күндүн ичинде Премьер-министрдин кызматына талапкерди депутаттык мандаттардын теңинен көбүнө ээ болгон фракция же анын катышуусу менен фракциялардын коалициясы көрсөтөт.

Эгерде жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөт бүткөнгө чейин Жогорку Кеңеш программаны бекитпесе, Өкмөттүн түзүмүн



Кыргыз Республикасынын Өкмөт Үйүнүн имараты.

жана курамын аныктабаса, же болбосо шайлоонун жыйынтыктары боюнча саясий партиялардын бири дагы депутаттык мандаттардын жарымынан көбүн албаса, Президент фракциялардын бирине 15 жумушчу күндүн ичинде парламенттик көпчүлүктү түзүүнү жана Премьер-министрдин кызмат ордуна талапкерди көрсөтүүнү сунуш кылат.

Эгерде ал фракция бул мөөнөттө көрсөтүлгөн иштерди аткара албаса, Президент экинчи фракцияга ушул эле тартипте сунуш кылат.

Премьер-министрдин кызмат ордуна талапкер жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаганга чейин Өкмөттүн программасын, түзүмүн жана курамын Жогорку Кеңешке киргизет.

Эгерде жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаганга чейин Жогорку Кеңеш Өкмөттүн программасын бекитпесе, түзүмүн жана курамын аныктабаса, фракциялар өз демилгеси менен 15 жумушчу күндүн ичинде парламенттик көпчүлүктү түзүүгө жана Премьер-министрдин кызмат ордуна талапкерди көрсөтүүгө тийиш.

Президент үч күндүк мөөнөттө Премьер-министрди жана Өкмөттүн башка мүчөлөрүн дайындоо тууралуу жарлык чыгарат.

**Өкмөттүн ыйгарым укуктары.** Өкмөт Конституциянын жана мыйзамдардын аткарылышын камсыз кылат, мамлекеттин ички жана тышкы саясатын ишке ашырат, мыйзамдуулукту, жарандардын эркиндиктерин жана укуктарын камсыз кылуу, коомдук тартипти сактоо, кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча чараларды жүзөгө ашырат. Мамлекеттин эгемендигин, аймактык бүтүндүгүн коргоо, конституциялык түзүлүштү сактоо боюнча, ошондой эле коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңдоо, улуттук коопсуздукту жана укук тартибин бекемдөө боюнча чараларды ишке ашырууну камсыз кылат. Финансы, баа, тариф, инвестиция жана салык саясатын жүргүзүүнү камсыз кылат. Ошондой эле, республикалык бюджетти иштеп чыгат жана Жогорку Кеңешке сунуш кылат жана анын аткарылышын камсыз кылат; республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө Жогорку Ке-

ңешке отчёт берет. Менчиктин бардык түрлөрүн өнүктүрүүнүн жана аларды коргоонун бирдей шарттарын камсыз кылуу боюнча, мамлекеттик менчик объекттерин башкаруу боюнча чараларды ишке ашырат. Социалдык-экономикалык жана маданий чөйрөдө бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүүнү камсыз кылат. Экономикалык, социалдык, илимий-техникалык жана маданий өнүктүрүүнүн жалпы мамлекеттик программаларын иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат. Тышкы экономикалык иштерди жүргүзүүнү камсыз кылат.

Премьер-министр Өкмөттүн иши үчүн Жогорку Кеңештин алдында жеке жоопкерчилик тартат.

Өкмөттүн жыйындарын өткөрөт, токтомдорго жана буйруктарга кол коёт, алардын аткарылышын камсыз кылат жана администрациялык ведомстволордун жетекчилерин дайындайт жана бошотот. Ошондой эле, мыйзамда белгиленген тартипте жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын жергиликтүү кеңештердин сунушу боюнча дайындайт жана бошотот.

Тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында аткаруу бийлигин жергиликтүү мамлекеттик администрация ишке ашырат. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын дайындоо жана бошотуу тартиби мыйзам менен аныкталат.

Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар Конституциянын, мыйзамдардын, Өкмөттүн ченемдик укуктук актыларынын негизинде иштейт. Өз компетенциясынын чегинде кабыл алынган жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын чечимдери тийиштүү аймакта милдеттүү түрдө аткарылат.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Кыргыз Республикасында аткаруу бийлигинин курамына кайсы органдар кирет?
2. Кайсы орган аткаруу бийлигинин жогорку органы болуп эсептелет?
3. Өкмөттүн курамы кандай тартипте түзүлөт?

4. Өкмөттүн ишине ким көзөмөл жүргүзө алат?
5. Өкмөт кандай маселелерди чечет?
6. Өкмөт кабыл ала турган ченемдик актыларды атап бер?
7. Райондордогу, облустардагы аткаруу бийлигинин органдары жөнүндө эмнелерди билесиң?

## § 12. Кыргыз Республикасындагы сот бийлиги. Соттор жана сот адилеттиги




Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун имараты.

Бийликти бөлүү принцибине ылайык Кыргыз Республикасында көз карандысыз сот бийлиги бар. Соттордун негизги милдети – бул сот адилеттигин жүзөгө ашыруу.

Бул эмнени түшүндүрөт? Мисалы, Жогорку Кеңеш кандайдыр бир мыйзамды кабыл алды дейли. Ага депутаттар-

дын азчылык бөлүгү макул болбой, Конституцияга карама-каршы келген мыйзам деп эсептейт. Бул учурда Конституция бузулду деген тарап Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына кайрылат, ал болсо чырды бир тараптын пайдасына чечет. Бул кабыл алынган чечим акыркы чечим болуп саналат, даттанылууга жатпайт жана аны бардык мамлекеттик органдар, кызмат адамдары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш.

Же болбосо, кылмыш жасаган адамдардын ишин карап, аны күнөөлүү же күнөөлүү эмес деп таап, эгер күнөөсү бар болсо жаза чектей турган орган сот гана болуп эсептелет. Ошондой эле соттордо мүлктүк, үй-бүлө мамилесиндеги, эмгек мамилесиндеги жана башка бардык чөйрөлөрдөгү талаш-тартыштар каралат.

Кыргыз Республикасынын сотторунун катарына Кыргыз Республикасынын Жогорку соту, анын алдындагы Конституциялык палата жана жергиликтүү соттор кирет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жарандык, жазык, административдик жана башка сот иштери боюнча сот бийлигинин жогорку органы болуп эсептелет. Бул иштерди жер-жерлерде райондук, шаардык жана облустук соттор карашат. Жарандык иштерге, мисал үчүн, автордук укук, мурастык укук боюнча талаш-тартыштар, ажырашуу, баланын атасын аныктоо, эмгек боюнча талаш-тартыштар кирет. Жазык иштерине Кыргыз Республикасынын Кылмыш жана жаза кодексинде каралган кылмышты жасаган адамдардын күнөөлүүлүгүн аныктап, жаза чектөө кирет. Административдик сот иштерине Кыргыз Республикасынын бийлик-укукту жүзөгө ашыруу органдарынын ишине келтирилген арыздарды териштирүү кирет. Ушул иштерди караган жергиликтүү соттордун ишин көзөмөлдөөнү Жогорку сот жүргүзөт, бирок конкреттүү ишти кароодо көрсөтмө бере албайт. Анткени, кайсы гана судья болбосун, эч кимге көз каранды эмес, мыйзамга гана баш иет дагы, ишти мыйзамга негиздеп чечиши керек. Эгерде мыйзамга туура келбеген чечим

кабыл алынса, жогору турган сот ал чечимди бузуп, өзгөртүп, башка чечим кабыл алып же ишти башка судьяга кайрадан тууралап кароо үчүн бериши мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары Жогорку Кеңеш тарабынан Президенттин сунушу боюнча шайланышат, курагы 40 жаштан кем болбошу, 70 жаштан ашпашы, юридикалык жогорку билими жана кесиби боюнча 10 жыл стажысы болууга тийиш. Ал эми жергиликтүү соттордун судьялары Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан биринчи ирет 5 жылдык мөөнөткө, кийин 65 жашка чыкканга чейин дайындалышат. Бардык судьяларды Судьяларды тандоо боюнча кеңеш тандап сунуштайт.

Конституциялык көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу орган болуп Жогорку соттун Конституциялык палатасы саналат. Курагы 40 жаштан кем болбогон жана 70 жаштан ашпаган, юридикалык жогорку билими бар жана юридикалык кесиби боюнча кеминде 15 жыл стажысы бар Кыргыз Республикасынын жараны Жогорку соттун Конституциялык палатасынын судьясы боло алат.

Жогорку соттун Конституциялык палатасы өз курамынан төраганы, төраганын орун басарын 3 жылдык мөөнөткө шайлайт.

Жогорку соттун Конституциялык палатасы:

1) мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келген учурда аларды Конституцияга ылайык эмес деп табат;

2) Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган күчүнө кирбеген эл аралык келишимдердин конституциялуулугу тууралуу корутунду берет;

3) Конституцияга өзгөртүүлөр тууралуу мыйзамдын долбооруна корутунду берет.

Конституция тарабынан таанылган укуктар жана эркиндиктер алар тарабынан бузулуп жатат деп эсептелсе, ар бир адам мыйзамдын жана башка ченемдик укук актыларынын конституциялуулугун талашууга укуктуу.

Конституциялык палатанын чечими акыркы болуп эсептелет жана даттанууга жатпайт.

Конституциялык палата тарабынан мыйзамдардын же алардын жоболорунун конституциялык эмес деп белгилениши алардын Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулушун жокко чыгарат, ошондой эле, сот актыларын кошпогондо, конституциялык эмес деп таанылган мыйзамдарга же алардын жоболоруна негизделген башка ченемдик укуктук актылардын колдонулушу да жокко чыгарылат.

Бардык соттордун судьялары мөөнөтүнөн мурда өз эрки менен, оорусуна байланыштуу, күчүнө кирген айыптоо өкүмүнүн негизинде жасаган кылмышы үчүн жана конституциялык мыйзамда каралган башка учурларда гана кызматтан бошотулушу мүмкүн. Ошондо да, Жогорку соттун судьяларын бошотуу үчүн Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинин добушу талап кылынат. Ал эми шайлоо үчүн жарымынан көбү эле жетиштүү.

Кыргыз Республикасындагы сот тутуму башка бийликтерге көз каранды болбой сот адилеттигин Конституцияга жана мыйзамдарга гана таянып ишке ашыруусу үчүн бир кыйла кепилдиктер каралган. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын **95**-беренеси судьянын Конституцияга жана мыйзамга баш иерин, судья кол тийбес иммунитет укугунан пайдаланарын жана өз макамына ылайык анын көз карандысыздыгы социалдык, материалдык жана башка кепилдиктер менен камсыз кылынарын бекиткен.

## КОШУМЧА МАТЕРИАЛ
## Кыргыз Республикасынын Конституциясы
## (Үзүндү)

### 94-берене

1. Судьялар көз карандысыз жана Конституцияга жана мыйзамдарга гана баш иет.

2. Судья кол тийбестик укугуна ээ жана кылмыш үстүндө тутулган-

дан тышкары учурларда кармалууга же камакка алынууга, тинтүүгө же жеке текшерилүүгө тийиш эмес.

3. Конкреттүү бир сот иши боюнча судьядан отчёт талап кылууга эч кимдин укугу жок. Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу боюнча ар кандай кийлигишүүлөргө тыюу салынат. Судьяга таасир көрсөтүүгө күнөөлүү адамдар мыйзамда каралгандай жоопкерчилик тартышат.

4. Судья өзүнүн макамына ылайык көз карандысыздыгынын социалдык, материалдык жана башка кепилдиктери менен камсыз кылынат.

### КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Соттордун эң негизги максаты эмнеде?
2. Кыргыз Республикасында кандай сот органдары бар?
3. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунда кандай иштер каралат?
4. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы кандай иштерди карайт?
5. Жергиликтүү соттор жөнүндө эмне билесиң?
6. Судьялар көз каранды болбошу үчүн Конституция эмнелерге кепилдик берет?

## § 13. Укук коргоо органдары жана алардын функциялары

Мыйзам тарабынан белгиленген укук тартибин бузган адамдарга карата мамлекеттик мажбурлоо чараларын колдонуу аркылуу калктын таламдарын ар кандай кол салуулардан коргоочу органдар укук коргоо органдары деп аталат.

Укук коргоо органдарына прокуратура, милиция, улуттук коопсуздук органдары, финансы полициясы кирет.

**Прокуратура.** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын **104**-беренесинде прокуратуранын төмөнкү милдеттери белгиленген: Кыргыз Республикасынын Прокуратурасы

аткаруу бийлигинин органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын кызмат адамдары тарабынан мыйзамдардын так жана бирдей аткарылышын көзөмөлдөө; изин суутпай издөөнү, тергөөнү жүзөгө ашыруучу органдар тарабынан мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө; жазык иштери боюнча соттун чечимдерин аткарууда, ошондой эле жарандардын жеке эркиндигин чектөөгө байланышкан мажбурлоо мүнөзүндөгү чараларды колдонууда мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө; мыйзамда белгиленген учурларда сотто жарандын же мамлекеттин кызыкчылыктарына өкүлчүлүк кылуу; сотто мамлекеттик айыптоону ишке ашыруу; ошондой эле мамлекеттик органдардын кызмат адамдары кылмыш жасаган учурларда алардын ишин тергөө.

Прокуратура органдары жергиликтүү бийликтерге көз каранды эмес, түздөн-түз башкы прокурорго баш ийишет.

**Ички иштер органдары (милиция).** Ички иштер органдарына – Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги, облустардын, Бишкек шаарынын, ага баш ийген ички иштер башкармалары, шаардык, райондук бөлүмдөрү, айылдык бөлүкчөлөрү, милиция окуу жайлары, мекемелери жана уюмдары кирет. Ички иштер органдарынын атайын бөлүмдөрү бар, мисалы, кылмыш издөө, тергөө, коомдук тартипти сактоо, мамлекеттик автомобиль инспекциясы (МАИ) ж. б. Милициянын райондук, шаардык бөлүмдөрүнүн алдында жашы жетпегендердин иштери боюнча инспекциялар иштейт, алар жаш балдардын кылмыш жасоосун болтурбоо үчүн тарбиялык иштерди жүргүзүшөт.

Ички иштер органдарынын негизги милдеттери болуп коомдук тартипти, инсандын жана коомдун коопсуздугун камсыз кылуу, кылмыштуулукка каршы күрөшүү, жол коопсуздугун камсыз кылуу жумуштары саналат.

Ички иштер органдарынын кызматкерлерине аларга жүктөлбөгөн милдеттерди аткарууга көрсөтмө берүүгө мыйзам тарабынан тыюу салынган.

Ички иштер органдары өз ишин жарандардын укугун урматтоонун негизинде жүргүзүүлөрү тийиш, алардын укуктарына кандайдыр бир чек коюуга мыйзамда каралган учурда гана жол берилет.

Жарандар өздөрүнүн укуктарынын жана эркиндиктеринин чектелиши боюнча ички иштер органдарынын кызматкерлеринен түшүнүк алууга, милициянын аракеттерине наразы болгон жарандар милициянын жогору турган органына, прокурорго же сотко даттанууга укуктуу.

Кармалган, камалган жана соттолгон адамдарга милиция органдары юридикалык жактан коргонуу укугун ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзүп, алардын турган жери жөнүндө туугандарына, иштеген же окуган жериндеги администрациясына билдирүүлөрү тийиш.

Ички иштер органдары зарыл болгон учурда аталган адамдарга токтоосуз түрдө медициналык жана башка жардам көрсөтүүгө, ар кандай коркунучтарды четтетүүгө чараларды көрүүлөрү керек.

Ар бир адам бирөөдөн запкы көрсө же мүлкүн уурдатса, милиция органдарына кайрылышат. Алар кайрылуу боюнча токтоосуз иш жүргүзүшүп, эгер кылмышты жасаган адам белгилүү болсо, тийиштүүлүгүнө жараша чара көрүүгө же адам белгилүү болбосо издөө салууга милдеттүү.

Милиция кызматкерлери тартип бузуучуга карата талаптарды так, катуу, кыска жана ачык коюшу керек, анткени бул мыйзамдуулуктун бекем шарты, кыянаттыкка жана ээнбаштыкка карата ишенимдүү тоскоолдук болот.

**Улуттук коопсуздук органдары.** Бул органдар мамлекетибиздин коопсуздугун чет өлкөлөрдүн чалгындоочуларынан, ошондой эле өлкөнүн ичиндеги мамлекетибиздин негизине зыянын тийгизе турган кылмыштардан сакташат. Улуттук коопсуздук органдарынын иши өтө жоопттуу, аларга коюлган милдет ыйык деп айтса болот, ошондуктан ал органдарда өтө тандалган, билимдүү, өлкөсүн сүйгөн адистер иштешет.

**Финансы полициясы.** Мамлекетибиз социалисттик системада жашап турган кезинде ишкердикти жүргүзүүгө мамлекеттик жана коомдук ишканаларга жана чарбаларга гана уруксат берилип, алар жаап-жашырбастан, салыкты мамлекетке төгүп турушкан. Салыкты убагында жана так төлөп туруунун мааниси өтө зор, себеби мамлекеттин бийлик органдары, укук коргоо органдары, Куралдуу күчтөрү, саламаттыкты сактоо, билим берүү, социалдык камсыз кылуулар (жөлөк пул, стипендия) мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржыланат. Азыр эркин рынок экономикасына өткөн учурда ишкердикти жүргүзүүгө тыюу салуу жок, ар бир адам ишкана ачып алып, продукция өндүрүүгө же дыйкан чарба продукциясын өндүрүүгө акылуу. Ошону менен бирге эле мыйзамда белгиленген өлчөмдө жана тартипте мамлекетке салык төлөөгө милдеттүү. Тилекке каршы, кээ бир ишкерлер кирешесин жашырып, мамлекетке салык төлөөдөн качкан фактылар кездешет. Бул болсо кылмыш болуп эсептелет. Ошондуктан, мындай аракеттерге каршы күрөшүү үчүн жана дээрлик экономика чөйрөсүндөгү кылмыш менен күрөшүү үчүн финансы полициясы түзүлгөн.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Укук коргоо органдары эмне кызмат кылат?
2. Прокуратура органдарынын милдеттери кандай?
3. Мыйзамдарды аткарууну жалпы көзөмөлдөө деген эмне?
4. Тергөө ишинде прокуратуранын кандай укук милдеттери бар?
5. Сот процессиндеги прокурордун кандай укук милдеттери бар?
6. Милиция органдарынын башкы милдети кандай?
7. Милиция органдары кандай тармактар боюнча иш алып барышат?
8. Улуттук коопсуздукту сактоо органдарынын башкы милдеттери кандай?
9. Финансы полициясы жөнүндө эмнени билесиң?

## § 14. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү кеңештер жана мыйзамда белгиленген тартипте калктын өзү тарабынан түзүлгөн башка органдар аркылуу жүргүзүлөт, алар мыйзамдын чегинде өз жоопкерчилиги астында жергиликтүү маанидеги иштерди башкарышат.

Жергиликтүү кеңештер өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы болуп эсептелип, ошол аймакта жашап жаткан жарандар тарабынан шайланат. Жергиликтүү кеңештер тиешелүү административдик аймактарда, шаарларда, айылдарда түзүлөт. Жергиликтүү кеңештер өзүлөрүнүн сессиясында төрагасын шайлашат, анын отчётун угушат, аймактын социалдык, экономикалык өнүгүү жана калкты социалдык жактан коргоо программасын бекитет, анын ишке ашырылышын көзөмөлдөйт, жергиликтүү бюджетти, анын аткарылышы жөнүндөгү отчётту бекитет жана бюджеттен сырткары фонддордун сарпталышын карайт.

Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн ошол аймакта жашаган жарандар ыктыярдуу түрдө биригип, аймактык-коомдук өз алдынча башкаруу органдарын түзүүгө мыйзам жол берген. Мындай органдарга кичирайондордун кеңештери же комитеттери, үй, көчө, квартал, айыл комитеттери жана ошол жерде жашоочулардын жергиликтүү шарттарына, салттарына ылайыкталып түзүлгөн башка органдар кирет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мыйзам тарабынан бир кыйла чоң укуктар берилген. Бул болсо биздин өлкөбүздө демократиянын өнүгүп жаткандыгынын күбөсү болот. Мурдагы социалистик режимдин убактысында бардык маселелер мамлекеттик гана органдар тарабынан чечилүүчү. Жада калса кичине көчөгө асфальт төктүрүш үчүн

же үйгө суу түтүгүн орнотуу үчүн дагы мамлекеттик органдарга кайрылууга туура келген. Азыр болсо мыйзамга ылайык ар бир айыл же квартал өзүлөрүнүн комитетин шайлап алып, аны жергиликтүү кеңештен каттоодон өткөрүп, андан каражат алууга акылуу жана ошого жараша өзүлөрү үчүн зарыл иштерди жасай алышат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ошол аймактын жашоочуларынын кызыкчылыгын мамлекеттик органдардын алдында коргойт, жергиликтүү кеңештерде ошол аймакка тиешелүү маселелер каралып жатса, ага катышууга, пикирлерин айтууга укуктуу, социалдык чөйрөдө курулган, жайгаштырылган, ремонттолгон объектилерди кабыл алууга катышышат, жергиликтүү кеңештин жана мамлекеттик акимчиликтердин чечимин аткарууга көмөктөшөт, жарандардын жыйындарынын чечимдеринин аткарылышын уюштурат.

Өздөрүнүн мыйзам тарабынан берилген укуктарын ишке ашыруу үчүн алар чарба жүргүзүүгө укуктуу, түшкөн кирешеге ар кандай клубдарды, оюн-зоок өткөрчү жайларды, ышкыбоздордун бирикмелерин ача алышат. Башкача айтканда, калктын жашоосун оңдоо үчүн ар кандай жумуштарды аткарууга аларга мүмкүнчүлүк берилген.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзүнүн ээлигинде муниципалдык (коммуналдык) менчикти кармоого укуктары бар.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жарандар чогулушу, жергиликтүү кеңеш же башка өкүлчүлүктүү органдарынын чечими менен айылдарда, шаарларда сый-урматка ээ аксакалдардан же башка жарандардан аксакалдар соту түзүлүшү мүмкүн.

Аксакалдар соту тараптардын макулдашуусу менен берилген мүлктүк, үй-бүлөлүк же башка талаштарды карап, чырлашкан тараптарды жараштыруу жана адилеттүү, мыйзамга каршы келбеген чечимдерди чыгаруу максатын көздөйт. Аксакалдар сотунун чечимине макул болбогон та-

рап Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен белгиленген тартипте райондук сотко даттана алат.

Мамлекеттик органдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мыйзамда каралган ыйгарым укуктарына кийлигишүүгө укуксуз.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктар ыйгарылышы мүмкүн, бул учурда укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык, финансылык жана башка каражаттар өткөрүлүп берилет. Мамлекеттик ыйгарым укуктар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мыйзамдын же келишимдин негизинде берилип, өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик органдарга отчёт беришет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекет жана анын органдарынын алдында мыйзамдардын аткарылышы үчүн, жергиликтүү жамааттын алдында – өз ишинин натыйжасы үчүн жоопкерчиликтүү болушат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрүнүн укуктарынын бузулушуна байланыштуу соттук коргоо үчүн сот органдарына кайрылууга укуктуу.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу кайсы органдар тарабынан жүргүзүлөт?
2. Жергиликтүү кеңештер кандай тартипте түзүлөт?
3. Алардын кандай укуктары, милдеттери бар?
4. Аймактын коомдук өз алдынча башкаруу органдарына кайсы органдар кирет?
5. Алардын кандай укуктары бар?
6. Аксакалдар соту жөнүндө эмне билесиң?

*III глава*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНЫ

## § 15. Кыргыз Республикасынын жаранынын укуктары жана милдеттери

Кыргыз Республикасынын жаранынын укуктары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекемделген. Жарандык – бул адамдын кандайдыр бир мамлекетке таандык экендиги. Укуктар менен милдеттердин жыйындысы мамлекетте жарандык укук абалын түзөт да, ошол аркылуу алар чет өлкөлүк жарандардан айырмаланат.

Кыргыз Республикасынын жарандары бирдей укуктарга ээ. Алар тегине, социалдык жана мүлктүк абалына, расасына жана улутуна, жынысына, билимине, тилине, туткан динине, ишинин түрүнө жана мүнөзүнө, жашоо ордуна жана башка жагдайларга карабастан, мыйзам алдында бирдей абалда болушат.

Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктары жана милдеттери жөнүндөгү мыйзамдар бардык жарандарга карата бирдей колдонулат, бирок жарандарды социалдык жактан коргоо үчүн каралган чаралар (жөлөк пул, стипендия) бардыгына эле колдонула берилбестиги түшүнүктүү. Себеби, ал чараларга кимдер муктаж болсо, ошолорго гана берилет. Ошондой эле, Ата Мекенди коргоо милдети да коргоого жарамдуу жарандарга гана тарары белгилүү.

Кыргыз Республикасынын жарандары түздөн-түз жана өздөрүнүн өкүлдөрү аркылуу мамлекетти башкарууга, республикалык жана жергиликтүү маанидеги мыйзамдарды, чечимдерди талкуулоого жана кабыл алууга катышууга, мамлекеттик кызматка турууга бирдей укуктуу. Жарандардын мамлекетти башкарууга түздөн-түз катышуусунун күбөсү,

алардын Кыргыз мамлекетинин башчысын – Президентти шайлашы, мыйзам чыгаруу бийлигинин өкүлү болгон – Жогорку Кеңешти шайлашы болуп эсептелет. Ошондой эле Жогорку Кеңештин депутаттары элдин өкүлү болгондуктан, эл өкүлдөрү аркылуу мамлекетти башкаруу принцибинин аткарылышын камсыз кылышат. Мамлекеттик эң маанилүү маселелердин чечилиши, Конституцияга киргизилүүчү өзгөртүүлөр жана толуктоолор, кээ бир мыйзамдардын кабыл алынышы бүткүл элдик добуш берүүгө коюлуу менен чечилет.

Кыргыз Республикасынын жарандары мекенди коргоого, эмгектенүүгө, социалдык камсыздандырылууга, билим алууга, ден соолугун сактоого укуктуу. Бул укуктарды билүү өзгөчө маанилүү болгондуктан, өз-өзүнчө талдайбыз.

Конституциянын 55-беренесинде жарандардын мыйзамдарга ылайык салык жана жыйым төлөөгө милдеттүүлүгү көрсөтүлгөн. Мамлекетибиз рынок экономикасына өтүп жаткан чакта бул жобо мамлекеттин иштешине жана жашашына чоң таасир көрсөтүүчү жобо болуп эсептелет. Анткени, азыр мамлекеттик ишканалар жана чарбалар жокко эсе, көбү менчиктештирилип, элдин менчигине өткөрүлүп берилген. Демек, алардан түшкөн киреше элдин колуна тиет, ал эми мамлекеттик органдарды күтүү үчүн, мугалимдерге, врачтарга айлык төлөө үчүн, окуу жайларын, мектептерди, ооруканаларды күтүү үчүн, кары-картаңдарга пенсия төлөө үчүн, студенттерге стипендия бериш үчүн каражат салыктардан топтолот. Ошондуктан, салыкты убагында так төлөп туруу иштеп жаткан жарандардын конституциялык милдети катары көрсөтүлгөн. Салык төлөөдөн баш тарткан же кирешесинин өлчөмүн жашырып, салыкты аз төлөгөндөр үчүн кылмыш жоопкерчилиги каралган.

Кыргыз Республикасынын жараны эс алууга укуктуу. Жумушчулар, кызматчылар иштөөчү убактын узактыгы, ар жумадагы эс алуу күндөрүнүн саны жана жыл сайын акы

төлөнүүчү эс алуу өргүүлөрүнүн узактыгы, ошондой эле эс алуу укугунун башка шарттары мыйзамдар тарабынан жөнгө салынат. Биздин өлкөдө дем алыш, майрам, өргүү күндөрү жылына 150 күнгө жакындайт. Эмгекке жумшалган күчтү калыбына келтирүү, үй чарбасында иштөө, балдарды тарбиялоо, жаккан ишин жасоо, чыгармачылык ж. у. с. жумуштар үчүн бул убакыт жетиштүү.

Кыргыз Республикасынын жарандары турак-жайга ээ болууга укуктуу. Мамлекет турак-жайга болгон укукту ишке ашырууда, мамлекеттин турак-жай фондусунан үй берүү же сатуу жолу менен көмөктөшөт. Турак-жайга муктаж болгон адамдар иштеген жери же жашаган жери боюнча кезекке турушат. Ошол кезек боюнча мамлекет тарабынан же ишкана, мекеме тарабынан курулган үйлөрдөн квартира алышат. Мамлекет жеке турак-жай кургандарга да ссуда, кредит берүү менен көмөктөшөт. Азыркы мезгилде турак-жайга болгон адамдардын укугу кеңейтилген, мурдагы СССРдин тушунда бир үй-бүлө бир гана үй же квартира ээлөөгө укуктуу болуучу, азыр мүмкүнчүлүгүнө жараша каалаган сандагы үйлөрдү, квартираларды сатып алууга же куруп алууга мыйзам тыюу салбайт.

Кыргыз Республикасынын жарандары саламаттыгына жагымдуу жана ыңгайлуу айлана-чөйрөдөн, жаратылыштан пайдаланууга, ошондой эле жаратылыштан пайдалануу тармагындагы аракеттерден улам саламаттыгына келтирилген залалдын, мүлкүнө келтирилген зыяндан ордун толтуруп алууга укуктуу. Бул укукту камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасында «Жаратылышты коргоо жөнүндө» мыйзам кабыл алынган. Ал мыйзамда жаратылышты коргоо боюнча жарандардын, мамлекеттин, ишканалардын, ар кандай чарба жүргүзүүчү субъектилердин милдеттери аныкталган. Жаратылышты коргоо эрежелерин бузгандар кандай жоопкерчиликке тартылары белгиленген. Жаратылыш объектилерин бузгандар кылмыш жообуна да тартылышы мүмкүн.

Жарандар маданий дөөлөттөрдөн пайдаланууга, көркөм

өнөр, чыгармачылык, илим жаатында иштөөгө укуктуу. Бул укук мамлекет тарабынан тарыхый эстеликтердин корголушу, адабият, көркөм өнөр, илим, массалык-маалымат каражаттарынын жана спорттун өнүгүшү үчүн кам көрүшү, зарыл шарттарды түзүшү менен камсыз кылынат.

Биздин жарандарга берилген чоң укуктардын бири – ал экономикалык эркиндик. Муну кандай деп түшүнсө болот. СССРдин тушунда ишкердикти жүргүзүшсө кылмыш жообуна тартылышчу, жарандардын менчигинде өндүрүш каражаттарынын болушуна тыюу салынган. Азыр болсо ар бир жаран ишкана ачууга, дыйкан чарбасын жүргүзүүгө, башка иш менен алектенип, өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн турмуш шартын жакшыртууга акылуу. Мындай шартты коомубуздагы демократиянын жеңиши деп түшүнүү керек.

## КОШУМЧА МАТЕРИАЛ
## Кыргыз Республикасынын Конституциясы
## (Үзүндү)

### 50-берене

1. Жаран өзүнүн жарандыгына жараша укуктарга ээ жана милдеттерди аткарат.

2. Бир дагы жаран өзүнүн жарандыгынан жана өзүнүн жарандыгын өзгөртүү укугунан ажыратылышы мүмкүн эмес. Кыргыз Республикасынын жарандары болуп эсептелген адамдардын мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерге ылайык башка мамлекеттин жарандыгына тийиштүүлүгү да таанылат.

3. Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган кыргыздар башка мамлекеттин жараны болгондугуна карабастан, жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте Кыргыз Республикасынын жарандыгын алууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын жарандыгын берүүнүн тартиби жана шарты мыйзам менен аныкталат.

4. Жаран республиканын чегинен сыртка чыгарып салынбайт же башка мамлекетке берилбейт.

5. Кыргыз Республикасы өз чегинен тышкы жерлерде жарандарын коргоого жана калкалоого кепилдик берет.

### КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Укуктар бардык жарандар үчүн бирдейби?
2. Жарандар мыйзам тарабынан уруксат берилген иштерди гана жасай алабы же мыйзам тарабынан тыюу салынбаган, каалаган иштерин жасайбы?
3. Жарандардын Конституция тарабынан бекемделген укуктарын айтып бер?
4. Жарандардын кандай милдеттери бар?
5. Жарандардын көрсөтүлгөн милдеттерин негиздеп айтып бер?

## § 16. Ата Мекенди коргоо

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын **56**-беренесинде Ата Мекенди коргоо жарандардын ыйык парзы жана милдети деп белгиленген.

Жарандарды аскер кызматын өтөөдөн бошотуунун же аны альтернативалык (аскерден тышкары) кызмат менен алмаштыруунун негиздери жана тартиби мыйзам менен белгиленет.

Конституциянын бул беренеси Кыргыз Республикасынын «Жалпы аскердик жөнүндөгү» мыйзамында кеңири баяндалган. Бул мыйзамда аскер кызматы республиканын жарандарынын ардактуу милдети, Мекенди коргоо ар бир жарандын ыйык парзы деп көрсөтүлгөн.

Бул мыйзам боюнча Кыргыз Республикасынын бардык эркек жарандары тегине, социалдык жана мүлктүк абалына, расасына жана улутуна, саясий жана башка көз караштарына, билимине, динге болгон мамилесине, ишинин түрүнө жана мүнөзүнө, жашаган жерине карабастан, мамлекетибиздин Куралдуу Күчтөрүнүн катарында аскер кызматын өтөөгө милдеттүү.



Мекенди коргоо – жарандардын ыйык милдети.

Медициналык же башка атайын даярдыгы бар 19 жаштан 40 жашка чейинки кыз-келиндер тынчтык мезгилинде аскердик каттоого алынышып, аскердик жыйындарга тартылышы мүмкүн. Согуш мезгилинде кыз-келиндер республиканын Президентинин чечими менен Куралдуу Күчтөрдүн көмөкчү жана атайын бөлүктөрүнө чакырылышы мүмкүн.

Аскерге чакыруу мөөнөтүн кийинкиге калтыруу, ал гана эмес чакыруудан бошотуу (ден соолугунун абалы, үй-бүлөлүк жана башка жагдайлар боюнча) ушул мыйзам боюнча жана Кыргыз Республикасынын «Альтернативалык (аскердик эмес) кызмат жөнүндөгү» мыйзамында каралган. Кандайдыр бир себептер менен аскерде кызмат өтөй албаган, бирок ден соолугу альтернативалык кызмат өтөөгө жарамдуу жарандар альтернативалык кызмат өтөөгө чакырылат. Альтернативалык кызматтын мөөнөтү үч жылга белгиленген.

Аскер кызматын өтөөгө чакыруу жылына эки жолу – май-июнда жана ноябрь-декабрда Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы боюнча жүргүзүлөт. Чакырылуучу жарандардын санын Кыргыз Республикасынын өкмөтү белгилейт. Ал эми жарандардын чакыруу участкаларына келчү так күнү аскер комиссариаттары тарабынан аныкталат.

Мыйзамда чакыруунун бирдиктүү курагы 18 жаш болуп аныкталган. Ушул куррактагы жаштар орто билим алууну аякташат. Алардын дене жагынан өсүшү аскер кызматын өтөөгө байланыштуу иштерди аткарууга мүмкүндүк берет.

Аскер кызматын өтөө, Мекенди коргоо ар бир жарандын ыйык милдети экендиги шексиз. Биздин ата-бабалар эл үчүн, жер үчүн күрөшүп, жандарын кыйышкан. Алар сактап келген элди, жерди коргоо – азыркы жана келечек муундардын милдети.

Кыргыз Республикасынын жарандары Куралдуу Күчтөрдө кызмат өтөөдөн тышкары, чек араны коргоо аскерлеринде, Улуттук Гвардияда, Ички аскерлерде кызмат өтөөгө даярдыгы жетиштүү, татыктуу жарандардан чакырылат. Антке-ни, чек араны ар кандай бузуулар болуп кетиши мүмкүн, ошондуктан жоокерлер согуштук абалда кызмат өтөшөт.

Улуттук Гвардияга да даярдыгы жетиштүү, билимдүү жана дене түзүлүшү ылайык келген уландар чакырылат, алар ар кандай ардактуу короолдордо турушат. Өлкөбүзгө расмий визит менен келген башка мамлекеттердин башчыларын тосуп алууда ардактуу кароолдо турушат.

Ички аскерлердин негизги милдети мамлекеттеги коомдук тартипти сактоону камсыз кылуу болуп эсептелет. Алар массалык тартипсиздик чыгып кетсе, аны жоюу үчүн, табигый кырсыктардын убагында коомдук тартипти коргоо үчүн, камоо жайларын кайтаруу үчүн пайдаланылат.

**Аскер кызматчылары** – Кыргыз Республикасынын толук укуктуу жарандары. Алар жарандарга берилген бардык укуктардан жана эркиндиктерден пайдалана алышат. Бирок, алар кандайдыр бир саясий партияга мүчө болушуна же кол-

доп чыгышына жол берилбейт. Бул чектөө аскерлердин жалпы мамлекетке, элге кызмат кылышын шарттайт.

Ушуну менен бирге аскер кызматчыларынын өкүлдөрүнө гана тиешелүү укуктары жана милдеттери бар. Алар «Жалпы аскерге милдеттүүлүк жөнүндөгү» мыйзамда, аскердик антта, уставдарда баяндалган.

Ошондой эле, аскер кызматчылары бир катар атайын укуктарга да ээ. Мисалы, аскер кызматчысы кароолдук, патрулдук же суткалык наряддын курамында турганда ага атайын укуктар берилет. Кароолдо турганда жоокер зарылдыгына, жагдайга жараша курал колдонууга да укуктуу.

Тагылган милдеттерге жараша аскер кызматчыларынын жоопкерчилиги бир кыйла катуу белгиленген. Алар жазыгына жараша тартиптик, материалдык, административдик жазага жана кылмыш жообуна тартылышы мүмкүн. Тартиптик жазаларга эскертүү, сөгүш, катуу сөгүш жарыялоо, кезексиз нарядга тургузуу, гауптвахтага камоо, аскердик наамын төмөндөтүү ж. б. у. с. кирет. Жоокерлердин материалдык жоопкерчилиги аскер кызматчыларынын материалдык жоопкерчилиги жөнүндөгү жобо менен жөнгө салынат. Майданда зыянга учураган же жараксыз абалга келген курал-жарактарынын наркын төлөөгө жоокер милдеттүү эмес. Эгер аскер кызматчысынын шалаакылыгынан аскердик мүлккө зыян келсе, анда ал келтирилген зыянды толугу менен төлөөгө тийиш.

Бардык адамдар үчүн, алардын ичинде аскер кызматчылары үчүн да милдеттүү болгон жүрүш-туруш эрежелерин бузгандык үчүн, мисалы, жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн административдик жаза колдонулат.

Аскер кызматчыларын кылмыш жоопкерчилигине тартуу жалпы негиздерде эле жүргүзүлөт. Мындан тышкары, Кылмыш жана жаза кодексинде аскердик кылмыштар жөнүндө бөлүм бар, анда каралган кылмыш жасалса, ал үчүн да жооп беришет.

Өлкөбүздүн коопсуздугун коргоп, тынчтыкты сактап туруу үчүн Куралдуу Күчтөрдүн мааниси зор. Бирок, бул маселе боюнча аскерлердин күчтүүлүгүнө эле таянбастан, башка мамлекеттер менен тынчтыкта жашоо үчүн мамиле орнотуу талапка ылайык. Бул жагдайда биздин мамлекетибиз кол койгон келишимдер өтө маанилүү. Аскердик келишим Кыргызстан тарабынан КМШга кирген мамлекеттер менен да түзүлгөн. Бул мамлекеттер менен аскердик иштер боюнча кызматташтык кеңири. Ошондой эле, Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан мамлекеттери «Түбөлүк достук жөнүндөгү» келишимге кол коюп, ушул үч мамлекеттин бирине кол салуу бардык үч мамлекетке тең кол салуу деп табыларын жана алар чогуу коргонушарын белгилешти. Ошондой эле «Коллективдүү коопсуздук» келишими Кыргызстан, Россия, Казакстан, Белоруссия, Тажикстан жана Армения мамлекеттеринин ортосунда түзүлгөн. Кыргыз Республикасы НАТО менен бирдикте «Тынчтык үчүн кызматташтык» деген келишим түзгөн. Бул блок менен тынчтыкты бүт дүйнөдө сактоо үчүн иштер жүргүзүлүүдө.

Ушул жүргүзүлүп жаткан иштердин бардыгы – өлкөбүздүн коопсуздугун коргоп, тынчтыкты сактап, натыйжада элдин жыргалчылыгын камсыз кылууга жасалган аракет.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Кыргызстандын жарандарынын Мекенин коргоого укугу жана милдеттүүлүгү кайсы укуктук документте белгиленген?
2. Аскер кызматын кимдер өтөй алышат?
3. Аскер кызматын өтөөдөн бошотуу кандай негиздерде жүргүзүлөт?
4. Аскер кызматын өтөө үчүн чакыруулар кайсы мезгилдерде жүргүзүлөт?
5. Кыргыз Республикасында аскер бөлүктөрүнүн кандай түрлөрү бар жана алардын милдеттери жөнүндө эмнелерди билесиң?

6. Аскер кызматчыларынын укуктары кандай?
7. Аскер кызматчыларынын кандай жоопкерчиликтери бар?
8. Кыргыз Республикасында тынчтыкты сактоо үчүн кандай иштер аткарылууда?

## § 17. Нике жана үй-бүлө, ата-эне жана бала

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын **36**-беренесинин 1-пунктунда:

**Үй-бүлө** – коомдун негизи. Үй-бүлө, ата болуу, эне болуу жана балалык – бүткүл коомдун камкордугуна алынат жана мыйзам тарабынан артыкчылыктуу корголот деп белгиленген.

Үй-бүлөнүн коом үчүн, мамлекет үчүн мааниси чоң. Үй-бүлө канчалык бекем болсо, балдарга тарбияны жакшы берсе, коом дагы бекем, туруктуу болуп, натыйжада мамлекеттин өнүгүп-өсүшүнө оң таасирин тийгизет. Республикабыздын



Бишкек шаарындагы Бакыт үйү.

башкы мыйзамында үй-бүлө, ата, эне, балалык бүткүл коомдун камкордугуна алынып, мыйзам тарабынан артыкча корголууга алынары бекеринен белгиленген эмес.

Никенин, үй-бүлөнүн мааниси өтө чоң экендигине байланыштуу республикабызда Нике жана үй-бүлө жөнүндө кодекс бар, ал – ушул маселелер боюнча мыйзамдардын жыйындысы. Бул Кодекс үй-бүлө мамилелерин жөнгө салат. Үй-бүлө түзүш үчүн оболу никеге туруш керек. Никелешүү үчүн нике курагы 18 жаш деп белгиленген. Бул чектөө жаштардын организми жетилип, балалуу болуу алардын ден соолугуна зыян алып келбеши үчүн коюлган. Өзгөчө учурларда райондук жергиликтүү бийлик тарабынан кызга 17 жашында турмушка чыгууга уруксат берилет. Үй-бүлө куруунун натыйжасында төрөлө турган балдардын ден соолугу чың болушун, кем акыл жаралбашын көздөп, Кодекс тарабынан жакын туугандардын, жин оорусу барлардын же кем акыл адамдардын никеге туруусуна тыюу салынган. Бир караганда бул гумандуу чара катары көрүнбөшү мүмкүн. Бирок, чындыгында бул чектөө келечек муундардын, наристелердин кем акыл, оорулуу болуп калбашына берилген кепилдик болуп эсептелет.

Ошондой эле, никеге туруучулардын бирөө башка никеде болсо, жаңы никени түзүүгө болбойт.

Кодекс тарабынан никеге туруунун ыктыярдуулугу белгиленген. Никеге туруу үчүн эркектин да, аялдын да макулдугу талап кылынат. Никеге туруу үчүн арыз берилгенден кийин ЗАГС органдары жаш жубайларга ойлонуу үчүн бир айлык мөөнөт берет. Эгер, никеге турууну алар чындап чечкен болсо, бир айдан кийин каттоодон өтүшүп нике тууралуу күбөлүгүн алышат. Бул шарттын туура экендигин тажрыйба көргөзүп жүрөт, анткени бир топ учурларда жаштар никеге туруу жөнүндө арыз берип, сыноо мөөнөтү бүткөндө кайра келишпейт. Бул болсо, алардын никеге туруу жөнүндөгү чечимди шашып кабыл алгандыктарын көрсөтөт.

Ал эми сыноо мөөнөтүн өткөрүп, никеге туруп, нике күбөлүгүн алгандан кийин жаш жубайларда бири-бирине карата белгилүү укуктар жана милдеттер пайда болот. Булар жекече жана мүлктүк болуп бөлүнөт.

Мисалы, фамилияны тандоо жекече укуктарга кирет. Өзүнүн каалоосу менен жубайлардын бири же күйөөсүнүн же аялынын фамилиясына өтө алат, же болбосо ар кимиси өзүнүн мурдагы фамилияларын сактап кала алат. Ишти, кесипти тандоо боюнча жубайларга жекече укук камсыз кылынат. Никелешүүдөн кийин жашоо ордун тандоодо да жубайларга жекече укуктар берилет. Бул жөнүндө үйлөнгөнгө чейин эле макулдашып алуу керек, күйөө менен колукту ар башка шаарлардан, райондордон, айылдардан болгон учурларда бул өзгөчө зарыл.

Жубайларга мыйзам боюнча үй-бүлөлүк турмуштун жана балдарды тарбиялоонун маселелерин биргелешип чечүү укугу берилген. Үй-бүлөлүк иштерде акыл-эс менен макулдашып маселе чечүү – жаш жубайлардын алдындагы эң негизги милдет.

Жубайлардын мүлктүк укуктары төмөндөгү жобого негизделет:

Никеге чейинки ээ болгон бардык мүлктөрү күйөөсүнүн же аялынын өздүк менчиги болуп, ал эми никеге турган мезгилде ээ болгон мүлктөрү жубайлардын жалпы менчиги болуп эсептелет.

Үй-бүлөнүн бузулушу – жубайлар үчүн да, ошондой эле жалпы коом үчүн да терс көрүнүш. Бир эле үй-бүлө бузулганда коомдун маанилүү очогу бузулуп, анын туруктуулугу начарлайт. Тилекке каршы, никеден ажырашуулардын саны али да болсо арбын. Мындай терс көрүнүштү болтурбоо үчүн үйлөнүү маселесине жеңил карабай, бардык жактан таразалап, көңүл менен турмуш куруу жана андан кийин да үй-бүлөнү ыйык тутуп, сактай билүү зарыл.

Үй-бүлөнүн бузулушу – никеден ажырашуунун бирден-бир негизи болуп эсептелет. Үй-бүлөнү сактап калуунун кан-

дайдыр бир мүмкүндүгү болгондо сот жана ЗАГС органдары жубайларды жараштыруу үчүн бардык чараларды көрүүгө милдеттүү.

Конституциябызда белгиленгендей, балага камкордук көрүү – ата-эненин милдети, ошондой эле жашы жеткен, эмгекке жарамдуу балдар дагы ата-энесине камкордук көрүүгө милдеттүү.

Үй-бүлөнүн башкы максаты – балдарды тарбиялап өстүрүү. Көпчүлүк ата-эне бардык мүмкүнчүлүгүн балдары үчүн жумшап, аларга жакшы билим берип, келечектеги турмушунун жакшы болуусуна аракет кылышат. Бирок, тилекке каршы, балдарына такыр көңүл бурбаган, өзүлөрү ичкиликке берилип кеткен, натыйжада балдары окубай же тамакка курсагы тойбой, көчөдөгү ар кандай жаман иштерге аралашып, аягында кылмыштарды жасоого барып жаткан учурлар да жок эмес.

1959-жылдын ноябрында БУУнун Генералдык Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган Балдар укуктарынын декларациясында мындай деп айтылган: «Балага мыйзам жана



башка каражаттар аркылуу атайын коргоо камсыз кылынып, мүмкүндүктөр жана шарттар түзүлсө, баланын дене, акыл-эс, адептик, рухий жана социалдык жактан сергек жана нормалдуу жол менен эркиндиктин жана урматтоонун шарттарында өсүшүнө мүмкүндүк берер эле».

Балдардын укуктары биздин мыйзамдарыбызда бекемделген. Эмгек мыйзамдары боюнча балдардын эмгегин пайдаланууга тыюу салынган. Эгер ата-энеси балдарын тарбиялай албай, карабай коюшса, алар ата-энелик укуктан сот тарабынан ажыратылып, балдар мамлекеттин багуусуна алынат. Балдардын таламдарына көңүл бурбаган жана аларды өстүрүү, тарбиялоо ишине зыян келтирген адамдар укуктук жактан катуу жазаланат.

Ата-энесинен ажыраган балдардын бар экендиги белгилүү, алар – же ата-энесинин бузулуп кеткендигине байланыштуу алардан эч тарбия, багуу көрбөй калган балдар, же тилекке каршы, ата-энеси каза болуп калган балдар. Балдарынан ажыраган ата-энелер да болот. Мында биз, балдарынан тирүүлөй ажырап калгандар жөнүндө айтып жатабыз. Ата-эне баласын чоңойтуп, багып өстүргөндөн кийин, аларды баласы карабай таштап кеткен учурлар кездешет. Ал турсун карылар үйүнө жеткирип салгандар да бар. Бул – биздин элдин салтына жатпаган көрүнүш. Ошондуктан, Конституциядагы ата-эне үчүн балдары кам көрө тургандыгы жөнүндөгү жобо мыйзамдарда өнүктүрүлгөн. Ошентип, уулдун же кыздын парзы адептик, укуктук мааниге ээ болду. Үй-бүлөлүк укуктук ченемдерге ылайык жашы жеткен балдар жардамга муктаж ата-энелерин багууга милдеттүү. Антпесе, ата-энелер сотко кайрылып, аларды кам көрүүгө милдеттендирүүгө мыйзам жол берет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы биздин элибиздин салтын колдоп, **37**-берененин 2-пунктунда: улууларды урматтоо, туугандары менен жакындарына камкордук көрүү ар бир адамдын милдети деп белгиленген. Кыргыз элинин макалы бар: «Улууга сый, кичүүгө урмат» деген. Улууну сыйлоо, жакындарына, бей-бечараларга камкордук көрүү

сыяктуу кыргыз элинин илгертеден келе жаткан ыйык салтын биздин мамлекет эркиндикке жетип, Конституциябызды кабыл алганда укуктук деңгээлге чейин көтөрдү. Бул жобо коомубуздун өнүгүп, өсүшүнө, адамдардын ортосундагы мамилелердин жакындашына, элибиздин рухий абалынын бийиктешине көмөгүн көрсөтөрү шексиз. Бирок, буга окшогон жоболорду адамдар көңүлү менен колдобосо, ал жазуу жүзүндө эле калышы мүмкүн. Ошондуктан, элдин жакшы салттарын, мыйзамды бала кезден урматтап, сыйлап жана аткаруу керек.

## КОШУМЧА МАТЕРИАЛ
### Кыргыз Республикасынын Конституциясы (Үзүндү)

**36-берене**

1. Үй-бүлө – коомдун негизи. Үй-бүлө, ата болуу, эне болуу, балалык – бүткүл коомдун камкордугуна алынат жана мыйзам менен артыкчылыктуу корголот.

2. Ар бир бала анын дене-боюнун, акыл эсинин, ички рухий, ыймандык жана социалдык өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлине укуктуу.

3. Баланын өнүгүшү үчүн зарыл болгон жашоо шарттарын камсыздоо жоопкерчилиги өздөрүнүн жөндөмдөрү менен финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша баланы тарбиялап жатышкан ата-эне менен тарбиячы адамдардын ар бирине жүктөлөт.

4. Мамлекет жетим балдарды жана ата-энесинин камкордугунан ажыраган балдарды багууну, тарбиялоону, окутууну камсыз кылат.

5. Нике курагына жеткен адамдар никеге турууга жана үй-бүлө күтүүгө укуктуу. Бир дагы нике никеге туруучу адамдардын ыктыярдуу, эки тараптуу макулдугусуз түзүлбөөгө тийиш. Нике мамлекет тарабынан каттоого алынат.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Үй-бүлөнүн коом үчүн кандай пайдасы бар?
2. Никеге турууга канча жаштан уруксат берилген?
3. Никеге туруу үчүн кандай шарттар талап кылынат?

4. Жубайлардын жекече жана мүлктүк укуктары кандай?

5. Балдардын укуктары жөнүндө эмнени билесиң?

6. Балдардын жана ата-энелердин милдети жөнүндө айтып бер?

7. Кыргыз Республикасынын Конституциясына кыргыз элинин салтына байланыштуу кандай жобо киргизилген?

## § 18. Эмгектенүүгө укук, социалдык камсыздандыруу

Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана эмгек жөнүндөгү мыйзамдары эмгектенүү укугун кеңири баяндап жана анын аткарылышын камсыз кылат. **Эмгектенүү укугу** – бул иштөөгө жана иштеп каражат табууга гана укуктуулук эмес, ошондой эле жарандык жөндөмдүүлүгү менен талanttын өнүктүрүүгө да укуктуулук болот. Көптөгөн мамлекеттерде бул укук Конституцияларда жазылган. Бирок бул укукту жарыялоо аздык кылат, аны ишке ашыруу керек. Кыргызстанда бул укукту ишке ашыруу төмөндөгү шарттар менен камсыз кылынат.

**1. Кыргыз Республикасынын жараны бардык түрдөгү жана жагдайдагы эмгегинин корголушуна укуктуу.** Мурдагы социалисттик коомдун убагында эмгектенүүнүн көптөгөн түрлөрүнө тыюу салынган эле. Мисалы, жекече ишкердик жүргүзүүгө жана жекече коммерция кылууга тыюу салынып, аны бузган адамдар кылмыш жообуна тартылышчу. Азыр болсо, жарандар кандай гана түрдө болбосун жана ар кандай жагдайларда эмгек кылууга укуктуу. Бирок, мамлекеттин, коомдун жана жарандардын кызыкчылыгына карама-каршы келген иштерди иштөөгө мыйзам тарабынан жол берилбейт. Мисалы, спирт ичимдиктерин чыгаруу боюнча мамлекеттик монополияны бузуу же баңги заттарын, курал-жарактарды жасоо сыяктуу иштер. Бул чөйрөдө адамдарга жекече ишкердик жүргүзүүгө болбойт.

**2. Коопсуздук жана гигиена талаптарына жооп берген эмгек шартына укуктуулук.** Жумуш берип жаткан ишкана, ал мамлекеттик, коомдук же жеке менчикте болобу, техника коопсуздугуна, гигиенанын талаптарына жооп берген шарттарды түзүүгө милдеттүү. Бул коопсуздуктун ченемдери мыйзамдар тарабынан белгиленген. Ал ченемдер бузулган учурларда техника коопсуздугу, өрт коопсуздугу боюнча көзөмөл, санитариялык көзөмөл органдары тарабынан ар кандай эскертүү, жаза чаралары, ал түгүл, ишкананы жабууга чейинки чаралар колдонулушу мүмкүн.

**3. Жарандар жумушсуздуктан социалдык коргоого алынууга укуктуу.** Мыйзам боюнча жумушсуз адамга мамлекет тарабынан жөлөк пул төлөнөт. Мамлекет андай адамдардын башка кесипке үйрөнүүсүнө жана ага ылайык башка жумуш ордун таап берүүгө көмөктөшөт. Бул чара эмгектенүү укугун жөн гана жарыялап койбостон, анын чыныгы камсыз болушуна мамлекет тарабынан көрүлгөн камкордук болуп эсептелет.

**4. Мамлекет жарандарды кесипке үйрөтүүгө жана алардын адистик чеберчилигин жогорулатууга кам көрөт.** Мамлекет адистикке ээ болуу үчүн жарандарга мүмкүндүк берет. Бул чара өлкөбүздөгү кесиптик-техникалык окуу жайларынын кеңири тармагынын бар экендиги жана аларда окутуу бекер жүргүзүлгөндүгү менен камсыз кылынат.

**5. Согуш, табигый кырсык, эпидемия жана башка өзгөчө абал учурларынан, ошондой эле соттун өкүмү боюнча жаза өтөөдөн башка учурларда мажбурлап иштетүүгө тыюу салынат.** Бул жобо – эмгектенүү милдет эмес, укук экендигин ырастайт. Адамды мажбурлап иштетүүгө мыйзам тыюу салат. Бирок, өзгөчө учурларда коомдун, мамлекеттин, жарандардын жана ошол эле жеке адамдын өзүнүн жалпы кызыкчылыгы үчүн ар кандай иштерди аткарууга туура келет. Мисалга алсак, согуш учурунда шаарды коргоо үчүн окоп, траншея казуу керек болуп калса, ага кесибине, жашына карабай ошол шаардын калкы тартылууга мүмкүн. Же болбосо,

жер титирөөдөн калктуу конуш кыйрап калса, үйлөрдүн алдында калган адамдарды чыгаруу үчүн иштей ала турган адамдар чакырылышы мүмкүн. Мындай учурларда, бул жумушту аткарууга катышпайм, менин эмгек укугумду бузуп жатасыңар деп айтуунун өзү барып турган акылсыздык болор эле.

**6. Эмгек келишими боюнча иштеген жарандар тиричилик каражаттарынын мамлекет аныктаган эң төмөнкү чегинен кем эмес акы алууга укуктуу.** Жеке адамга тиешелүү ишканабы же мамлекеттик ишканабы, жумушка эмгек келишими менен кирген адамга төлөнүүчү эмгек акы жумуштун көлөмүнө карабастан, мамлекет аныктаган эң төмөнкү чектен кем болбошу керек.

**7. Жарандардын иш таштоого укуктуу экендиги Конституция тарабынан бекемделген.** Иш таштоону өткөрүүнүн тартиби жана шарттары мыйзам тарабынан аныкталган. Бул укук эмгек укугун жүзөгө ашыруунун эң маанилүү шарты болуп эсептелет. Анткени, иш таштоо аракеттери эмгектенүүнүн шарттары бузулганда, аны жоюуга иш берүүчүнү аргасыз кылуу максатында жасалат жана эреже катары натыйжалуу болот. Мисалы, Англиядагы, Россиядагы шахтёрлордун иш таштоолорун эстегиле. Алар эмгек акыны көбөйтүүнү жана убагында берүүнү, ошондой эле жумуш шарттарын жакшыртууну талап кылышкан. Натыйжада талаптарынын аткарылышына жетишкен.

Биз Конституцияда белгиленген эмгек укугун жүзөгө ашыруучу башка шарттарды талдадык. Эмгек мамилелери өтө татаал, ошондуктан эмгек тууралуу мыйзамдар чогултулуп, өзүнчө Эмгек кодекси иштелип чыккан. Бул Кодексте эмгектенүү, ал түгүл эс алуу жана социалдык камсыздандыруу маселелери да камтылган. Эми биз, силерге керектүү болгон эмгек жолунун башталышы, жаштардын эмгектенүүсү жөнүндөгү маселелерге кайрылалы.

Ишке кирип жатканда, мыйзам боюнча жаш адамдын, баарыдан мурда жашы такталат, себеби өспүрүмдөр 15 жа-

шынан баштап иштей алышат. Бул учурда 16га толгонго чейин жумуш убактысынын узактыгы жумасына 24 саат гана болот, ал эми 16 жаштан 18 жашка чейин 36 саатты түзөт. 18ге чыккандан кийин жумуш убактысы бардык жарандар үчүн жумасына 41 саат.

Жаштардын кандай адистик боюнча иштегиси келгендиги да мааниге ээ, анткени жашы жетпегендер үчүн тыюу салынган кесиптер да бар.

Мисалы, 18 жашка чейин шахтёр, газ менен ширетүүчү, уста болууга мүмкүн эмес. Бул учурда мыйзам медицина менен тыгыз байланышта болуп, жаш жарандардын ден соолугун сактоо максатын көздөйт. Ал эми бул кесиптерди үйрөнүүгө 18 жашка толгонго чейин эле уруксат берилет. Эмгек кодексинде жашы жетпегендерди түнкү жана оор иштерге, дем алыш күндөрү иштетүүгө тыюу салынган.

Мындай чектөөлөр кыздарга карата бир кыйла катуу, анткени алар назик келишип, уландарга караганда алы чектүү. Мисалы, кыздар үчүн жүк көтөрүү ченеми уландарга караганда бир кыйла төмөн.

Мыйзам боюнча жашы жетпегендер үчүн бир катар жеңилдиктер берилген. Мисалы, алар өргүүнү дайым жайында алышат. Алардын өргүүсүнүн узактыгы да чоңдордукунан көбүрөөк. Окууну иш менен айкалыштырып жаткандар үчүн да мыйзамда жеңилдетилген шарттар түзүлгөн.

Азыркы мезгилде, коомубуз рынок экономикасына өтүп жаткан учурда эмгек жөнүндөгү мыйзамдардын кээ бир жоболору кайрадан каралууда. Бирок, эмгекчилердин укуктарынын азайышына Конституция жол бербейт.

Эмгекке болгон укуктардан тышкары милдеттер да бар. Башкы милдеттердин бири эмгек тартибин сактоо болуп эсептелет. Ишке себепсиз келбей калса, жасаган ишинен брак кетирсе, администрация аларды тартиптик жоопкерчиликке тартат. Мындай жоопкерчиликке сөгүш жарыялоо, эмгек акысы төмөн ишке которуу жана иштен бошотуу кирет.

Кызматкер же жумушчу өзү иштеген ишканага же мекемеге зыян келтирсе, анын материалдык жоопкерчилигин

кароо мүмкүн. Мисалы, жасаган продукциядан брак кетиргендерден чыгымды төлөтүү үчүн орточо эмгек акыдан ашпаган сумманы администрация төлөтүп ала алат. Эгерде көп өлчөмдөгү чыгым келтирилсе кылмыш жообуна да тартылышы мүмкүн.

Эмгек тартибин бузгандык үчүн да, эгер ал оор натыйжаларга алып келсе, күнөөлүү адамдар кылмыш жообуна тартылышат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын **42**-беренесинин жана Эмгек жөнүндөгү, Социалдык камсыздандыруу жөнүндөгү мыйзамдарга ылайык, жумушчулар менен кызматчылар, ал эми тийиштүү учурларда алардын үй-бүлө мүчөлөрү да мамлекеттик социалдык камсыздандыруу иретинде төмөндөгүлөр менен камсыз кылынат:

**1.** Эмгекке убактылуу жарамсыз болуп калганда, аялдарга кош бойлуу кезинде, төрөгөндүгүнө жана баланы 1 жашка чейин багуу учурунда жөлөк пул төлөнөт.

**2.** Карылык, майыптык үчүн жана багып жаткан адамынан ажырап калган үй-бүлө мүчөлөрүнө баарakы төлөнөт.

Бул чаралар мамлекеттин эсебинен жана социалдык камсыздандыруу фондусунан төлөнөт.

## КОШУМЧА МАТЕРИАЛ
## Кыргыз Республикасынын Конституциясы
## (Үзүндү)

### 42-берене

1. Ар ким өз мүлкүнө, өз ишмердигинин натыйжаларына ээ болуу, колдонуу жана тескөө укугуна ээ.

2. Ар ким экономикалык эркиндикке ээ, өз жөндөмдүүлүгү менен мүлкүн мыйзамда тыюу салынбаган ар кандай экономикалык ишмердүүлүк үчүн эркин колдонууга укуктуу.

3. Ар ким эркин эмгектенүүгө, эмгекке жөндөмдүүлүгүн пайдаланууга, кесибин жана иштин түрүн тандоого, коопсуздуктун жана гигие-

нанын талаптарына жооп берген эмгектик коргоого жана эмгек шарттарына укуктуу, ошондой эле мыйзам менен белгиленген жашоо минимумунан төмөн болбогон эмгек акы алуу укугуна ээ.

**43-берене**

1. Ар ким иш таштоого укуктуу.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Жарандардын эмгек укугу кайсы ченемдик актыларда бекитилген?
2. Жарандар кандай түрдө жана жагдайда эмгектене алышат?
3. Эмгек укугун кепилдеген шарттар жөнүндө айтып бер?
4. Кайсы учурда жарандарды милдеттүү түрдө жумушка тартууга болот?
5. Жарандарга эмгек акы төлөөнүн башкы шарты кандай? Кыргызстанда жарандар иш таштоого акылуубу?
6. Жумушка кайсы жаштан баштап орношууга болот?
7. Жаштар үчүн эмгек убактысынын узактыгы кандай?
8. Кандай жумуштарда иштөөгө жаштарга тыюу салынат?
9. Жаш жумушчулар үчүн жеңилдиктер жөнүндө эмне билесиң?
10. Эмгек тартибин бузгандык үчүн кандай жоопкерчиликтер бар?
11. Социалдык камсыздандыруунун кандай түрлөрү бар?

## § 19. Билим алуу жана ден соолукту сактоо укугу

**1. Билим алуу укугу.** Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар бир жарандын билим алууга укуктуу экендигин белгилеген. Алар жынысына, улутуна, тилине, социалдык же мүлктүк абалына, ишинин түрүнө, жашына, мүнөзүнө, динине, саясий жана диний ишенимдерине, жашаган жерине же башка жагдайларга карабастан, билим алууга укуктуу.

Кыргыз Республикасында билим берүүнүн бардык деңгээлинде мамлекеттик билим берүү стандарттары белгиленет.




Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлиги.

**Алар өзүнө негизги билим берүү программаларынын чегин, бүтүрүүчүлөрдүн сапатына коюлган базалык талаптарды, окуучуларга жол бериле турган окуу талаптарынын чегин камтыйт.**

**Кыргыз Республикасында билим берүү программалары жалпы жана кесиптик болуп бөлүнөт.**

**Жалпы билим берүү программалары адамдын жалпы маданий деңгээлин, интеллекттин түзүү, инсанды коомдо жашоого үйрөтүү, кесиптик билим программаларын туура тандап жана өздөштүрүүгө негиз түзүү боюнча милдеттерди аткарат.**

**Жалпы билим берүү программалары төмөнкүдөй бөлүктөрдөн турат:**

**– мектепке чейин билим берүү (үй-бүлөдө, бала бакчада);**

**– башталгыч билим берүү (1–5-класс);**

**– негизги жалпы билим берүү (1–11-класс).**

Кесиптик билим берүү программаларына:

– кесиптик баштапкы билим берүү (кесиптик-техникалык окуу жайлар, лицейлер);

– кесиптик орто билим берүү (техникумдар, колледждер);

– кесиптик жогорку билим берүү (институттар, университеттер);

– жогорку окуу жайлардан кийинки кесиптик билим берүү (ординатура, адъюнктура, аспирантура ж. б.).

Силер азыр негизги жалпы билим берүү программасын аяктоонун алдында турасыңар. Күбөлүк алган соң орто (толук) билим алуу үчүн мектепте кала аласыңар, же болбосо, баштапкы же жогорку билим алуу үчүн кесиптик-техникалык окуу жайларына, лицейлерге, техникумдарга же колледждерге кетүүгө мүмкүндүк аласыңар.

Өзүңөр билгендей, мектепте окуу акысыз жүргүзүлөт, ал түгүл окуу китептери дагы бекер берилет. Каалагандар жана мүмкүнчүлүгү бар ата-энелер балдарын акы төлөп, менчик мектептерге, лицейлерге берсе болот. Менчик мектептердин окуу программасы сөзсүз түрдө мамлекеттик мектеп өтө турган программаны өзүнө камтууга тийиш. Орто мектепти бүтүп, билимге ээ болуу укук гана эмес, милдет да болуп эсептелет. Ошондуктан, ар бир бала мектепте окуш керек. Мамлекет бардык адамдар үчүн ар кимдин жөндөмүнө жараша кесиптик, атайын орто жана жогорку билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат. Бул мүмкүнчүлүк жарандарга мамлекеттик окуу жайлардан билим берүү менен гана ишке ашырылбайт, анткени билим алууну каалаган адамдын баарын окуу жайларга кабыл алып, окутуу мүмкүн эмес. Ошондуктан мамлекеттик эмес, коммерциялык окуу жайларды ачууга уруксат берилген. Алардын санына чектөө коюлбайт. Окуу жайынын талабына жооп берген лицей, колледждер жана башка жогорку окуу жайлары Билим берүү министрлигинен лицензия алышып, көптөгөн жаштарды окутуп жатышат.

Кыргызстанда жаштардын билим деңгээли кыйла жогору. Мында 16 жаштан 30 жашка чейинки курактагы 1000

адамга жогорку билимдүү 50 адам, толук эмес жогорку билимдүү жана атайын орто билимдүү 155 адам, жалпы орто билимдүү 536 адам жана толук эмес орто билимдүү 220 адам туура келет.

Жаштардын сапаттуу билим алышына мүмкүнчүлүктөр көп. Республиканын 40ка жакын жогорку окуу жайлары менен техникумдарында 146 адистик боюнча 60 миңден ашык студент окуйт. Эгемендик алгандан кийин ачылган Кыргыз-Орус Славян университети, Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Нарын университети сыяктуу көптөгөн окуу жайлары натыйжалуу иштеп жатышат. Азыркы мезгилде биздин өлкөгө келип жаткан чет өлкөлүк насыялардын кыйла бөлүгү билим берүүгө жана кадрларды даярдоого, студенттик аудиторияларды азыркы учурдун техникасы менен жабдууга жумшалууда, илимий жана билим берүү программаларына чет өлкөлүк гранттар бөлүнүүдө.

**2. Ден соолукту сактоо укугу.** Кыргыз Республикасында жарандар ден соолугун сактоого, мамлекеттик саламаттык сактоо мекемелеринин кызматынан акысыз пайдаланууга укуктуу. Бул укук Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган бардык жарандарга медициналык жардамды алуу укугун жүзөгө ашырууга бирдей мүмкүнчүлүк түзүү, медициналык жардамдын ар бир этабына кепилденген дарылоо-алдын алуу жардамынын базалык өлчөмүн белгилөө, медициналык жардам менен бардык жарандарды камсыз кылуу аркылуу ишке ашырылат.

Жарандар врачтарды жана дарылоо-алдын алуу мекемелерин эркин тандап алууга укуктуу, ошондой эле кечиктирилгис медициналык жардамды муктаж болгон адамга ар бир медициналык мекеме менчигинин түрүнө жана кайсы ведомствого баш ийгенине карабастан, көрсөтүүгө милдеттүү. Мындай жардамды көрсөтүүдөн баш тарткан врачтар кылмыш жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн.

Жарандарды акы төлөнүүчү медициналык тейлөө мүмкүнчүлүгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте каралган.

Мурдагы социалисттик системанын убагында жеке менчиктеги үй буюм-тайымдарынан башкасы мамлекеттин жана коомдук уюмдардын менчигинде болгондугуна байланыштуу саламаттык сактоо тармагынын мекемелери (поликлиникалар, ооруканалар) мамлекеттик гана болучу. Жеке менчик дарылоочу мекемелерди ачууга уруксат берилген эмес. Азыр мындай жайларды ачууга жана медициналык жактан акы төлөтүп тейлөөгө мыйзамда аныкталган негизде жана тартипте жол берилет, башкача айтканда алар мыйзамдын, мамлекеттин көз алдында болушат. Коомубуз эркин рынок экономикасына өтүп жаткандыгына байланыштуу саламаттык сактоо системасын реформалоо жүргүзүлүп жатат. Бул реформанын негизги багыты жарандарды медициналык жактан камсыздандырууну жүргүзүү менен байланышкан. Муну кандайча түшүнүүгө болот. Жарандар ай сайын айлыгынан медициналык камсыздандыруунун фондусуна белгилүү өлчөмдө акча төлөп турушат жана ушул төлөөлөрдүн негизинде медицина мекемелери иштешип, ооруп калган жарандарды дарылашат. Бирок, турмуш деңгээлинин төмөндүгүн эске алуу менен медициналык камсыздандырууга өтүү, адегенде ыктыярдуулук менен, анан милдеттүү түрдө жүргүзүлүп, 1997-жылдан баштап ишке ашырыла баштаган. Бирок бул реформанын негизинде мамлекеттик медициналык мекемелер жоюлуп калбайт. Камсыздандыруу фондусуна төлөмүн төлөй алышпаган, жардамга муктаж адамдар мамлекеттик дарылоо жайларынан дарылана алышат.

Кыргыз Республикасынын өкмөтү саламаттыкты сактоо ишине ар дайым көңүлүн буруп турат. Мисалы, 1996–2000-жылдарга «Дени сак улут» программасы кабыл алынган. Ал программага ылайык саламаттык сактоо мекемелеринин ишин кайрадан жакшылап жолго коюу, курамында ургаалдуу кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү дарылоону уюштуруу менен борбордук, райондук, облустук, шаардык жана республикалык ооруканаларды кайрадан уюштуруу пландаштырылган. Бирдиктүү диагностикалык блоктор, калыбына

келтирүүчү дарылоо блоктору ишке киргизилет. Медициналык жардам көрсөтүүнүн адистештирилген түрлөрү өнүгөт.

Дарыкана мекемелерин акциялоо жүргүзүлүп, коммерциялык кабинеттер, поликлиникалар, ооруканалар (мамлекеттик саламаттык сактоо системасын сактоо менен) ачылып иштеп жатат.

Кадрларды даярдоо жагында да реформа жүргүзүлүп жатат, адистик деңгээлин, аткарылып жаткан иштин көлөмүн, татаалдыгын эске алуу менен, медициналык кызматкерлерге төлөнүүчү эмгек акынын өлчөмү да акырындык менен жогорулоодо. Ушул чаралардын бардыгы көрсөтүлүүчү жардамдын деңгээлин жана сапатын жогорулатары шексиз.

## КОШУМЧА МАТЕРИАЛ
### Кыргыз Республикасынын Конституциясы
### (Үзүндү)

**47-берене**

1. Ар ким ден соолугун коргоого укуктуу.

2. Мамлекет ар бир адамды медициналык жактан тейлөө үчүн шарт түзөт жана саламаттыкты сактоонун мамлекеттик, муниципалдык жана жеке секторлорун өнүктүрүү боюнча чараларды көрөт.

3. Акысыз медициналык тейлөө, ошондой эле жеңилдик шарттарындагы медициналык тейлөө мыйзамда каралган мамлекеттик кепилдиктердин чегинде жүзөгө ашырылат.

4. Кызмат адамдары кишилердин өмүрү жана ден соолугу үчүн коркунуч туудурган фактыларды жана жагдайларды жашырып койсо, мыйзамда көрсөтүлгөн жоопкерчиликке кириптер болот.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Кыргызстанда билим берүү кандай негизде жүргүзүлөт?
2. Билим берүүнүн кандай программалары бар?
3. Жеке менчик окуу жайларын ачууга болобу?
4. Мамлекеттик окуу жайларында окутуу кандай негиздерде жүргүзүлөт?
5. Кыргызстандын жарандары саламаттыгын сактоо боюнча кандай укуктарга ээ?

6. Саламаттык сактоо системасында жүргүзүлүп жаткан реформанын маңызы эмнеде?
7. Кыргыз өкмөтү саламаттыкты сактоо боюнча кандай иш-чараларды аткарууда?

## § 20. Жарандардын укугун жана эркиндигин коргоо – мамлекеттин милдети

Жарандардын укуктары менен эркиндиктери Конституцияда жөн гана жарыяланып калбастан, ошол эле Конституция жана башка мыйзамдар тарабынан корголот жана алардын аткарылышы камсыз кылынат. Жарандардын укуктары жана эркиндиктери, биринчиден, мыйзамда бекемделиши менен, экинчиден, ошол жоболордун аткарылышын камсыз кылуучу мамлекеттик органдардын түзүлүшү менен кепилдикке алынган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан бекемделген укуктар менен эркиндиктердин негизги башаты болуп, жарандарга Конституцияда жана башка мыйзамдарда тыюу салынып, чектөө коюлган иш-аракеттерден башка бардык аракеттерди жана иштерди жүргүзүүгө уруксат берилгендиги эсептелет. Бул жобо коомубуздагы демократиянын чоң жеңиши деп айтсак туура болор эле, себеби мурда советтик мезгилде жарандар тыюу салынган иш-аракеттерди да, ошондой эле, атайын уруксат берилбеген иштерди да жасоого укугу жок эле. Бир ишти баштоо үчүн сөзсүз түрдө бийлик органдарынан уруксат алууга тийиш эле, ал эми көпчүлүк нерселерге тыюу салынып келгендиги белгилүү.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында жарандардын укугу менен эркиндигин толук, сөзсүз, токтоосуз коргоо, бул жагынан укук бузууларга жол бербөө жана бузулган абалды өз ордуна келтирүү – мамлекеттин, анын бардык органдары менен кызмат адамдарынын милдети деп белгиленип, ошол укуктар камсыз кылынары айтылган.

Жарандардын укугу бузулса, аны коргой турган органдардын кеңири системасы түзүлгөн. Бул, биринчиден, укук коргоо органдары өз компетенциясынын чегинде бузулган укукту ордуна келтирүүгө күч жумшашат, экинчиден, мамлекеттик бийлик органдары мыйзам чегинде укуктун бузулбашына жана бузулса ордуна келтирүүгө милдеттүү болуп эсептелишет.

Ал эми ар кандай укук бузууларды ордуна келтирип, мыйзам чегинде аткарылышы үчүн бирдей чечим кабыл ала турган орган – бул сот органдары. Мурунку мезгилде, сот органдары негизинен жаза чектей турган орган катары каралып келген. Азыркы Конституцияга ылайык сот органдары сот адилеттигин ишке ашыруучу орган болуп эсептелет. Кээ бир жарандар сотко барып, бузулган укугун ордуна келтирүү үчүн кайрылуу чыр адамдардын иши деп ойлошот. Бул – такыр туура эмес ой, анткени – сот мамлекеттик бийликтин өзүнчө бутагы, сот чыгарган ар бир иш боюнча чечим башкалар үчүн сабак болот. Бузулган укук үчүн күрөшүү – бул өз укугун гана калыбына келтирүү эмес, бул ошол укукту бузган орган же кызмат адамы үчүн сабак, андай бузуунун кайра кайталанбашы үчүн эскертүү болуп эсептелет. Эгер жарандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушуна каршы жарандардын өздөрү күрөш жүргүзүшпөсө – укуктар менен эркиндиктерди камсыз кылуу мамлекет үчүн татаал иш болуп калат.

Жарандардын укугу менен эркиндигинин мамлекеттик органдар тарабынан сакталышын камсыз кылуу үчүн мыйзамдуу күчүнө кирген сот өкүмү күнөөлүү деп таппайынча, жаран күнөөлүү катары эсептелбестиги белгиленген. Бул болсо жарандын укугунун жана эркиндигинин сакталышынын чоң кепилдиги болуп эсептелет. Мурда күнөө коюлганда эле, бирок сот тарабынан өкүм чыга электе эле, жаран укуктарынан ажырап калуучу.

Ошондой эле мамлекет мыйзамдар аркылуу ар бир адамды анын өздүк жана үй-бүлөлүк турмушуна мыйзамсыз жана

өз бетинче кийлигишүүдөн, анын ар-намысын, эркин кат алышуусунун жана телефон менен сүйлөшүүсүнүн жашырындуулугун бузуудан коргойт. Бирөөнүн турак жайына, тийиштүү орган уруксат берген убакта тинтүү жүргүзүлөт, коомдук тартипти коргоо, кылмышкерди кармоо, адам өмүрүн, саламаттыгын сактоо жана мүлкүн коргоого багытталган учурлардан башка убакта эч ким кире албайт.

Жарандын турак жайынын бул сыяктуу корголушу да анын укугунун жана эркиндигинин сакталышына мамлекет берген кепилдик болуп эсептелет.

Мамлекет тарабынан жарандардын укугунун жана эркиндигинин сакталышына шарт түзүү максатында адистешкен юридикалык жардам көрсөтүү кызматы колдоого алат. Бул максатты ишке ашыруу үчүн ар бир райондо юридикалык консультациялар уюштурулган, ал жерде адис юристтер иштешет жана ар дайым кайрылган жарандарга квалификациялуу кеңешин беришет.

Жарандар өздөрүнүн кандай укуктары жана эркиндиктери бар экендигин билүү үчүн, аларды белгилеген мыйзамдарды билүүгө тийиш. Ошондуктан, адамдын жарандык укугуна, эркиндигине жана милдеттерине тиешеси бар мыйзамдар массалык маалымат каражаттарына жарыяланмайынча күчүнө (колдонууга) кирбейт, себеби, мындай мыйзамдарда кандайдыр бир укуктук чектөөлөр же жаңы милдеттер коюлушу мүмкүн, ошондуктан аларды ар бир жарандын билүүсүнө мамлекет тарабынан мүмкүндүк берилиши керек.

## КОШУМЧА МАТЕРИАЛ
## Кыргыз Республикасынын Конституциясы
## (Үзүндү)

### 29-берене

1. Ар бир адам жеке турмушунун кол тийбестигине, ар-намысынын корголушуна укуктуу.

2. Ар бир адам кат-кабар алышууга, телефондук жана башка сүй-

лөшүүлөргө, почта, телеграфтык, электрондук дагы бөлөкчө жол менен кабарлашуулардын купуялуулугуна укуктуу. Бул укуктарды чектөөгө мыйзамга ылайык жана сот актысынын негизинде гана жол берилет.

3. Мыйзамда белгиленген учурлардан тышкары адамдын макулдугусуз анын жеке турмушу тууралуу маалыматты, жашыруун маалыматты жыйноого, сактоого, пайдаланууга жана жайылтууга жол берилбейт.

4. Ар бир адамга купуя маалыматты, адамдын жеке турмушу жөнүндө маалыматты укук-ченемсиз жыйноодон, сактоодон, жайылтуудан коргоо, анын ичинде соттук коргоо, кепилденет, ошондой эле укук-ченемсиз иш-аракеттер аркылуу келтирилген материалдык жана моралдык зыяндын ордун толтуртуп алуу укугуна кепилдик берилет.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Жарандардын укугун жана эркиндигинин корголушу кандай чаралар менен камсыз кылынган?
2. Жарандарга кандай иш-аракеттерди аткарууга уруксат берилген?
3. Жарандардын укугун жана эркиндигин коргоо милдети кимдерге жүктөлгөн?
4. Жарандардын укугун жана эркиндигин коргоо боюнча сот органдарынын мааниси кандай?
5. Адам кайсы учурдан баштап жасаган кылмышы үчүн күнөөлүү деп табылат?
6. Жарандын турак жайына уруксатсыз кирүүгө болобу?
7. Кандай учурда жарандын турак жайына уруксатсыз кирүүгө мыйзам жол берет?
8. Жарандын жеке турмушуна кийлигишүүгө болобу?
9. Жарандар өз укугун жана эркиндигин билишин жана аларды коргой алышы үчүн мамлекет тарабынан кандай шарттар түзүлгөн?

*IV глава*

# УКУК БУЗУУ ЖАНА ЖАЗА. МЫЙЗАМДУУЛУКТУ САКТОО

## § 21. Укук бузуулардын түрлөрү

**Укук бузуу** – бул коомдун кызыкчылыктарына зыян келтирүүчү же коомго коркунучтуу жана мыйзам тарабынан калыбына келтирилүүчү же жазалануучу иш-аракеттер.

Укук бузуунун түрлөрүнө тартип бузуулар, административдик укук бузуулар жана кылмыштар кирет. Эми булардын ар бирин өзүнчө талдап көрөлү.

Тартип бузууларга негизинен эмгек тартибин бузуулар, ар кандай аскерлештирилген кызматтар чөйрөсүндө, куралдуу күчтөрдө тартип уставдарын бузуулар кирет.

Эмгек тартибин бузууларга, мисалы, жумушка келбей коюу же кечигип келүү, жумушка мас абалында келүү, ишин сапатсыз жасоо ж. б. кирет.

Ишкана, мекеме, уюмдарда эмгектин уюштурулушун белгилөөчү негизги ченемдик акт болуп эмгек тартибинин ички эрежелери эсептелет. Ал документте жумушка алуунун тартиби, жумушчулар менен кызматчылардын негизги милдеттери, администрациянын жумуш убактысы жана аны пайдалануу, эмгектеги жегишкендик үчүн сыйлоолор, эмгек тартибин бузгандык үчүн жазалар каралат. Тартип бузууларга аскерлештирилген тармактардагы тартип уставдарын бузуулар да кирет. Мисалы, мындай тармактарга, темир жол, жарандык авиация, суу транспорту кирет. Бул тармактардын жарандарды тейлөө жана алардын коопсуздугун сактоо өтө маанилүү экендиги эске алынып, тартип бузуулардын тизмеси көбүрөөк жана ал тартип бузууларга жоопкерчилик дагы катуурак белгиленген.

Өзгөчө Куралдуу Күчтөрдөгү тартипти сактоо маанилүү экендиги талашсыз. Анткени, аскерлерде темирдей тартип болбосо, согуштук абалда элди, жерди коргоп, жеңишке жетишүүгө мүмкүн эмес да. Ошондуктан, тынчтык мезгилде эле жоокерлер тартипти катуу сактаганга үйрөтүлөт, аскердик тартип уставын аткарууга катуу талап коюлат.

Аскердик тартип бузуулардын эң эле кеңири тараганы бул бөлүктөрдөгү уставдык эмес мамилелер, башкача айтканда мурдатан кызмат өтөп жаткан жоокерлердин жаңы келген жоокерлерди кыйнагандыгы болуп саналат. Буга окшогон терс көрүнүштү болтурбоо үчүн, аскерге бара турган жаштар мындай көрүнүштөр армиянын жалпы даярдыгына терс таасир тийгизе тургандыгын, натыйжада өлкөбүздү коргой турган Куралдуу Күчтөрдүн эч нерсеге жарамсыз болуп каларын түшүнүүгө тийиш.

Башка дагы кеңири тараган тартип бузууга мисал келтирели. Аскерде кызмат өтөп жаткан жоокер шаарга чыгып эс алуу үчүн беш сааттык бошотуу алган. Ал убагында келбей кечигип калды. Бул учурда ал аскердик тартиптин уставын бузган болот жана тиешелүү жаза алууга тийиш.


Администрациялык укук бузууларга – мамлекеттик же коомдук тартипке, мүлккө, жарандардын укуктары менен эркиндиктерине, белгиленген тартиптерге шек келтирүүчү жана мыйзам боюнча администрациялык жоопкерчиликке алып келүүчү укукка сыйбаган аракеттер кирет. Администрациялык укук бузуулар Кыргыз Республикасынын Административдик укук бузуулар жөнүндөгү кодексинде каралган. Бул укук бузууларга, мисалы, коомдук тартипти, паспорт системасын, жол жүрүүнүн эрежесин, санитариялык, өрткө каршы эрежелерди, чек ара режиминин эрежесин бузуулар кирет.

Жарандар администрациялык жоопкерчиликке 16 жаштан тартылышы мүмкүн. Администрациялык укук бузуулар жөнүндөгү иштерди жергиликтүү мамлекеттик администрациянын алдындагы администрациялык комиссиялар, соттор,

ички иштер министрлигинин жана башка кээ бир министрликтердин кызмат адамдары, мамлекеттик инспекциялар жана органдар (кызмат адамдары) карашат. Мисалы, райондук административдик комиссиялар электр жана жылуулук энергиясын туура эмес пайдалангандык, тыюу салынган жерлерге ар кандай кулактандырууларды илүү сыяктуу иштерди, соттор болсо – майда хулигандык иштерди, мамлекеттик автоинспекциянын кызматкерлери – жол жүрүү эрежесин бузгандык ж. б. иштерди карашат.

Административдик укук бузуулардын түрлөрү, ал укук бузуулар боюнча кимдер жоопко тартылышы мүмкүн экендиги жана кимдер (кайсы органдар) жаза бере ала тургандыгы Административдик укук бузуулар жөнүндөгү кодексте кеңири баяндалган. Административдик укук бузуулар кылмыш болуп эсептелбейт, бирок мүнөзү боюнча негизинен кылмышка жакын турат. Административдик жоопкерчиликке тартуу кылмыш кылуунун алдын алуу чараларынын бири болуп саналат.

Укук бузуулардын ичинен бир кыйла коркунучтуусу кылмыш болуп эсептелет. Кылмыштын түрлөрү, аларга кандай жаза берилери Кыргыз Республикасынын Кылмыш жана жаза кодексинде каралган. Кылмыштарга адамдын коопсуз-




дугуна, анын укуктарына жана эркиндиктерине, мамлекеттик түзүлүшкө, жарандын ден соолугуна, өмүрүнө, ар-намысына, менчиктин ар кандай формаларына каршы жасалган аракет же аракетсиздик кирет. Кылмыштын негизги белги-

лери төмөнкүлөр болуп саналат: анын коом үчүн коркунучтуулугу, башкача айтканда, жалпы эле коомдук кызыкчылыкка же айрым жарандардын коомдук мааниге ээ укуктарына жана эркиндиктерине зыян же коркунуч келтирүү жана бул сыяктуу аракеттердин кылмыш жөнүндөгү мыйзам тарабынан кылмыш катары белгиленүүсү, ошондой эле аны жасаган адамдын күнөөлүү экендигинин далилденгени. Кылмыш жоопкерчилигине кылмышты атайылап же байкоосуздан жасаган күнөөлүү адамдар тартылышат. Кылмыштын түрлөрү тилекке каршы көп. Улам барган сайын дагы көбөйүүдө жана жалпы эле адамдардын жашоосу үчүн коркунуч туудурган өтө терс көрүнүштөр пайда болуп жатат. Ошондуктан, ар бир адам кылмыштуулуктун коркунучтуулугун түшүнүп, ага каршы күрөш жүргүзүүгө тийиш. Кылмыштын түрлөрү жана ага берилүүчү жазаларга биз кеңирирээк кийин өзүнчө токтолобуз.

### КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Укук бузуу деп эмнени айтабыз?
2. Укук бузуунун түрлөрү кандай?
3. Тартип бузууларга кандай иш-аракеттер кирет?
4. Администрациялык укук бузуулар жөнүндө эмнени билесиң?
5. Кылмыш деген эмне?
6. Кылмыш жөнүндөгү негизги мыйзам болуп кайсы ченемдик документ эсептелет?

## § 22. Жазалардын түрлөрү

**Жазалар** – тартип жазалары, администрациялык жазалар жана кылмыш үчүн жазалар болуп бөлүнөт.

***Тартип жазасы*** негизинен эмгек тартибин бузгандарга таасир көрсөтүүчү укуктук чара жана аскерлерде, ошондой эле аскерлештирилген кызмат жерлериндеги укук бузууларга карата колдонулуучу жаза болуп эсептелет.

Эмгек тартибин бузгандарга төмөндөгү тартип жазалары колдонулушу мүмкүн: эскертүү, сөгүш, акы аз төлөнүүчү жумушка которуу же кызматынан төмөндөтүү, жумуштан бошотуу. Жаза берүүдө тартип бузуунун деңгээли жана кандай жагдайда кетирилгени, жумушчу же кызматчынын мурунку иши жана жүрүм-туруму эске алынат. Жаза колдонордон мурда тартип бузган адамдан түшүнүк алынат.

Тартип жазалары тартип бузуучулук администрацияга билинген күндөн тартып бир айдын ичинде жана тартип бузуу болгон күндөн кийин алты айдын ичинде гана колдонулушу мүмкүн. Бул мөөнөттөр өтүп кетсе, жаза колдонууга мыйзам жол бербейт.

Чектелген тартип жазасы тууралуу мыйзамда белгиленген тартипте даттанууга болот. Жаза берилген күндөн кийинки бир жылдын ичинде жумушчу же кызматкер кайрадан жаңы тартип бузуу үчүн жазаланбаса, ал жазага тартылбаган болуп эсептелет. Эгер жумушчу же кызматчы кайрадан эмгек тартибин бузбай, өзүн ак ниет, мыкты кызматкер катары көрсөтсө, тартип жазасы бир жылга чейин эле буйрук менен алынып ташталат.

Администрация тартип жазасын колдонуунун ордуна эмгек тартибин бузгандык жөнүндөгү маселени коомчулуктун кароосуна берип коюшу мүмкүн.

Аскер кызматчылары үчүн Тартип уставдары иштелип чыккан. Алардын кызмат өтөөсү ошол уставда белгиленген жоболор боюнча ишке ашырылат. Уставды бузгандык үчүн жоопкерчилик каралган. Жазалар – кезексиз наряд, кезектеги эс алуу үчүн бошотууну бербей коюу, гауптвахтага камоо, аскердик наамын төмөндөтүү ж. б. Тартип уставдарынын талаптары катуу, себеби, аскерде катуу тартип болбосо, армиянын начар, алсыз болуп кала тургандыгы белгилүү.

Ушул сыяктуу тартип уставдары аскерлештирилген кызматтарда да бар. Мындай кызматы бар тармактарга темир жол, суу жана аба транспорттору кирет. Ошондой эле иштөө режими катаал тармактарда да тартип уставдарына ылайык

иш алып барышат. Буларга жер астында коркунучтуу шартта иштегендерди, укук коргоо органдарынын кызматкерлерин кошсо болот.

***Административдик жаза*** – административдик укук бузуу жасаган адамды жазалоо, тарбиялоо жана жалпы эле укук бузууларды болтурбай коюу, эскертүү максатында колдонулат. Административдик жаза мыйзам актыларында көрсөтүлгөн учурларда гана колдонулат. Кыргыз Республикасынын Административдик укук бузуулар жөнүндөгү Кодекси боюнча, административдик жазанын төмөндөгүдөй түрлөрү бар: эскертүү, штраф, административдик укук бузуунун куралы болгон буюмду баасын төлөп берүү менен алып коюу же конфискациялоо, түзөтүү жумуштарына тартуу жана административдик камакка алуу.

***Эскертүү*** – мамлекеттик орган же кызмат адамы тарабынан укук бузуучуга кат жүзүндө, болбосо мыйзам белгилеген башка түрдө жазаны колдонуп уяткаруу. Оозеки эскертүү жазага кирбейт.

***Баасын төлөп берүү менен буюмду алып коюу*** – бул буюмду ээсинен тартып алып, комиссиялык жол менен сатуу үчүн соода уюмуна берүү жана түшкөн акчаны кайра ээсине кайтарып берүү. Алып коюуга тийиш болгон буюмдардын түрлөрү жана тартиби мыйзам тарабынан аныкталат. Мисалы, аба транспортунда коркунучтуу буюмдарды ташуунун эрежеси бузулганда, ал буюм алынып коюлат да, сатылып, түшкөн акча ээсине берилет.

***Атайын укуктардан ажыратуу,*** б. а. жаранды анын жеке өзүнө гана берилген укуктарынан (машина айдоо, аңчылык кылуу ж. б.) 3 жылга чейинки мөөнөткө ажыратуу; бул жаза укуктарды пайдалануу тартибин одоно же системалуу түрдө бузган учурларда колдонулат. Мисалы, транспорт каражаттарын мас абалында айдагандык үчүн айдоочу транспорт айдоо укугунан 3 жылга чейин ажыратылат.

***Жаза пул (штраф)*** – бул акча төлөтүү жазасы. Эреже катары, жарандар административдик укук бузганда штраф

бир минималдуу ставкадан ашпаган өлчөмдө, кызмат адамдары үчүн эки минималдык ставкадан ашпаган өлчөмдө салынат. Минималдык ставка дегенибиз, мыйзам тарабынан аныкталган эмгек акынын эң төмөнкү өлчөмү болуп эсептелет.

Кээ бир административдик укук бузуулар үчүн жоопкерчиликти көтөрүү максатында мыйзам боюнча штрафтын өлчөмүн жарандар үчүн эки минималдык ставкага, кызмат адамдары үчүн үч минималдык ставкага, ал эми пайда көрүү максатында жасалган укук бузуулар үчүн мыйзам тарабынан беш минималдык ставкага чейин чектөөгө жол берилет.

***Мүлктү конфискациялоо*** – бул административдик укук бузуунун куралы болгон буюмду мамлекеттин пайдасына алып коюу. Мисалы, мергенчилик, балыкчылык эрежелери бузулганда мылтыкты же торду алып коюу. Бул жаза, башка жазага кошумча түрдө жана өзүнчө жаза катары да колдонулат.

***Түзөтүү жумуштары*** – административдик укук бузуучуну туруктуу иштеген жеринен 2 айга чейинки мөөнөткө айлык акысынын 20%ын мамлекеттин пайдасына кармоо.

***Административдик камакка алуу*** – бул жаза чарасы катарында 15 суткалык мөөнөткө майда хулигандык жана милиция кызматкерлеринин мыйзамдуу буйруктарына жана талаптарына атайылап моюн сунбагандык үчүн колдонулушу мүмкүн.

***Кылмыш үчүн жаза.*** Кылмыш кылгандыгы үчүн жаза чектөө мамлекеттин өзгөчө мажбурлоо чарасы болуп эсептелет. Жазалоонун түрлөрүнө жаза пул салуу, белгилүү кызматта же белгилүү ишти иштөө укугунан ажыратуу, түзөтүү жумуштарына чектөө, эркинен ажыратуу жана өмүр бою эркинен ажыратуу кирет. Мындан тышкары, соттолгондорго төмөндөгүдөй кошумча жаза чаралары колдонулушу мүмкүн: аскердик же атайын наамдан ажыратуу, мүлкүн конфискациялоо. Белгилүү кызматта же белгилүү ишти иштөөгө тыюу салуу кошумча жаза катары колдонулат.

Кылмыш үчүн жаза кылмышты жасагандыгы үчүн күнөөлүү деп табылган адамга гана сот тарабынан берилет. Ал эми күнөөлүү деп табууга сот гана укуктуу, ага чейин адамды кылмыш жасагандыгы үчүн күнөөлүү деп айтууга болбойт.

Кылмыш жана жаза тууралуу кеңири кийинчерээк токтолобуз, ошондо кылмыштын түрлөрүн, кандай учурларда адам кылмыш жоопкерчилигине тартыларын жана жазалардын түрлөрүнүн өзгөчөлүктөрүн талдайбыз.

## КОШУМЧА МАТЕРИАЛ

### Административдик жоопкерчилик тууралуу кодекс (Үзүндү)

**66. 9-берене**

**Уруп-сабоо**

Уруп-сабоо же денени ооруткан башка күч колдонуу, эгер бул аракеттер жазык жоопкерчилигине тартууга боло турган квалификациялоочу белгилерди камтыбаса, ондон жыйырмага чейинки эсептик көрсөткүчтөгү штрафка же ондон он беш суткага чейин административдик камакка алууга жазаланат.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Тартиптик жазаларга кайсылар кирет?
2. Алар кандай учурларда колдонулат?
3. Административдик жазанын түрлөрүнө кандай жазалар кирет?
4. Алардын түрлөрүнө түшүнүк бер?
5. Кылмыш үчүн кандай жазалар мыйзамда каралган?
6. Кылмыш үчүн жазаны кимдер чектей алат?

## § 23. Укук бузуунун себептери

Укук бузуулардын себептери бир кыйла жана ар кандай, бирок негизинен анын башкы себептерине – ээнбаштыкты, тентектикти жана тарбиясыздыкты, жоопкерчилик сезиминин жана жазаланып калам деген сестенүү сезиминин жоктугун киргизсек болот.

Ээнбаштык, тентектик жана тарбиясыздык ар дайым ар кандай укук бузууга түрткү берет. Мындай терс сапаттары бар балдар укук бузууга жакын болушат. Ээнбаш, тентек балдар, адатта, сабакты начар окушуп, алсыз жана кичине балдарды ызалашат, буюмдарын тартып алышат, өздөрүн бардык балдардан кыйын деп сезишет. Тарбиясы начар болгондуктан, улууларды эч убакта сыйлашпайт, жаман сөздөр менен сөгүнүшөт. Мындай балдарды кичине кезинде кандайдыр бир жазага тартууга болбойт. Алар акылы чектелүү болгондугуна байланыштуу, кылыктары үчүн жооп бере тургандарын ойлошпойт. «Менден кыйын эч ким жок» деген ойдо өзүн-өзү тыйбай жүрүп, бул мүнөзү калыптанып калат да, чоңойгондо да улантылат. Мына ошондо алар жасаган укук бузуулары үчүн жазага тартыла башташат. Убагында ойлонуп, оңолгон адам турмушун туура жолго салып кете алат, ал эми кээ бири, тилекке каршы, кылмыш жолуна түшөт.

Жарандардын жеке жоопкерчилик сезиминин жоктугу да укук бузуунун себептерине кирет. Ар бир адам өзүнүн кылган иши үчүн жооп берет. Психикалык жактан начар өнүккөндөр гана өздөрүнүн кылык-жоруктары үчүн башкаларды күнөөлөшөт. Мындай пикир дагы кокусунан келип чыкпайт. Көбүнчө үй-бүлөдөн алган тарбия буга түрткү берет. Көпчүлүк ата-эне өзүнүн баласы кандай күнөө кылса да, аны башка бирөөлөр жасаткансып, күнөөлүүнү башка жактан издешет. Балдар мушташа кетсе да, өзүнүн баласынын күнөөсүн жокко чыгарууга жан далбасташат. Мындай тарбиядан кийин балада өзү эмне жасаса да күнөөлүү башкалар деген ишеним пайда болот. Өздөрүнүн аракетине өздөрү жооп-

кер экендигин билбей калышат жана ошол аракеттерин актай турган себеп издешет. Мисалы, классташын сабап койгон бала күнөөлүү деп токмок жеген баланы эсептейт, себеби ал аны жаман көз менен карап койгон же болбосо ал сураган нерсени бербей койгон. Ошондуктан, ал аны сабап коюуга толук укугум бар деп эсептейт, анткени ал күчтүү, анын айтканын бардыгы аткарыш керек. Мындай учурларда жоопкерчилик сезими жок адамдар бардык адамдардын укугу бирдей экендигине акылдары жете бербейт. Адамдык сезим менен ойлонбостон, айбандык сезимге жетеленишет.

Көпчүлүк учурларда өспүрүмдөр өздөрүнүн жорук-жосундарын башкалар деле ошентип жатышпайбы деп акташат. Мисалы, сабакты жалгыз таштап кете албайт, эки-үч баланы көндүрүп, алар менен кошулуп, оңой таштап кетет. Анткени, ал көпчүлүк менен бирге укук бузса, жооп бербейм деп ойлойт. Тескеринче, ал бир эмес эки күнөө жасагандыгын билбейт. Биринчиден, ал сабакты таштап кетти, экинчиден башкалардын да таштап кетүүсүн уюштурду.

Укук бузууга алып барган себептердин бири – рухий дүйнөнүн жардылыгы. Ар бир адам өзүн адам катары баалаcа, маданияттуу болууга тийиш. Маданияттуу адам эч убакта жаман сөз айтууга оозу барбайт, бирөөнү сабаганга колу көтөрүлбөйт, бирөөнүн буюмун уурдап алуу эч убакта оюна да келбейт.

Ошондуктан, ар бир өспүрүм келечекте жакшы адам болууну көздөсө, өзүнүн рухий дүйнөсүн байытканга, маданият менен искусствонун жетишкендиктери менен ар дайым таанышып турууга тийиш. Азыркы заман орой, тентек, зөөкүр адамдардын заманы эмес экендигин, бул заман билимдүү, маданияттуу, иштерман адамдардын заманы экендигин билүү зарыл.

Кыргыз элинин жакшы макалы бар: «Жакшы болуш аста-аста, жаман болуш бир паста», – деген. Ошондуктан, ар бир өспүрүм жаман жолго түшүп кетиш оңой эле экендигин, ал эми жакшы болуш үчүн ар дайым өзүн жакшы алып жү-

рүү керек экендигин билүүсү керек жана ага аракеттенүүсү зарыл.

Байыркы Римдин юристтери илгери эле: «Мыйзамды билбөө жоопкерчиликтен куткарбайт», – деп айтышкан. Бирок азыр да, кээ бир адамдар кылмыш жасагандыгын мыйзамды билбегендиги менен түшүндүрүшөт. Коомдо жашап жаткандан кийин, коомго тийиштүү мыйзамдарды билүү ар бир адамдын өзү үчүн керектүү. Ырасында, кээ бир адам тийиштүү мыйзамды билбегендиги үчүн кылмыш жасаган деп эсептелип калат. Мисалы, мылтыкты тиешелүү уруксатсыз үйдө сактоо кылмыш экендигин бардыгы билүүгө тийиш. Бирок турмушта мындай окуялар көп кездешет. Мергенчи болуп жүргөн атасы каза болгондон кийин үйүндө анын мылтыгы калган. Баласы аны атамдан калган оокат деп, тийиштүү жерге өткөрбөстөн, үйүндө сактап жүргөн. Жоопко тартылып каларын билген эмес, бирок бул жагдай аны жоопкерчиликтен куткарууга жетиштүү себеп деп таанылбайт.

Көпчүлүк учурларда өспүрүмдөр кылмышка жазаланып калам деген сезимдин жоктугунан барышат. Кичинесинен тартып ата-энеси эркелетип, кандай кылык жасаса дагы кечирип койгон учурлар көп эле кездешет. Андай балдар мектепте, көчөдө жүргөндө да өздөрү бой көтөрүп жүрүшөт. Өзгөчө алар теңтуштарына караганда күчтүрөөк болсо, ачык байкалат. Ар дайым бирөөгө үстөмдүк кылышат. Кичирээк кезде мындай кылыктардын терс жактары айланадагыларга көп байкалбайт, ошондуктан тиешелүү чара көрүлбөйт. Мындай жагдай ал өспүрүмдүн жооп тартып калуу сезимин мокотот, анда эмне жасаса да боло берет дегендей ишеним пайда кылат. Жазаланбоого көнүп калгандыктан, тартынбай эле жаңы кылмыштарды жасай баштайт.

Мектепте окуп жүргөн учурда көп кылыктары кечирилгендигин жашы жете элек кылмышкерлер билишет. Эгер ошол учурда аларга тиешелүү чара көрүлгөн болсо, кылмыштар азыраак болмок.

Биз укук бузуулардын кээ бир себептерин гана айттык. Негизинен, укук бузууга, адептүү, тарбиясы жетиштүү адам барбай тургандыгы белгилүү. Ошондуктан адептүүлүккө үйрөнүү ар бир өспүрүмдүн келечегинин кең болушунун бир шарты болуп эсептелет.

### КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Укук бузууга баруунун себептери эмнеде?
2. Кандай терс сапаттар укук бузууга барууну шарттайт?
3. Ээнбаштык, тентектик жана тарбиянын жоктугу эмнеден көрүнөт?
4. Бул сапаттар жоюлбаса, эмнеге алып келиши мүмкүн?
5. Жекече жоопкерчилик сезиминин жоктугу деп эмнени түшүнөсүң?
6. Маданияттуу адам жаман жорук-жосунду жасоого бара алабы?
7. Мыйзамды билбөө жоопкерчиликтен куткарабы? Жоопкерчилик сезими деген эмне?
8. Жоопкерчилик сезиминин жоктугу эмне үчүн укук бузууларга алып келиши мүмкүн?

## § 24. Мыйзамдуулук жана укук тартиби

Мыйзамдар боюнча укук бузуулардын, жазалардын түрлөрү жана укук бузуулардын себептери менен таанышып чыктыңар. Биздин турмушта укуктун мааниси зор экендигин түшүндүңөр. Ал эми укук болсо мыйзамдар ишке чынында ашырылганда, алар бузулбастан сакталганда гана мааниге ээ.

Ошондуктан мыйзамдуулукту сактоо укуктук мамлекетке коюлган башкы шарт, мамлекеттик органдардын жана жарандардын милдети болуп эсептелет.

**Мыйзамдуулук дегенибиз** – бул мамлекеттик жана коомдук турмуштун негизги принциби жана ал принцип боюнча ар бир тараптын – мамлекеттик орган болобу, коомдук бирикме болобу же жаран болобу, мыйзамды сактоого жана аткарууга милдеттүүлүгү. Айтылгандай, мыйзамдуулукту

сактоо жарандардын гана милдети эмес, мамлекеттик органдардын да милдети экендигин көрдүңөр. Укуктук мамлекетте башкача болушу мүмкүн эмес. Эң оболу мыйзамдуулук мамлекеттик органдар, өзгөчө укук коргоо органдары тарабынан кыйшаюусуз сакталышы тийиш. Мисалы, райондук бийлик органдары муктаж болгон жарандарга турак жай же жер участкаларын берүүдө мыйзам бузуу менен аларды алууга укугу жок жарандарга беришсе, анда буга окшогон мыйзамсыздык жарандарда наразылык сезим пайда кылары жана түпкүлүгүндө аларды да мыйзам бузууга түртөрү шексиз. Же милиция органдары күнөөсү жок адамды кармап, күнөөлүү адамды бошотуп жиберсе, мындай аракеттер адамдардын ишенбөөчүлүк сезимин ойготуп, мыйзамды сыйлоосун жокко чыгарып, коомдук турмуштун негизин бошоңдотору белгилүү. Ошондуктан, ар кандай мыйзам бузуулар, ким тарабынан кетирилсе да, ага каршы күрөшүү ар бирибиздин милдетибиз болууга тийиш. Коомубузда мыйзамдуулук өкүмүн жүргүзбөсө, мыйзамсыздык орун ээлери жана мындай учурда демократиялык мамлекеттин да, адам укугунун да сакталышы күмөндүү болуп калары шексиз.

Мыйзамдуулукту сактоо үчүн ошол мыйзамдарды билүү керек. Мыйзамдарды билүү юристтердин же укук коргоо кызматкерлеринин эле милдети эмес, бул бардык жарандар үчүн керек.

Мыйзамдуулукту сактоо үчүн мамлекет тарабынан ар кандай **кепилдиктер** камсыз кылынат.

Мындай кепилдиктерге экономикалык, саясий жана юридикалык кепилдиктер кирет.

***Экономикалык кепилдик*** деп, Конституцияда жана башка мыйзамдар тарабынан берилген эмгектенүү укугун айтса болот. Ар бир адам укукту бузууга барбай эле, оокатын кылсын үчүн эмгектенүүнүн бардык түрүнө уруксат берилет, ал түгүл шарттар менен камсыз кылынат.

***Саясий кепилдик*** – жарандардын өз саясий көз караштарын, мүдөөлөрүн ишке ашыруусуна жолтоо коюлган эмес.

Өлкөбүздө бир гана идеологияга баш ийүү жок, ошондуктан ар бир жаран мыйзамга ылайык каалаган партияга өтүүсүнө, каалаган динин тутууга, каалаган адамын бийликке көтөрүү үчүн мыйзамдуу иштерди жүргүзүүгө мыйзам жол берет.

***Юридикалык кепилдиктер*** – бул негизинен укуктук өнүккөн системаны түзүү, жеткиликтүү иштелген мыйзамдарды чыгаруу, мыйзамдуулуктун сакталышын натыйжалуу көзөмөлгө алуу системасын түзүү, укук коргоо органдарынын сапаттуу жана натыйжалуу иштешин камсыз кылуу.

Мыйзамдуулукту сактоо укук тартибинин орношуна алып келет. Укук тартиби – мыйзамдуулуктун талаптарын камсыз кылган коомдук мамилелердин тартипке салынышы. Мыйзамдуулук менен укук тартиби жогоруда көрүнгөндөй бири-бири менен тыгыз байланышкан, аларды бөлүп кароого болбойт.

Укук тартибинин негизги белгилери болуп, коомдун ичиндеги мамилелерде мыйзамдын үстөмдүгү, укуктук милдеттерди бардык тараптардын так аткарышы, катуу коомдук тартип, адам укугунун корголушуна шарт түзүү, мыйзам чыгаруу, сот адилеттигин ишке ашыруу, укук коргоо органдарынын так жана натыйжалуу иштеши, ар бир укук бузуучунун сөзсүз түрдө жоопко тартылышы эсептелет. Негизинен, укук тартиби – бул мыйзамдуулуктун бардык принциптерин толук жана тайбастан ишке ашыруу болуп эсептелет.

Өлкөбүздө мыйзамдуулук өкүм сүрүп, укук тартиби толук орногондо укуктук мамлекетти курдук деп айта алабыз. Азыркы кезде, укуктук мамлекеттин талабына жооп берген Конституциябыз бар, ага ылайыктап мыйзамдарыбыз өзгөртүлүп жана толукталып жатат, мамлекеттик органдарды реформалоо ишке ашырылууда. Бул иш-чаралардын башкы максаты – укуктук, демократиялык мамлекетти түзүү.

### КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Мыйзамдуулук деген эмне?
2. Мыйзамдуулукту сактоо милдеттери кимдерге жүктөлгөн?
3. Мыйзамдуулукту сактоо үчүн эмнени билүү керек?
4. Мыйзамдуулукту сактоо үчүн кандай кепилдиктер керек?
5. Укук тартиби деген эмне? Анын кандай белгилери бар?
6. Укуктук мамлекетти куруу үчүн кандай иштер жасалган жана жасалып жатат?

## § 25. Укук коргоо жана ал үчүн күрөшүү

Укук коргоо иши негизинен мамлекет тарабынан түзүлгөн укук коргоо органдары жана сот органдары тарабынан жүзөгө ашырыларын мурдагы сабактарда өткөнбүз. Азыр болсо бул ишти жарандар тарабынан жүргүзүүнүн кандай мүмкүнчүлүктөрү бар экендигин карап көрөлү.

Укук бузууларды жоюуга жана укук бузгандарды кармап, тиешелүү жазасын берип, мыйзамдуулукту камсыз кылууга атайын органдардын аракеттери жетишсиздик кылат. Ошондуктан, ар бир жаран коомго жат көрүнүштөргө каршы күрөш жүргүзүүсү талапка ылайык. Бул укук бузуучуга каршы жүргүзүлгөн күрөш гана эмес, өз укугун коргогондук деп да билүү керек. Себеби, кандай гана укук бузуу болбосун, ал коомго каршы жасалган иш, ал эми коом болсо ар бир жарандан турат.

Ар кандай укук бузууга келишпөөчүлүк менен мамиле жасоо – укук бузуунун азаюусуна алып келери шексиз, анткени, мындай мамиле укукту бузган адамдын сөзсүз түрдө жазага тартылып каларын билип, укук бузууга ойлонбостон баруусуна тоскоол болот.

Укукту коргоо башка адамдардын укук бузуусуна гана каршы күрөш жүргүзүүнү эмес, өзүнүн укугун коргоону да билдирет. Ар бир жаран өзүнүн кандай укуктарга ээ экендигин жакшы билип, ал укуктарынын ишке ашыруусун тие-

шелүү органдардан талап кылуусу укуктук мамлекеттин бирден-бир жетишкендиги болуп эсептелмекчи.

Советтик коомдо сотко кандайдыр бир укугунун ордуна келтирилишин талап кылып барган адам арызчы адам катары каралып, терс пикир туудурар эле. Сот органдары жазалоочу орган катары таанылып, анын сот адилеттигин ишке ашыруучу орган экендиги айтылбай келген. Азыркы Конституциябыз боюнча сот органдары сот адилеттигин гана ишке ашырышат жана бардык талаш маселелер сот аркылуу гана чечилүүгө тийиш. Өзүнүн укугун коргоону талап кылып сотко кайрылуу, укукту коргоонун цивилизациялуу жолу болуп эсептелиши зарыл.

Мисалы, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна жаран С. арыз менен кайрылган. Анда мыйзам боюнча прокурор менен жарандын сот процессинде укугу бирдей эмес болгондугу үчүн анын укугу бузулуп, негизсиз кылмыш жоопкерчилигине тартылгандыгын жазып, мыйзамдын ошол жобосун Конституцияга ылайык эмес деп табууну сураган. Натыйжада, Конституциялык сот мыйзамдын ошол жобосун Конституцияга ылайык эмес деп таап, жоопко тартуу тууралу соттун чечимдери аткарылбасын деген жыйынтыкка келген. Бул учурда ал өзүнүн гана укугунун сакталышына жетишпестен, мыйзамдын Конституцияга каршы келген жобосунун аракетинен улам көптөгөн жарандарды укуктарынын бузулуусунан коргоп калды.

Жарандар укук коргоону жеке эле жүргүзбөстөн, биргелешип жүргүзүшүнө да мыйзам жол берет. Кыргыз Республикасынын «Коомдук бирикмелер жөнүндөгү» мыйзамына ылайык, жарандар ар кандай уюмдарды түзүүгө акылуу, мындай уюмдардын мисалы катары Кыргызстан укук коргоо кыймылын, Керектөөчүлөрдүн кызыкчылыгын коргоо коомун айтсак болот. Кыргызстан укук коргоо кыймылынын катышуучулары укугу бузулду деп эсептеген жарандарды коргоо иштерин уюштурууда, ал эми керектөөчүлөрдүн кызыкчылыгын коргоочу коомдун өкүлдөрү сатууга чыккан

сапатсыз өнөр жай товарларын, тамак-аш азыктарын өндүргөн жана саткандарга каршы мыйзам чегинде күрөш жүргүзүп, жарандарга сапаттуу товарларды сатып алышына, сапаттуу азык-түлүктөрдү пайдаланышына көмөк көрсөтүп жатат.

Мыйзам тарабынан жарандарга өз укугун коргоого гана жол берилбестен, башкалардын да, өзүлөрүнүн да ден соолугун, ар-намысын жана өмүрүн кол салуулардан коргоого укук берилген. Мисалы, көчөдө кылмышкерлер бир жаранды катуу сабап жатышса, аны коргоо үчүн башка жарандар барып кылмышкерлерге жаракат келтирген сокку урса да, кылмыш жоопкерчилигине тартылышпайт. Себеби, алар коомдук коркунучтуу аракеттерди токтотуу үчүн зарыл болгон аракеттерди жасашкан. Бирок коргонуу зарыл болгон чектен ашып кетпеши керек. Мисалы, короого алма уурдоо үчүн бир бала кирди дейли, ошондо алманын ээси өз менчигин коргоо максатында баланы кармап алып, сабап, денесине жаракат келтирген болсо, демек, ал зарыл болгон чектен ашып кеткен. Бул аракети үчүн мыйзамга ылайык жооп берип калат.

Азыркы мезгилде биздин өлкөбүздө адамдын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуучу механизмдерди түзүү боюнча көптөгөн иштер жүргүзүлүп, көптөгөн мыйзамдар кабыл алынып жатат.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Укук коргоо ишинде жарандардын ролу?
2. Укук бузууларга каршы күрөш жүргүзүүгө мыйзамдарды билүү кандай жардам берет?
3. Укукту коргоо боюнча соттордун мааниси кандай?
4. Зарылдык боюнча коргонуу тууралуу айтып бергиле?
5. Кыргызстанда жарандардын укугун коргоочу кандай уюмдарды билесиңер?

*V глава*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ УКУК ТАРМАКТАРЫ

## § 26. Укук тармактары боюнча жалпы түшүнүк

Укук коомдогу боло турган бардык мамилелерди, башкача айтканда жарандардын, мамлекеттик органдардын, чарба жүргүзүүчү субъектилердин бири-бири менен болгон же өз ара мамилелерин жөнгө салып турарын билдик. Ал мамилелердин түрлөрү көп болгондуктан, өзгөчөлүктөрү боюнча тармактарга бөлүнүп, тартипке келтирилип, укук тармактары түзүлөт.

**Укук тармагы деп – коомдук мамилелердин кандайдыр бир ири бөлүгүн жөнгө салып турган укуктук ченемдердин өзгөчөлөнгөн, жыйналган тобун айтабыз.** Бул ченемдердин биримдиги алар жөнгө салуучу коомдук мамилелердин жалпылыгына, окшоштугуна жараша түзүлөт.

Кыргыз Республикасында укуктун тармактары бир топ, алар 20дан ашат. Алардын негизгилерин келтирүү менен кыскача мүнөздөмө берели.

**1. Конституциялык укук же мамлекеттик укук** деп да аталат. Бул тармак – мамлекеттик жана коомдук түзүлүштүн негиздерин, адамдардын укугу менен эркиндиктерин, жарандардын укуктарын жана милдеттерин, мамлекеттик органдардын тутумун бекемдеген мамлекеттин укуктук ченемдеринин жыйындысы.

Конституциялык укуктун негизги булагы – Кыргыз Республикасынын Конституциясы болуп эсептелет. Биз Конституцияга жана мамлекеттик бийликтин жогорку органдарынын функцияларына кеңири токтолгонбуз. Конституциялык укук ошол органдардын, жергиликтүү бийликтин, жерги-

ликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын тутумунун түзүлүш тартибин, иштөө принциптерин, шайлоо түзүмүн бекемдейт, ошондой эле мамлекет менен жарандардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салат. Бул укук тармагы башка укук тармактарына караганда жетектөөчү тармак катары мааниси бар, анткени өлкөнү мамлекеттик жана коомдук жактан уюмдаштыруунун, анын түзүлүшүнүн негизин бекемдейт. Мыйзамдуулук принцибин жүзөгө ашырууну камсыз кылып, укуктун башка тармактарына тиешелүү ченемдерди белгилөө, аларды өзгөртүү боюнча укуктарды аныктайт.

**2.** Конституциялык укуктан кийин эле эң маанилүү укук тармагы **жарандык укук** болуп эсептелет. Жарандык укук – жарандык мамиле түзгөндөрдүн укуктук абалын, менчиктөө укугун, интеллектуалдык иш-аракеттердин жыйынтыгына укукту аныктайт, келишимдик жана башка милдеттенмелерди жөнгө салат, бөлөк мүлктүк эмес мамилелерди тууралайт. Бул укуктун тармагы өтө кеңири жана ар бир жарандын билүүсү маанилүү болгондуктан, аны өзүнчө окуйбуз.

**3. Шайлоо укугу** шайлануучу мамлекеттик органдарды түзүү тартибин, жарандардын ал органдары шайлоого жана өздөрү шайланууга болгон укуктарын жөнгө салуучу укук тармагы болуп эсептелет.

Бул укук тармагы өзүнчө укук булагына ээ болгон. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жөнүндөгү кодекси кабыл алынган. Шайлоо укугу жарандын коомдогу маанилүү укук тармактарынын бири болгондуктан жана силер жакын арада бул укуктан пайдалана баштай тургандыктан, ага өзүнчө сабакта кеңири токтолобуз.

**4. Жер укугу.** Жер, суу, токой жана жердин ички казынасы (кендер) жалпы элге тиешелүү. Бул байлыктарды туура пайдалануу өзгөчө маанилүү, анткени алар мамлекеттин жана элибиздин жашоо мүмкүнчүлүгүнүн негизин түзөт. Ошондуктан жерге, сууга, токойго жана кен байлыкка болгон мамилелерди жөнгө салуу үчүн ар бири өзүнчө укуктун тармагы болуп бөлүнгөн.



Ала-Арча суусу.

Жер укугу жерге карата келип чыккан мамилелерди жөнгө салат. Кыргыз Республикасында жерге жеке менчик укугу белгиленген. Жарандар, ошондой эле пайдаланууга жер тилкелерин ала алышат. Калктуу конуштарда үй салуу, ишкердик жүргүзүү үчүн, айыл жерлеринде дыйкан чарбасын жүргүзүү үчүн жерлер бөлүнүп берилет.

Жерди биротоло же убактылуу пайдаланууга болот, ошондой эле жерди ижарага алууга, сатып алууга мүмкүн. Дыйкандарга жер узак мөөнөткө берилет, эгерде дыйкан жерди өзү иштете албай калса, ал жерди башка бирөөгө ижарага бере алат же сата алат.

**Кыргыз Республикасында жерлер:**

1) айыл чарба жерлери;

2) калктуу пункттардын (шаар, айыл) жерлери;

3) өнөр жайдын, транспорттун, коргоонун жана башка тармактардын жерлери;

4) жаратылышты коргоого, дарылоого, тарыхый-маданий жактарга тиешелүү болгон жерлер;

5) токой фондусунун жерлери;

6) суу фондусунун жерлери;

7) запастагы жерлер болуп бөлүнөт.

Жогоруда айтылган жерлердин ар биринин өзүнчө өзгөчөлүктөрү бар жана алар мыйзамдар тарабынан жөнгө салынат. Жер жөнүндөгү мыйзамдардын эң негизгиси Жер кодекси болуп эсептелет. Анда жер жөнүндө жалпы түшүнүктөр, жерди ээликке жана пайдаланууга берүүнүн эрежелери, жерди ээлөө жана пайдалануу укугунун жоюлушу, жерлердин кандай учурда алынып коюлары, жерди пайдаланып жаткандардын укук-милдеттери, ар кандай жерлерди пайдалануунун эрежелери, өзгөчөлүктөрү жана жерди коргоо боюнча иш-чаралар берилген. Ошондой эле жерди пайдалануунун эрежелерин бузгандарга кандай жоопкерчилик жүктөлөрү белгиленген.

**5. Суу укугу.** Адамдардын жашоосу үчүн суунун кандай мааниси бар экендигин билесиңер. Барган сайын жер бетинде суулар азайып, деңиздер соолуп, булактар кургап жатат. Бул – адамдардын сууну эсепсиз, ысырап пайдалангандыгы-



Кыргыз бермети Ысык-Көл.

нын натыйжасы. Суу азайса, гүлдөп турган жерлер чөлгө айланат. Сыр-Дарыя менен Аму-Дарыянын сууларын ысырап кылып пайдалануунун натыйжасында Арал деңизи соолуп бaратат. Анын ордунда кургап калган туздар, шамал менен көп жерге чейин тарап, түшкөн жерлерин жансыз чөлгө айландырууда. Бул эң коркунучтуу абалды жоюу максатында Борбордук Азиянын өлкөлөрү биргелешип чара көрүүдө. Ал үчүн көптөгөн каражат талап кылынары талашсыз. Эгерде, сууну туура пайдаланса, мындай кырсык болмок эмес.

Ошондуктан, сууну пайдалануу эрежелери мыйзам тарабынан аныкталып, суу боюнча укуктун өзүнчө тармагы келип чыккан.

Суу укугунун, суу жөнүндөгү мыйзамдардын милдети азыркы учурдун жана келечек муундардын таламдарында калктын жана чарбанын муктаждыктары үчүн сууну илимий негизде, сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуу, сууну булгануудан, ыплас болуудан жана соолуп калуудан сактоо, суунун зыяндуу таасиринен алдын ала сактоо жана анын зыяндуу таасирин жоюу, суу объектилеринин абалын жакшыртуу үчүн сууга мамилелерди жөнгө салуу болуп эсептелет.

Суу жөнүндөгү мыйзамдардын эң негизгиси – Кыргыз Республикасынын Суу кодекси. Анда суу тууралуу, суу мамилелерин кандай органдар жөнгө салары, сууну пайдалануу тартиптери, сууну сактоо жана анын зыяндуу таасирин алдын алуу боюнча жоболор, сууну пайдаланууну мамлекеттик эсепке алуу тартиптери жана суу тууралуу мыйзамдарды бузгандык үчүн жоопкерчиликтер каралган.

**6. Токой укугу.** Кыргыз Республикасында токойлор экономиканы өстүрүүдө, курчап турган чөйрөнү жакшыртууда, калктын жыргалчылыгын жогорулатууда зор жардамы бар. Алар өлкөбүздүн жыгач жана башка токойдон алынуучу продукцияга болгон керектөөлөрүн канааттандыруунун булагы болуп эсептелет. Аба ырайына, атмосферага, дарыялардын жана башка суу объектилеринин гидрологиялык режимине

ыңгайлуу таасир көрсөтөт, жер кыртышын суу жана шамал эрозиясынан сактайт, мындан башка да пайдалуу табигый касиеттерге ээ. Токойлор ден соолукту чыңдоо максатында, калктын маданий жана эстетикалык талаптарын канааттандыруу үчүн улам барган сайын көбүрөөк пайдаланылып жатат.

Биздин өлкөдөгү мамлекеттик жана жергиликтүү мааниси бар токойлор көбүнчө суу коргоочу, сактоочу, санитариялык-гигиеналык жана ден соолукту чыңдоочу милдеттерди аткарышат. Чарбага пайдаланылуучу токойлорубуз өтө аз. Жыгач негизги курулуш каражаты экендиги белгилүү, ал эми токой болбосо, жыгач дагы болбойт да, ошондуктан курулушта пайдаланылуучу жыгач алына турган токойлорду көбөйтүүгө чаралар көрүлүп жатат.

Токойлордун көп түрдүү мааниси болгондуктан жана аларды өстүрүү узакка созулгандыктан, токой байлыктарын максатка ылайыктуу пайдалануу, сактоо жана көбөйтүү жалпы мамлекеттик милдет болуп эсептелет. Ошондуктан, бул проблемага тиешелүү көңүл бурулуп, токой мамилелерин жөнгө салуу укугу өзүнчө укук тармагы болуп табылган жана токой жөнүндөгү мыйзамдар бириктирилип, Кыргыз Республикасынын Токой кодекси иштелип чыккан.

Кыргыз Республикасынын Токой кодекси токойлорду илимий жактан негизделген комплекстүү пайдаланууга, азыркы учурдун жана келечектин таламдарына ылайык аларды көбөйтүп өстүрүүгө жана натыйжалуу коргоого, биздин Ата Мекенибиздин жаратылыш байлыктарынын эң маанилүү курамдык бөлүгү катары токойго сарамжалдуулук жана чарбакечтик менен мамиле кылууга жоопкерчиликти сезүүгө жарандарыбызды чакырат жана милдеттендирет.

**7. Тоо-кен укугу.** Кыргыз Республикасынын Конституциясы боюнча жер алдындагы байлыктар мамлекеттин менчиги, элибиздин энчиси болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасында кен байлыктардын көптөгөн запастары бар. Ошону менен бирге аларды керектөөнүн барган сайын өсүп жатышы пайдалуу кен байлыктарды илимий

негизде, натыйжалуу пайдалануунун маанисин жогорулатып, бардык ишканалардын, уюмдардын жана жарандардын жер алдындагы байлыктарга сарамжалдуулук менен мамиле жасоосун талап кылат.

Мамлекетибиз кен байлыктарга болгон муктаждыктарыбызды камсыз кылууну гана максат кылбастан, келечектеги муундарыбыздын да муктаждыктары үчүн жаратылыш байлыктарын сактоого камкордук көрүүгө тийиш. Анткени, кен байлыктар жаңыдан пайда болбойт, болгонун казып алгандан кийин калбай калат. Мунун өзү кен байлыктардын кандай маанилүү экендигин көрсөтүп турат.

Ошондуктан, тоо-кен мамилелерин мыйзам чегинде жөнгө салуу үчүн өзүнчө тоо-кен укугу деген тармак келип чыккан жана бул жагдайды аныктаган мыйзамдар топтолуп, тартипке келтирилип, Жердин ички казынасы жөнүндөгү кодекс иштелип чыккан. Бул кодекстин милдети минералдык сырьёну керектөө жана башка муктаждыктарды канааттандыруу үчүн жер алдын натыйжалуу, сарамжалдуу жана ар тараптан пайдаланууну камсыз кылуу, жер алдын коргоо, жер алдын пайдаланган кезде жумуштардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында тоо-кен мамилелерин жөнгө салуу, ошондой эле тоо-кен жаатында ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин жана жарандардын укуктарын коргоо жана мыйзамдуулукту чыңдоо болуп саналат.

Биз жогоруда мамлекеттин түзүлүшүн жана анын байлыгынын негизин түзө турган укук тармактары менен тааныштык. Кийинки карала турган укук тармактарын мамлекеттик органдардын функциясын аныктоочу жана алар менен жарандардын ортосундагы коомдук мамилелерди жөнгө салган укук тармактары деп шарттуу түрдө атаса болот. Мындай укук тармактарына төмөнкүлөр кирет.

**8. Администрациялык укук** – мамлекеттик башкаруу органдарын уюштурууда жана алардын аткаруу – тескөө иш-аракетинин жүрүшүндө келип чыгуучу мамилелерди жөнгө

салат. Администрациялык укуктун ченемдери аткаруу-тескөө иш-аракетин жүргүзгөн органдарды түзүүнүн, өзгөртүүнүн, жоюунун эрежелерин, ушул органдардын, алардын кызматкерлеринин, ошондой эле ушул жагдайдан жарандардын укук-милдеттерин аныктайт. Администрациялык укукта башкаруунун тармактары боюнча органдардын укук-милдеттери аныкталат. Мындай органдарга, эсеп-кысап, каржылоо, өнөр жай, курулуш, айыл чарба, транспорт, байланыш, билим берүү, илим, маданият, саламаттык сактоо, социалдык камсыздандыруу, коргоо, коопсуздукту сактоо, коомдук тартипти сактоо, юстиция органдары кирет. Айтылган органдардын иштөө тартиби администрациялык укук менен жөнгө салынат.

**9. Финансы укугу же бюджеттик укук.** Укуктун бул тармагы мамлекеттин каржылоо иштерин жүргүзүү процессинде пайда болгон коомдук мамилелерди жөнгө салат. Мисалы, мамлекеттик органдардын иштеши үчүн, алардын кызматкерлерине айлык төлөө үчүн, ошондой эле билим берүү, саламаттык сактоо, баараkы, жөлөк пул төлөө үчүн мамлекет киреше топтойт, аларды жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга жумшайт. Мамлекеттин казынасына, башкача айтканда бюджетке акча топтоо, кирешелерди жана чыгашаларды укуктук жактан жөнгө салуу, насыялоо, эсептешүү жана акча жүгүртүүнүн укуктук негиздери, мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттердин айырмачылыктары, бири бирине болгон карым-катнаштары боюнча маселелер жөнгө салынат.

**10. Салык укугу.** Мамлекетибиз рынок экономикасына өтүп жаткан өткөөл мезгилдин шартында укуктун бул тармагынын мааниси өтө жогору. Анткени, мурда бардык ишканалар мамлекеттин менчигинде болуп, алардан түшкөн кирешелер мамлекеттин бюджетин түзүүчү. Азыр болсо ишканалар, колхоз-совхоздор дээрлик менчиктештирилген, алардан түшкөн кирешелер менчик ээлеринде калат. Ал эми бюджет болсо, негизинен салыктардан түзүлүп калды. Салыктар

алынган пайдадан, кирешеден, бажы төлөмдөрүнөн, жерди, сууну пайдалануудан түшкөн төлөмдөрдөн топтолот.

Кыргыз Республикасында бул коомдук мамилени жөнгө салуу боюнча Салык кодекси иштелип чыккан, ал боюнча ар бир ишкер адам, жаран тапкан кирешесинин аныкталган өлчөмүн салык катары төлөп турууга тийиш. Салык канчалык көп төлөнсө, экономикабыздын ошончолук өсүп жатканын билдирет жана мамлекет тарабынан каржыланган иштердин жакшыруусун шарттайт. Салык төлөөдөн баш тартуу кылмыш катары каралып, жоопко тартылууга жатат.

Жарандардын Конституция тарабынан бекемделген укуктарынын маанилүүлөрү да өзүнчө укуктун тармагы болуп белгиленген, мындай укуктун тармактарына төмөнкүлөрдү кошсо болот.

**11. Эмгек укугу** – жумушчулар менен кызматчылардын ишкана, уюм, мекемелердеги жана башка иш берүүчү жактардагы эмгегин жөнгө салат. Эмгек укугу эмгектенүүгө байланыштуу жумушчулар менен кызматчылардын жана ишкана, мекеме, уюмдардын (булардын атынан администрация иш жүргүзөт) жана башка иш берүүчүлөрдүн ортосунда болгон мамилелерди, эмгек талаштарын коргоо боюнча мамилелерди жөнгө салат. Эмгек укугунун маанилүү булагы болуп Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси эсептелет. Биз мурда бул укук жөнүндө жарандардын укуктарын талдаганда негизинен окуганбыз.

**12. Үй-бүлө укугу.** Бул укуктун ченемдери нике жана үй-бүлөгө байланыштуу келип чыгуучу өздүк жана мүлктүк мамилелерди жөнгө салат. Үй-бүлө укугунун негизги ченемдик документи болуп, Кыргыз Республикасынын Нике жана үй-бүлө жөнүндөгү кодекси эсептелет. Бул кодексте никелешүүнүн тартиби жана шарттары, жубайлардын укуктары жана милдеттери, ата-эне жана балдардын укук-милдеттери, алименттик милдеттер, бала асырап алуунун шарттары, опекага (камкордукка) алуу, багууга алуу шарттары, төрөлүүлөрдү, каза болууларды, никени, никеден ажырашуу-

ну, бала асырап алууну, аталыкты аныктоону жана ошондой эле ысымын, атасынын атын, фамилиясын өзгөртүүнү каттоонун шарттары аныкталган.

**13. Турак жай укугу.** Укуктун бул тармагы жарандар менен мамлекеттин, ведомстволордун турак жай менен байланышкан мамилелерин жөнгө салат.

Турак жай жарандарга мамлекет курган үйлөрдөн, ишкана, мекеме жана уюмдар курган үйлөрдөн, турак жай-куруулуш кооперативдери курган үйлөрдөн пайдаланууга берилет же болбосо менчигине сатылат. Жарандар мыйзам боюнча жер участкасын алып, ага турак жай салып алууга укуктуу.

Совет мезгилинде жарандарга турак жай курууу үчүн шаардан жер берилген эмес. Турак жайды мамлекет өзү куруп (эреже катары көп кабаттуу үйлөрдү) жарандарга квартира берип келишкен. Бирок, ал аз курулгандыктан, турак жай үчүн жарандар кезекке жылдап турушкан. Мамлекетибиз демократиялаштырылгандан кийин жарандардын турак жайга болгон укугу бир кыйла кеңейтилди.

Турак жайды мамлекет тарабынан куруу сакталып калды, ошону менен бирге каалагандарга үй куруу үчүн жер тилкелерин берүү мүмкүн болуп калды. Турак жайды менчикке өткөрүп берүү жүргүзүлдү. Азыр каалаган адам өзүнүн квартирасын башкага сата алат жана сатып да ала алат. Эгер мурда бир үй-бүлө менчигинде бир квартираны же бир үйдү гана ээлей алса, азыр андай чектөө жок. Ошондой эле турак жайдын аянтын чектөө да алынып салынды, мурда үй-бүлөнүн ээлеген турак жайынын аянты 60 м$^2$ден ашпоого тийиш эле, азыр мүмкүнчүлүгүнө жараша чоң же кичине үй салып же сатып алуу адамдардын өз эрки.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Укуктун кандай тармактары бар?
2. Конституциялык укук эмнени үйрөтөт?
3. Жер укугу кандай мамилелерди жөнгө салат?
4. Мыйзам боюнча жер кандай түрлөргө бөлүнөт?

5. Суу укугу кандай мамилелерди жөнгө салат?
6. Токой укугу кандай мамилелерди жөнгө салат?
7. Тоо-кен укугу кандай мамилелерди жөнгө салат?
8. Административдик укук эмнени окутат?
9. Административдик органдарга кайсы органдар кирет?
10. Финансы укугу кандай мамилелерди жөнгө салат?
11. Салык укугу коомдогу кандай мамилелерди тейлейт?
12. Эмгек укугу кандай мамилелерди жөнгө салат?
13. Үй-бүлө укугунун предмети кайсы?
14. Турак жай укугу тууралуу эмнелерди билесиң?

## § 27. Жарандык укук

**1. Жарандык укук жана жарандык укук мамилелеринин катышуучулары.** Укуктун бул тармагын маанилүүлүгү боюнча экинчи конституция деп коюшат. Анткени, жарандык укук жашоодо боло турган көптөгөн мамилелерди жөнгө салат. Кандай гана адам болбосун, бул укуктун катышуучусу болот жана андан четтеп кетүү мүмкүн эмес. Ар бир адам турмушунда ар кандай иштерди жасайт. Эртең менен туруп, автобуска түшүп ишке барат, түштө ашканага кирип тамактанат, дүкөндөн керектүү нерселерин сатып алат. Ушул иштерди жасап жатышып, алар жарандык укук мамилелеринин катышуучусу болуп жаткандыгын байкашпайт. Жогоруда келтирилген мисалдардагы аракеттер укук ченемдери менен жөнгө салынган. Атап айтканда ар бир адам коомдук транспорттон пайдаланууга акылуу, коомдук транспорт адамдарды белгиленген график боюнча ташууга милдеттүү. Ашканадан тамак же дүкөндөн буюм сатып алууда жарандар белгилүү баадагы буюмду сатып алуу менен соода келишиминин катышуучусу болуп эсептелет.

**Жарандык укук** – бул жарандардын өз ара, жарандар менен юридикалык жактардын ортосундагы жана юридикалык жактардын өз ара мүлктүк жана ага байланышкан

мүлктүк мамилелерин жөнгө салып турган укук тармагы болуп эсептелет.

Юридикалык жак деп менчигинде же башкаруусунда мүлкү бар жана өзүнүн милдеттенмелери үчүн ушул мүлкү менен жооп бере ала турган, өзүнүн атынан башкалар менен келишим түзө ала турган уюмдарды айтабыз. Мисалы, силер окуган мектеп юридикалык жак болуп эсептелет.

Жарандык укук бардык жарандык мамилелер үчүн маанилүү жоболорду, атап айтканда, жарандык укуктун жана милдеттердин келип чыгышы, аларды коргоо, ар кандай бүтүмдөрдүн түрлөрү, өкүлчүлүк, ишеним кат, мөөнөт, доо коюу мөөнөтү жөнүндөгү жоболорду камтыйт. Жарандык укуктун жана милдеттердин келип чыгышына мисал катары жаран менен курулуш уюмунун ортосундагы үй куруу боюнча түзүлгөн келишимди алсак болот. Бул учурда жаран белгилүү суммадагы акчаны курулуш уюмуна төлөп берет, курулуш уюму үйдү сүйлөшүлгөн мөөнөттө жана сапаттуу куруп берүүгө милдеттенет. Жаран келишиминин шарты боюнча сапаттуу курулган үйдү алууга укуктуу, ал эми курулуш уюму келишим боюнча үйдү мөөнөтүндө жана сапаттуу куруп, өткөрүп берүүгө милдеттүү. Эгерде бул келишимди аткарууда укуктар бузулса, аны коргоонун да жолдору бар. Мисалы, курулуш уюму үйдү сапатсыз жана мөөнөтүнөн кечиктирип бүткөрсө, жаран сотко кайрылып кеткен чыгымын, тарткан моралдык зыянын акчалай баалап, өндүрүп ала алат.

Ушуга окшогон мүлктүк мамилелер, акчалай баасы бар материалдык байлыктар жарандык укук мамилелеринин эң негизги жана бир кыйла кеңири таралган түрү болуп саналат. Жарандык укук менчик укугун, милдеттенме укугун, автордук укукту, ачылыш укугун, ойлоп чыгаруу укугун, мурас укугун камтыйт. Мындан тышкары жарандык укуктарга мүлктүк эмес мамилелер, наамы, сыймыгы, ар намысы, бедел-баркы сыяктуу мүлккө тиешеси жок дөөлөттөр менен байланышкан маселелер кирет.

Жарандык укук мамилелеринин катышуучуларынын өзгөчөлүгү болуп алардын бири-бирине баш ийбегендиги,

бул мамиледе уюмдун укугу менен жарандын укугу бирдей болуп, алар жарандык мамилеге эреже катары өз ыктыярлары менен киргендиги жана мыйзам алдында алар бирдей милдетке жана укукка ээ экендиги эсептелет.

Жарандык укуктар менен милдеттер жарандын же уюмдун жалпы эле жарандык укуктарын жана милдеттерин камтыбастан, жарандын мыйзамдарда каралган укуктарын жана милдеттерин да камтыйт. Жарандын өзүнүн жарандык укуктарынан жана милдеттеринен башка, конституциялык укуктары жана милдеттери бар экендигин билесиңер (эмгек, билим алуу, саламаттыгын сактоо, шайлоо ж. б. укуктар).

**2. Жарандын укукка жөндөмдүүлүгү жана аракетке жөндөмдүүлүгү.** Жарандык укук мамилесине кирүү үчүн жарандар да, юридикалык жактар да жарандык укук жөндөмдүүлүгүнө ээ болууга тийиш. Жарандык укук жөндөмдүүлүгү деп жарандын укуктарга жана милдеттерге ээ болуу жөндөмдүүлүгүн айтабыз. Жарандык укук жөндөмдүүлүгү ал төрөлгөндө эле пайда болуп, дүйнөдөн өтүшү менен токтолот.

Жарандын укукка жөндөмдүүлүгү төмөндөгү иштерди жасай ала тургандыгы менен айкындалат: өзүнүн менчигинде мүлк күтө алышы, мүлктү мурастап алышы же мураска калтырышы, ишкердик жүргүзүүсү жана мыйзам тарабынан тыюу салынбаган башка ар кандай иштерди жүргүзө алышы, өз алдынча же башка жарандар жана юридикалык жактар менен бирдикте юридикалык жактарды ача алышы, мыйзам тарабынан тыюу салынбаган ар кандай бүтүмдөрдү жасашы жана милдеттенмелерге катышуусу, жашай турган жерин тандап алышы, автордук укукка ээ боло алуусу жана башка мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктарга ээ болушу.

Бул укук жөндөмдүүлүгүн толугу менен ишке ашыруу үчүн жаранда аракетке жөндөмдүүлүгү болуш керек. Аракет жөндөмдүүлүгү толугу менен жаран 18 жашка толгондо келип чыгат. Бул чектөө жарандар 18 жашка толгонго чейин, анын менчигинде мүлкү боло албайт же кандайдыр бир чы-

гарманын автору боло албайт дегендикке жатпайт, алар бул көрсөтүлгөн укуктарды гана толугу менен өздөрү ишке ашыра алышпайт. Мисалы, мурас катары алган үйүн өздөрү бирөөгө белек кылып бере алышпайт же сата алышпайт. Алар үчүн бул бүтүмдөрдү мыйзамдуу өкүлдөрү жасоого тийиш. Мындай мыйзамдуу өкүл катары өз ата-энеси же асырап алган адамдар же камкор деп табылган адамдар таанылат.

Жашы толо электердин аракетке жөндөмдүүлүгүнүн чеги мыйзам тарабынан белгиленген. Мисалы, 14 жашка чейинки балдар, кыздар майда турмуш-тиричилик бүтүмдөрдү өз алдынча жасай алышат (дүкөндөн азык-түлүк, буюм-тайым сатып алууга окшогон), ошондой эле ата-энеси же башка мыйзамдуу өкүлдөрү аларга атайын берген каражатты сарптай алышат. 14 жаштан 18 жашка чейинки өспүрүмдөр өзүлөрү тапкан эмгек акысын, стипендиясын же башка кирешелерин өздөрү каалагандай пайдаланышат, автордук укуктарын толук пайдалана алышат, кассага акча сала жана аны ала алышат жана майда-барат турмуш-тиричилик бүтүмдөрүн жасай алышат.

Эгерде, 16 жашка чыккан өспүрүм эмгек келишими боюнча иштеп жатса же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн уруксаты менен ишкердик жүргүзүп жүрсө, толук аракетке жөндөмдүүлүгү бар деп табылат.

**3. Бүтүмдөр.** Бирөө айдап жүргөн машинасын, экинчиси үйүн сатат, башка бирөөлөр сатып алат. Буга окшогон аракеттер бүтүмдөр аркылуу ишке ашырылат. Аныктап айтканда, бүтүмдөр деп, жарандар менен юридикалык жактардын жарандык укуктарды жана милдеттерди белгилөөгө, өзгөртүүгө же токтотууга байланышкан аракеттери таанылат. Бүтүмдөр оозеки же жазуу түрүндө жасалат. Жазуу түрүндө жасалчу бүтүмдөрдүн да жөнөкөй жана нотариалдык тартипте жүргүзүлүүчү эки түрү бар. Нотариалдык күбөлөндүрүү талап кылынган бүтүмдөр мыйзам тарабынан аныкталган, ошондой эле бир тарап нотариалдык күбөлөндүрүүнү талап кылган учурда да жүргүзүлөт.

Мисалы, үйдү сатуу, белек кылуу бүтүмдөрү сөзсүз нотариус аркылуу күбөлөндүрүүгө жатат.

Жөнөкөй жазуу түрүндө жасалуучу бүтүмдөргө юридикалык жактардын өз ара же жарандар менен жасалган бүтүмдөрү, ошондой эле бүтүмдөрдүн өлчөмү эмгек акынын минималдуу өлчөмүнөн он эсе көп болгон жана мыйзам тарабынан атайын көрсөтүлгөн учурларда жасалган буюмдар кирет.

Оозеки бүтүмдөр мыйзам тарабынан аны жазуу түрүндө тастыктоо талап кылынбаган учурларда жасалат. Ошондой эле тараптардын макулдашуусу менен дароо аткарылган бүтүмдөр да оозеки эле жасалышы мүмкүн. Мисалы, мал базардан жылкы же уй сатып алынууда бүтүм, эреже катары, оозеки эле түзүлөт.

Бүтүмдөрдү жасоонун мыйзам тарабынан аныкталган түрлөрүн сактабоо бүтүмдү анык эмес деп табууга алып келет. Мындай учурда, абал мурдагы калыбына келтирилет, башкача айтканда, сатып алуучуга акчасы кайтарылып берилет, сатуучуга буюму кайтарылып берилет. Эгерде мындай бүтүмдүн мамлекеттин же коомдун кызыкчылыгына каршы жасалганы аныкталса, бүтүмдүн объектиси (акча, буюм, мүлк) мамлекеттин пайдасына алынып коюлат.

Ошондой эле жашы жете элек жана сот тарабынан аракет жөндөмдүүлүгү жок деп табылган жарандар жасаган бүтүмдөр анык эмес деп табылат. Жашы жеткен, бирок акылэси ордунда болбогон жарандар сот тарабынан аракет жөндөмдүүлүгү жок деп табылышы мүмкүн.

**4. Менчик укугу жана башка мүлктүк укуктар.** Жарандардын мүлккө карата укуктары, менчик жана башка мүлктүк укуктарды пайдалануудан чыккан мамилелер жарандык укук тарабынан жөнгө салынат.

Мыйзам боюнча менчик укугу – бул мыйзам актылары тарабынан таанылган жана корголгон, жарандардын жана юридикалык жактардын өзүлөрү каалагандай ээлик кылуу, пайдалануу жана башкаруу укугу.

Менчик ээсине ээлик кылуу, пайдалануу жана башкаруу укуктары тиешелүү. Бул үч белгинин бирөөнү эле жасоого укугу жок болсо, анда менчик укугу жок болуп эсептелет.

Ээлик кылуу укугу – мыйзам тарабынан камсыз кылынган, мүлктү чындыгында ээлеп туруу мүмкүнчүлүгү.

Пайдалануу укугу – мыйзам тарабынан камсыз кылынган, мүлктүн юридикалык тагдырын чечүү мүмкүндүгү, башкача айтканда, өзү билип сатып жиберүү, белекке берүү, алмашып жиберүү жана башка мүмкүндүктөр.

Менчик ээси өзүнүн мүлкүн кандай пайдаланам десе өз эрки, башка бирөөнүн менчигине өткөрүп бере алат же башкага пайдаланууга бере алат, күрөөгө коё алат, бир гана шарт, бул аракеттер мыйзамга карама-каршы келбеш керек жана мыйзам тарабынан корголгон башка бирөөнүн кызыкчылыгын жана укугун бузбашы керек.

Мисалы, сенин атаң машина сатып алды дейли, бул учурда ал менчик укугуна ээ болду. Машинаны үйдөгү гаражда кармайт (ээлик кылат), айдайт (пайдалануу укугу), бир канча мезгил өткөндөн кийин инисине ишеним кат менен бир жылдык мөөнөткө пайдаланууга берди, натыйжада, ал машинага ээ болуу жана пайдалануу укугун өткөрүп берип, өзү башкаруу укугун пайдаланды. Бир жылдан кийин ал машинаны сатып жиберди, башкача айтканда, мүлктү башкаруу укугун пайдаланды да, машинага болгон менчик укугунан ажырады, бирок сатуудан түшкөн акчага карата менчик укугуна ээ болду. Ушул аракеттердин баары апаңардын макулдугу менен жасалышы керек, анткени жубайлар чогуу жашап турганда алынган мүлктөр жалпы менчик болуп эсептелет.

Мүлктүк укуктарга төмөнкүлөр кирет:

***1) Чарбачылык жүргүзүү укугу,*** мисалы мамлекеттик заводдун имараты мамлекеттин менчиги болуп эсептелет, аны заводдун администрациясы мамлекеттин уруксатысыз каалагандай жумшай албайт, башкача айтканда сата албайт, бирөөгө пайдаланууга бере албайт. Калган мүлктү башкаруу укугу бар.

***2) Мүлктү оперативдик башкаруу укугу.*** Бул укук негизинен чарба жүргүзбөгөн мекемелерге берилет. Алар мүлктү максаттуу пайдалануулары тийиш жана менчик ээсинин макулдугусуз сата албайт, башкага берип жибере албайт.

Мисалы, мындай укугу бар мекемеге силердин мектебиңер да кирет.

***3) Жер тилкелерин өмүр бою, мөөнөтсүз пайдалануу укугу.*** Жерди мыйзамга ылайык пайдаланууга өмүр бою, мөөнөтсүз алган адамдар жерди каалагандарындай пайдаланышат, башкача айтканда ижарага бере алышат же өздөрү пайдаланышат, пайдалануу укугун сатышат, бирок жердин өзүн башкага сатып жибере алышпайт.

**5. Милдеттенмелер.** Милдеттенмелер жарандык укукта негизинен келишимден жана башка бирөөгө зыян келтиргендиктин натыйжасында келип чыгат. Жарандар турмушунда ар кандай келишимдерди түзүшөт, мисалы, кандайдыр бир жумушту аткарууга, сатып алуу же сатуу, карыз алуу, турак-жай жалдоо, жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу ж. б. Эреже катары, келишим эки жактуу болуп түзүлөт жана алардын укук, милдеттери мыйзам менен, ошондой эле өздөрүнүн макулдашуусу аркылуу аныкталат. Сатып алуу жана сатуу келишими боюнча сатуучу мүлктү сатып алуучунун менчигине өткөрүп берүүгө, ал эми сатып алуучу мүлктү кабыл алып, ал үчүн кандайдыр бир суммадагы акчаны төлөп берүүгө милдеттүү.

Бузулган телевизоруңузду ондоого бердиңиз, тиешелүү акчаны төлөдүңүз, ал эми мастер болсо аны сапаттуу ондоп берүүгө милдеттүү. Эгер телевизор ондолбостон, кайра мурдагыдан жаман болуп бузулса, келтирилген зыянды төлөтүү үчүн доо койгонго акылуусуңар.

Жарандардын ортосунда көп келишимдер оозеки түрүндө түзүлө тургандыгын жогоруда айтканбыз. Бирок, айрым келишимдерди (мисалы, турак үйдү, автомашинаны сатуу, эмгек акынын минималдуу өлчөмүнөн 10 эсе ашкан сумманы камтыган бүтүмдөрдү аткаруу үчүн келишим түзүү) мыйзам-

да милдеттүү түрүндө кат жүзүндөгү түрү белгиленген, ал эми алардын кээ бир түрлөрүнө карата кошумча талаптар коюлат (сөзсүз түрдө нотариус аркылуу күбөлөндүрүү же жөн эле кат жүзүндө түзүү).

Милдеттенменин келип чыгышына негизги себептердин бири – эгер бир адам өзүнүн мыйзамга жатпаган аракеттери менен башка адамга мүлктүк зыян келтирсе, зыянга учураткан адам зыянга учураган адамга мүлктүн наркын төлөп берүүгө милдеттүү, ал эми ден соолукка зыян келтирилгенде, дарылануу чыгымдарын, убактылуу эмгекке жараксыз же майып болуп, албай калган эмгек акысын төлөп берүүгө милдеттүү.

Эгер жабыр тарткан адам өлүп калса, ага күнөөлүү адам өлгөн адамдын багуусундагы адамдын жашоосу үчүн зарыл каражаттарды төлөөгө тийиш.

Он беш жашка чыга элек балдар же өспүрүмдөр тарабынан келтирилген зыян үчүн алардын ата-энелери же башка мыйзамдуу өкүлдөрү жооп беришет. Он беш жаштан он сегиз жашка чейинки өспүрүмдөр келтирген зыян үчүн өздөрү жооп беришет. Эгерде алардын мүлкү же иштеп тапкан каражаты жок болсо, анда келтирилген зыянды алардын ата-энелери же алардын ордун баскан адамдар төлөөгө тийиш. Бул жаштагы өспүрүмдөр мектептин же башка мекеменин көзөмөлүндө болушкан күндө да келтирилген зыянды төлөө мектепке же башка мекемеге жүктөлүшү мүмкүн эмес.

**6. Жарандык укуктарды ишке ашыруу.** Жарандык укутарды ишке ашыруу – бул жарандарга мыйзамдарда жол берилген, өзүлөрүнө таандык укуктарды өздөрү каалагандай жүзөгө ашыруусу эсептелет.

Жарандык укуктун негизги ченемдик булагы болуп, Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси эсептелет, бул Кодексте жарандык укуктарды жүзөгө ашыруунун чектери белгиленген. Жарандар менен юридикалык жактар тарабынан башка адамга зыян келтирүү максатында жасалган аракеттерге,

ошондой эле укугун кыянаттык менен пайдаланууга жол берилбейт, жарандык укукта конкуренцияны (атаандаштыкты) чектөө, өзүнүн рыноктогу үстөмдүк абалын кыянаттык менен пайдаланууга жол берилбейт. Бул талаптар сакталбаган учурда, сот мындай адамга тиешелүү укуктарды коргоодон баш тартышы мүмкүн.

Укугун кыянаттык менен пайдаланган адам кыянаттыктан жапа чеккен адамдын абалын калыбына келтирүүгө, ага келтирилген зыяндын ордун толтурууга милдеттүү. Мыйзам жарандык укуктарды коргоодо жарандык укуктук мамилелердин катышуучуларынын аң-сезимдүүлүгүн жана ак ниеттүүлүгүн эске алат.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Жарандык укук кандай мамилелерди жөнгө салат?
2. Жарандык укуктун катышуучуларынын катарына кимдер кире алат?
3. Жарандык укук жөндөмдүүлүгү деп эмнени айтабыз?
4. Жарандык аракетке жөндөмдүүлүгү кайсы жаштан башталат?
5. Бүтүмдөр деп эмнени айтабыз?
6. Бүтүмдөр кандай түрдө жасалат?
7. Менчик укугу деген эмне?
8. Ээлик кылуунун, пайдалануунун жана башкаруунун кандай айырмалары бар?
9. Мүлктүк укуктарга эмнелер кирет?
10. Милдеттенмелер эмнеден келип чыгат?
11. Жарандык укуктарды ишке ашыруу кандай жолдор менен аткарылат?

## § 28. Шайлоо укугу

Демократиялык мамлекеттин эң башкы белгилеринин бири бийлик органдарынын шайлоо аркылуу түзүлүшү болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга, ошондой эле референдумга катышууга укуктуу.

Ушул конституциялык жобону ишке ашырууга арналган, шайлоо укугунун булагы болуп эсептелген – Кыргыз Республикасындагы Шайлоо жөнүндөгү кодекс кабыл алынган. Бул Кодексте мурда чачыранды болгон шайлоо тууралуу мыйзам актылары бириктирилип, бирдиктүү тутумга келтирилген. Натыйжада Кодекс жарандардын шайлоо укук-



18 жашка чыккан жаран шайлоо укугуна ээ.

тарын жана алардын кепилдиктерин аныктайт. Кыргыз Республикасында Президентти, Жогорку Кеңешти, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоого жана аткарууга байланыштуу мамилелерди жөнгө салат.

Кыргыз Республикасында шайлоолор жалпыга тең жана тике шайлоо укуктарынын негизинде жашыруун добуш берүү аркылуу жүргүзүлөт. Бул жагдайлар жарандардын шайлоого катышуу принциптери болуп эсептелет да төмөнкүлөрдү билдирет:

***Жалпы шайлоо укугу*** – Кыргыз Республикасынын 18 жашка чыккан жараны шайлоого, ал эми Конституция жана мыйзамдар менен белгиленген куракка жеткенде мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга укуктуу экендиги. Бул укук алардын ата-тегине, жынысына, расасына, улутуна, кызматтык жана мүлктүк абалына, кайсы динди тутканына карабастан тиешелүү.

Сот чечими менен аракетке жөндөмсүз деп табылган, же сот өкүмү менен эркинен ажыратуу жайларында кармалып турган жарандар шайлоого да, шайланууга да укуксуз, ал эми соттуулугу алына элек же мыйзам тарабынан жоюла элек жарандар шайлоого укуктуу да, шайланууга укуксуз.

***Тең шайлоо укугу*** – бардык жарандардын шайлоого бирдей шартта катышуусу.

***Тике шайлоо укугу*** – ар бир жарандын шайлоодо добушту өзү үчүн гана бериши. Үй-бүлө мүчөсү же досу үчүн добуш берүүгө болбойт.

***Жашыруун добуш берүү*** – Кыргыз Республикасында жарандын өз пикирин, эркин билдирүүсүнө шарт түзүп, кимдир бирөө үчүн добуш берүүгө мажбурлоо болбошу үчүн шайлоодо добуш берүүнүн жашыруун жүргүзүлүшү. Шайлоо участкаларында добуш берүүнү жашыруун жүргүзүү үчүн атайын шарттар түзүлөт (мисалы, жабык кабина).

Ошентип, **жарандардын шайлоо укугу деп Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органда-**




Активдүү шайлоо учуру.

**рына шайлоого жана шайланууга болгон конституциялык укуктарын айтабыз.**

Жарандардын шайлоо укугу негизинен активдүү жана пассивдүү шайлоо укуктары деп бөлүнөт.

***Активдүү шайлоо укугу*** – Кыргыз Республикасынын жарандарына 18 жашка чыккан мезгилден тарта мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо укугунун берилиши.

Кыргыз Республикасында шайлоолор жарандын өз шайлоо укугун эркин жана ыктыярдуу ишке ашырышына негизделет. Жарандын шайлоого катышууга же катышпоого жана кандай добуш берүүгө мажбурлоого эч кимдин укугу жок.

Республиканын аймагынан тышкары жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандары Кыргыз Республикасында шайлоо өткөрүлгөн учурда шайлоо укугуна толук ээ. Алардын шайлоо укугун камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттеги элчиликтеринде, консулдуктарында шайлоо участкалары түзүлөт. Шайлоого катышууну каалаган Кыргыз Республикасынын жарандары ал участкаларга барып каттоодон өтүп, добуш берүүсү камсыз болот.

Активдүү шайлоо укугуна жарандардын мамлекеттик бийлик же өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга талапкерлерди көрсөтүү, шайлоо алдында үгүт иштерин жүргүзүү, шайлоо комиссияларынын ишине байкоо жүргүзүү укуктарын кошууга болот.

Пассивдүү шайлоо укугуна – Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик бийлик же өз алдынча башкаруу органдарына шайлануу укугу.

Кыргыз Республикасында шайлануучу органдар төмөнкүлөр:

**1.** Кыргыз Республикасынын Президенти;

**2.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши;

**3.** Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештердин депутаттары.

**1. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо.** Президент Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан 6 жылга шайланат. Бир эле адам эки жолу Президент болуп шайлана албайт. Президент болуп 35 жаштан төмөн эмес жана 70 жаштан жогору эмес, мамлекеттик тилди билген жана республикада жалпысынан 15 жылдан кем эмес жашаган Кыргыз Республикасынын жараны шайлана алат. Президенттин кызмат ордуна талапкерлердин саны чектелбейт. 30 миңден кем эмес шайлоочунун кол тамгасын топтогон адам президенттикке талапкер болуп каттала алат. Президентти шайлоо тартиби мыйзам менен аныкталат.

**2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо.** Жогорку Кеңеш пропорциялуу система боюнча 5 жылдык мөөнөткө шайлануучу 120 депутаттан турат. Шайлоонун жыйынтыктары боюнча саясий партияга парламентте 65тен көп эмес депутаттык мандат берилиши мүмкүн. Шайлоо күнүнө карата 21 жашка чыккан, шайлоого укугу бар Кыргыз Республикасынын жараны Жогорку Кеңештин депутаты болуп шайлана алат. Жогорку Кеңешке шайлоо жарыяланган күнгө чейин тиешелүү каттоодон өткөн партиялар шайлоого катышууну кааласа, депутаттыкка талапкерлердин тизмесин бекитип, Борбордук шайлоо комис-

сиясына беришет. Шайлоодо жарандар добушту партияларга беришет. Кыргыз Республикасынын жалпы шайлоочуларынын 5% тен көп добушун жана ар бир облустан жана Бишкек шаарынан шайлоочулардын 0,5% тен кем эмес добушун алган партиялар өттү деп эсептелет дагы, парламенттеги 120 орун алган добушуна пропорциялуу бөлүштүрүлөт. Ошону үчүн бул шайлоо системасы пропорциялуу деп аталат.

**3. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо.** Жергиликтүү кеңештерге – облустук, райондук шаардык, айылдык кеңештер кирет. Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына 20 жашка чыккан жана көрсөтүлгөнгө чейин тийиштүү аймакта кеминде 2 жыл жашаган Кыргыз Республикасынын жараны шайлана алат. Талапкерлер жер-жерлерде шайлоочулардын чогулушунда көрсөтүлөт. Жергиликтүү кеңештердин депутаттары көп мандаттуу округдарда шайлана тургандыктан, чогулуштарда ошол округ үчүн белгиленген мандаттардын санынан ашпагандай сандагы талапкерлерди көрсөтүүгө болот. Талапкерлер саясий партиялар, алардын аймактык бөлүмдөрүнүн, шайлоо блогунун съезддеринде көрсөтүлүшү мүмкүн.

Шайлоо комиссиялары шайлоо өткөндөн кийин анын натыйжаларын аныкташат. Тиешелүү округдан шайлануучулардын кыйла көп сандагы добушун алган талапкерлер депутат болуп шайланды деп табылат. Шайлоонун натыйжалары белгилүү болгондон кийин шайланган депутаттарды округдук шайлоо комиссиясы 3 күндүн ичинде каттайт жана аларга шайлангандыгы тууралуу күбөлүктү берет.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Кыргыз Республикасындагы шайлоолор кандай принциптердин негизинде жүргүзүлөт?
2. Жалпы шайлоо укугу деген кандай?
3. Тең шайлоо укугу жөнүндө эмне билесиң?
4. Тике шайлоо укугу жөнүндө эмне билесиң?
5. Жашыруун добуш берүүнүн максаты эмнеде?

6. Активдүү шайлоо укугун мүнөздө?
7. Пассивдүү шайлоо укугу деген эмне?
8. Кыргыз Республикасынын Президенти кандайча шайланат?
9. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун негиздери?
10. Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо кандай тартипте өтөт?

## § 29. Жазык укугу

Жазык укугу – кандай аракеттер же аракетсиздик коом үчүн коркунучтуу, күнөөлүү жана жазалануучу жорук (кылмыш) экендигин, жазалоо шартын жана жазалоо чарасын белгилөөчү укук тармагы.

**1. Кылмыш деген эмне?** Асан аттуу жигит көчөдө бара жаткан кишини токтотуп, бычак менен коркутуп, болгон акчасын тартып алды.

Болот деген адам өзү тааныган эки киши бирөөнү өлтүрүп, сууга таштап жибергенин көрдү, бирок эч кимге айтпай жашырып койду.

Жатакананын бөлмөсүндө бир нече бала үлпөт куруп олтурушуп, алардын ичинен Максат аттуу жигит бошогон бөтөлкөнү бешинчи кабаттын терезесинен сыртка ыргытып жиберди. Ал бөтөлкө көчөдө кетип бара жаткан аялдын башына тийип, ал оор жаракат алды.

Жогоруда келтирилген үч мисал кылмыш жасалганын ырастайт. Биринчи мисалда, Асан коомдук коркунучтуу аракети менен атайылап туруп оор кылмыш жасады, экинчи мисалдагы Болот өзүнүн аракетсиздиги менен тигил жасалган оор кылмыш жөнүндө тиешелүү органдарга билдирбей, жашырып койду, бул аракетсиздик дагы кылмыш болуп эсептелет, анткени мыйзам боюнча жасалган оор кылмышты көргөн, байкаган адам аны жашырса, кылмыш жообуна тартылары белгиленген. Үчүнчү мисалдагы Максат кылмышты

байкабастыктан жасады, анткени ал ылдый жактагы өтүп бара жаткан аялды көргөн жок, бирок ал жактан адамдар өтүп турарын билген, ошондой болсо да жеңил ойлуулук менен бөтөлкөнү ыргытып жиберген.

**Ошентип, кылмыш деп атайылап же байкабастык менен жасалган, коом үчүн коркунучтуу жана мыйзамдарда кылмыш катары каралган аракетти же аракетсиздикти айтабыз.**

Кылмыш жасалды деп табыш үчүн адамдын күнөөсү далилдениш керек, ал эми кылмыш атайылап жана байкабастыктан жасаларын билдик. Күнөөлүү деп сот гана таба алат. Сот өкүм чыгармайынча кылмыш жасаган адам – шектүү адам, айыпкер, соттолуучу деп гана таанылат.

Кылмыш үчүн аны түздөн-түз жасаган адам гана жооп бербейт, кылмыш үчүн аны уюштурган адам – уюштуруучу, кылмышты жасоого түрткү берген адам – азгыруучу, кылмышты жасоого жардам берген – көмөкчүлөр дагы жоопко бирдей деңгээлде тартылышат.

Мыйзам тарабынан көрсөтүлгөн кылмыш аракеттерине жата турган, бирок аргасыздан коргонуу абалында жасалган же аргасыз зарылдыктын абалында жасалган аракеттер кылмыш болуп эсептелбейт жана аны жасаган адамдар жооп беришпейт.

Аргасыздан коргонуу деп коомдук коркунучтуу кол салуудан же башка бирөөнү коргоо максатында жасалган аракеттерди айтабыз. Мисалы, бир нече адам хулигандык менен бирөөнү тепкилеп жатса, алардын бул аракетин токтотуу максатында бирөө барып ажыратып жатып, тепкилегендердин денесине жаракат келтирсе, ал бул аракети үчүн жооп бербейт. Же болбосо, жолдо бара жатканда кандайдыр бир адамга медициналык тез жардам көрсөтүү керек болуп калса жана ал үчүн токтоп турган бирөөнүн автомашинасын сурабастан айдап кетсе, ал адам айдап кеткендиги үчүн жооп бербейт.

Бирок, аргасыздан коргонуунун чегинен чыгып кетүү

кылмыш болуп эсептелет. Коргонуунун чегинен чыгып кетүү деп, кол салуунун мүнөзүнө жана коркунучтуулугуна коргонуунун туура келбегендигин айтабыз. Мисалы, күч жагынан өзүнө тең келбеген жаш бала мастыгы менен мушташууга жулунса, аны башка чара колдонбой туруп эле, өзүмдү коргоп жатам деп бычак менен сайып салса, бул албетте, коргонуунун чегинен чыгып кетүү болуп эсептелет.

Ошондой эле аргасыз зарылдыктан жасалган аракеттер дагы коркунучтуу кырдаалды башка жолдор менен жоюуга мүмкүн болбосо жана келтирилген зыян болтуртпай койгон зыяндан бир кыйла аз болсо гана кылмыш деп табылбайт.

Жасалган кылмыш үчүн эле жооп бербестен, мыйзамда ага даярдангандык үчүн дагы жоопко тартылары каралган.

***Кылмышты жасоого даярдангандык*** деп аны жасоо үчүн каражаттарды, же куралдарды издөө жана ылайыкташтырып жасоо, камдоо, же атайылап башка шарттарды түзүүнү айтабыз.

***Кылмышты жасоого аракеттенүү*** деп, кылмышты жасоого түздөн-түз аракеттер жасалып, бирок башка бирөөлөрдүн аракети жана күнөөкөрдүн каалоосуна байланышпаган себептер менен кылмыш аягына чыкпай калган учурду айтабыз.

Эгерде кылмыш жасоодон адам өз ыктыяры менен баш тартса жана жасап койгон аракеттеринен кылмыштын курамы көрүнбөсө, жоопкерчиликке тартылбайт.

Кылмышкерди, кылмыш жасоонун куралдарын же кылмышты жасоонун натыйжасында алынган буюмдарды жашыргандыгы үчүн да жоопкерчилик бар, ошондой эле кылмыш жолу менен алынгандыгы белгилүү болгон мүлктү сатып алуу же сатуу үчүн дагы жоопкерчиликке тартылат.

Негизинен кылмыш жасагандыгы үчүн адам 16 жашка чыккандан кийин жооп берет, бирок мыйзам боюнча кылмыштын кээ бир оор түрлөрү үчүн 14 жаштан баштап жооп берери белгиленген. Мисалы, киши өлтүрүү, ден соолукка атайы оор залал же анчалык оор эмес залал келтирүү, зор-

дуктоо, адамды уурдоо, каракчылык, талоончулук, уурулук, хулигандык, баңги заттарды уурдагандык, транспорт каражаттарын айдап кеткендик үчүн жана башка мыйзамда көрсөтүлгөн учурларда.

Кылмыштардын толук тизмеси Кыргыз Республикасынын Кылмыш жана жаза кодексинде берилген. Бул Кодексте кылмыш катары көрсөтүлбөгөн аракеттер кылмыш деп табылышы мүмкүн эмес.

**2. Кылмыштардын түрлөрү.** Кыргыз Республикасынын Кылмыш жана жаза кодекси тарабынан кылмыш деп табылган аракеттер окшоштугу боюнча төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт:

1) Инсанга каршы кылмыштар. Бул бөлүмгө адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна, инсандын эркиндигине, ар-намысына жана кадыр-баркына, жыныстык кол тийгистигине жана жыныстык эркиндигине, адамдын жана жарандын конституциялык укуктарына жана эркиндиктерине, үй-бүлөгө жана жашы жете электерге каршы жасалган кылмыштар кирет.

2) Экономика чөйрөсүндөгү кылмыштарга – менчикке каршы кылмыштар (уурдоо, тоноо, каракчылык, мүлккө зыян келтирүү ж. б.), экономикалык иш чөйрөсүндөгү кылмыштар, мамлекеттик эмес ишканалардагы жана уюмдардагы кызматтык кызыкчылыктарга каршы кылмыштар кирет.

3) Коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке каршы кылмыштарга терроризм, барымтага кармоо, бандитчилик, хулигандык, ок атуучу куралдарды мыйзамсыз алып жүрүү, сатуу же сатып алуу сыяктуу жана калктын саламаттыгына жана коомдук адептүүлүккө каршы (баңги заттар менен байланышкан, сойкулук, порнография жаатындагы) кылмыштар, экологиялык кылмыштар, транспорт кыймылынын жана аны пайдалануунун коопсуздугуна каршы кылмыштар, компьютердик маалыматтар чөйрөсүндөгү кылмыштар кирет.

4) Мамлекеттик бийликке каршы кылмыштар. Бул бөлүмгө: конституциялык түзүлүшкө жана мамлекеттин коопсуздугуна каршы (чыккынчылык, шпиончулук, мамлекеттик же коомдук ишмердин өмүрүнө кол салуу, бийликти күчкө салып тартып алуу же тартып алуу аракети, күч менен кармап туруу ж. б.) кылмыштар, кызматтык кылмыштар (коррупция, кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдалануу, пара берүү, пара алууга байланышкан кылмыштар), сот адилеттигине каршы кылмыштар (сот адилеттигин жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу, алдын ала тергөө жүргүзүүгө тоскоолдук кылуу, сотту урматтабоо, күнөөсүз экендиги белгилүү адамды кылмыш жоопкерчилигине тартуу, кылмышты жаап-жашыруу ж. б.), башкаруу тартибине каршы кылмыштар (укук коргоо органынын кызматкеринин өмүрүнө кол салуу, бийлик өкүлүнө карата зомбулук көрсөтүү, аны маскаралоо, расмий документтерди жасалмалоо, сатуу ж. б.) кирет.

5) Аскердик кылмыштарга – буйрукту аткарбоо, башчыга каршылык көрсөтүү, ага карата зомбулук аракеттерди жасоо, дезертирлик, аскердик мүлктү зыянга учуратуу сыяктуу кылмыштар кирет.

6) Тынчтыкка жана адамзат коопсуздугуна каршы кылмыштар. Кылмыштардын бул тобуна – геноцид (адамдардын кандайдыр бир тобун кырууга, жоготууга багытталган аракеттер), экоцид (өсүмдүктөр жана айбанаттар дүйнөсүн массалык кырып-жоюу), жалданмачылык (куралдуу кагылышка же согушка адамды жалдоо, үйрөтүү же каржылоо, ошондой эле жалданып катышуу), эл аралык коргоого алынган уюмдарга же мекемелерге кол салуулар кирет.

**3. Жаза жана анын максаты.** Жаза жасалган кылмыш үчүн соттун өкүмү менен мамлекеттин атынан күнөөлүү деп табылган адамга колдонулуучу жазалоо чарасы болуп эсептелет. Жазаны чектөө соттолгондорду түзөтүү жана башкаларга эскертүү максатын көздөйт.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш жана жаза кодекси боюнча жазалардын төмөндөгүдөй түрлөрү белгиленген:

1) коомдук иштерге тартуу;

2) айып төлөм;

3) үч айып;

4) белгилүү бир кызматты ээлөө же белгилүү бир иш жүргүзүү укугунан ажыратуу;

5) дисциплинардык аскер бөлүгүндө кармоо;

6) камакка алуу;

7) эркиндигинен ажыратуу;

8) өмүр бою эркиндигинен ажыратуу.

Булар негизги жазаларга кирет, кошумча жаза катары – атайын же аскердик наамдарын алып коюу жана мүлктү конфискациялоо колдонулат.

**1. *Коомдук иштерге тартуу.*** Негизги ишинен же окуусунан бош убагында 40 сааттан 240 саатка чейин узактыкта, коомдун пайдасы үчүн акысыз иштеп берүү милдетин жүктөгөн жаза.

**2. *Айып төлөм.*** Күнөөкөргө салынуучу акчалай төлөм. Өлчөмү 2000 сомдон 100000 сомго чейин.

**3. *Үч айып.*** Кылмыш менен келтирилген зыянды үч эсе кылып төлөтүү жазасы. Эки бөлүгү жабырлануучунун, бир бөлүгү мамлекеттин пайдасына өндүрүлөт.

**4. *Белгилүү бир кызматты ээлөө же белгилүү бир иш жүргүзүү укугунан ажыратуу.*** Бул жаза бир жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө дайындалат жана негизинен адистигин же ишин туура эмес пайдалануу менен кылмышка барган адамдарга колдонулат.

**5. *Дисциплинардык аскер бөлүгүндө кармоо.*** Аскер кызматчыларына алты айдан эки жылга чейинки мөөнөткө колдонулат.

**6. *Камакка алуу.*** Адамды өзгөчө бөлүп кармоо шартында камоо. Бир айдан алты айга чейинки мөөнөткө чектелет.

**7. *Эркиндигинен ажыратуу*** – кесилген адамды абактарга, түрмөгө камоо жолу менен коомдон бөлүү. Мөөнөтү алты

айдан отуз жылга чейин белгиленет. Эркиндигинен ажыратуу жазасы кылмышкердин коркунучтуулугу жана кылмыштын оордугуна ылайык ар кандай режимдеги жайларда өтөлөт.

**8. *Өмүр бою эркиндигинен ажыратуу*** – жазанын өзгөчө чарасы, өмүргө кол салууга байланышкан өтө оор кылмыштар үчүн колдонулат. Бул жаза жашы жете элек балдарга жана аялдарга дайындалбайт.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш жана жаза кодекси негизинен беренелерден турат. Ар бир беренеде кандай аракет кылмыш экендиги көрсөтүлүп жана ал кылмыш үчүн кандай жаза берилери айтылат. Эреже катары жазанын түрү, мөөнөтү же өлчөмү так кесе көрсөтүлбөйт, ылдыйкы жана жогорку чектери гана көрсөтүлөт. Ошондуктан, сот жаза чектерде кылмышкердин ким экенин карап, кылмыштын жеңилдетүүчү, оордотуучу жагдайларын талдап туруп, анан кандай жаза берерин чечет. Анткени, бир эле кылмышты жасаган эки адам бирдей болушу чанда кезигет, эреже катары алар ар башка, мисалы, бирөө мурда соттолуп жүргөн, жаман мүнөздөлгөн адам, экинчиси ал кылмышка кокусунан барган адам болушу мүмкүн. Ошондуктан, бул экөөнө бирдей жаза чектелиши туура болбой калат. Эреже катары, оор эмес кылмыштар үчүн, эгер аны жасаган адам биринчи жолу соттолуп жатса, эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жазалар чектелет. Эркиндигинен ажыратуу оор кылмыштарды жасаган же өзүнүн жүрүм-туруму коом үчүн коркунучтуу адамдарга колдонулат.

Өлкөбүздө ар бир кылмыш үчүн жоопко тартуу принциби ишке ашууга тийиш. Бул принцип боюнча, жасалган ар бир кылмыштын бети ачылууга жана ар бир кылмышкер жоопко тартылууга тийиш. Эгерде, кылмышты жасаган адам жазасыз калса, анда ал, дагы кылмыш жасоодон качпайт. Ал эми аны билген адамдардын мыйзамга ишенүү, мыйзамды сыйлоо сезимдери мокойт.

Коомубузда качан жогоруда айткан принцип ишке ашса, кылмыштуулук азаят, калктын коопсуздугу жакшырат, экономика өнүгөт жана мамлекетибиз күчтүү өлкөгө айланат.

## КОШУМЧА МАТЕРИАЛ
## Кыргыз Республикасынын Кылмыш жана жаза кодекси (Үзүндү)

**234-берене**

(1) Хулиганчылык, башкача айтканда, зомбулук же зомбулук көрсөткөм деп коркутуу, ошого тете мүлктү жок кылам же зыянга учуратам деп коркутуу менен коштолгон, коомдук тартипти же жалпыга бирдей жүрүш-туруш нормаларын одоно бузган карасанатайлык аракеттер жасалганда – эң аз айлык акынын жүзгө чейинки өлчөмүндө айып төлөм салынат, болбосо жүз жыйырмадан жүз сексен саатка чейинки мөөнөткө коомдук иштерге тартылат, же алты айга чейинки мөөнөткө камакка алынат, болбосо эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(2) Хулиганчылык:

1) адамдардын тобу тарабынан;

2) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу же уюмдашкан топ тарабынан жасалганда;

3) жаш балдарды, кары-картаңдарды, майыпты же алсыз абалда болгон адамды мазактоо менен коштолгондо;

4) башка бирөөнүн мүлкүнө атайын олуттуу зыян келтирүү, аны жок кылуу же зыянга учуратуу менен коштолгондо – беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(3) Хулиганчылык:

1) бир нече жолу жасалганда;

2) курал колдонуу же курал-жарак, болбосо курал катары пайдаланылуучу нерселерди колдоном деп коркутуу менен коштолгондо;

3) коомдук тартипти коргоо боюнча милдетин аткарып жүргөн бийлик өкүлүнө, болбосо башка адамга, же коомдук тартиптин бузулушуна бөгөт койгон адамга каршылык көрсөтүү менен жасалганда, – төрт жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Кылмыш деген эмне?
2. Кылмыштын жасалышы боюнча кандай түрлөрү бар?
3. Кылмышты жасоого катышуучулардын кандай түрлөрү бар?

4. Кандай учурларда кылмышка окшогон аракеттер үчүн жоопко тартууга болбойт?
5. Кылмышка даярдангандык жана кылмышты жасоого аракеттенгендик деп кандай аракеттерди айтабыз?
6. Жасаган кылмыш үчүн жарандар кайсыл жаштан баштап жооп беришет?
7. Кылмыш жана жаза кодекси боюнча кылмыштын кандай түрлөрү бар?
8. Жазалардын түрлөрү жана анын максаты кандай?

## § 30. Сот процесси

Укуктук мамлекеттин негизги белгилеринин бири – укуктун үстөмдүгү, коомдун мыйзамдын негизинде жашоосу жана кандай гана мыйзам бузуу болбосун, аны калыбына келтирүүгө соттук кепилдиктин болушу. Ошондуктан, сот бий-



Сот залында.

лиги бийликтин өзүнчө бутагы, аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлигине көз каранды эмес бийлик болуп сот адилеттигин ишке ашырууга тийиш.

Сот бийлиги конституциялык, жарандык, жазык, административдик жана башка түрлөрдө жүзөгө ашырылат.

**1. Конституциялык сот өндүрүшү.** Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагындагы маселелерди чечүү максатында Кыргыз Республикасынын Президенти, Өкмөтү, Жогорку Кеңештин депутаттары, соттор жана жарандар кайрыла алышат (Конституциялык палатанын ыйгарым укуктарын эстегиле). Бул субъектилер өздөрүнүн жүйөөлөрүн негиздеп, өтүнүч менен кайрылышат. Конституция тарабынан таанылган укуктар жана эркиндиктер мыйзам тарабынан бузулуп жатат деп эсептесе, аларды ар бир адам конституцияга ылайык эместиги тууралуу кайрылууга укуктуу.

Жогорку соттун Конституциялык палатасынын чечими акыркы болуп эсептелет жана даттанылууга жатпайт.

Жогорку соттун Конституциялык палатасы тарабынан мыйзамдардын же алардын жоболорунун конституциялык эмес деп белгилениши алардын Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулушун жокко чыгарат, ошондой эле сот актыларын кошпогондо конституциялык эмес деп таанылган мыйзамдарга же алардын жоболоруна негизделген башка ченемдик укуктук актылардын колдонулушу да жокко чыгарылат.

Мыйзам ченемдерине негизделип конституциялык эмес деп таанылган сот актылары жарандардын даттануулары боюнча укуктары жана эркиндиктери бузулган ар бир такталган учурда сот тарабынан кайра каралат.

**2. Жарандык процесс.** Силер жарандык укук эмне экенин, анын турмуштагы мааниси зор экенин билдиңер. Эгерде бул жарандык укук бузулса, аны кандай жолдор менен калыбына келтирүүгө мүмкүн экендигин билүү дагы эң зарыл. Мындай жолдун эң негизгиси – сотко кайрылуу. Ал

эми сотко кандай талаш-тартыштарды чечүү үчүн кайрылууга мүмкүн экендиги жана анын тартиби жарандык процесс укугу менен жөнгө салынат.

Кыргыз Республикасындагы Жарандык-процесс укугу – бул сот тарабынан жарандык иштерди кароо тартибин аныктоочу, белгилөөчү укук тармагы, б. а. жарандык иштер боюнча сот адилеттигин ишке ашыруу, ошондой эле соттун токтомдорун (чечимдерин, аныктамаларын) мажбурлоо жолу менен аткаруунун тартиби жөнүндөгү укук.

Мамлекетибизди укуктук мамлекетке айландырууда ушул иштерди алга жылдырууга көмөк көрсөтүү үчүн жарандардын аң-сезимдүү, мыйзамдуу аракеттеринин зор мааниси бар. Сотко кайрылып, өзүнүн укугун коргоо – ар бир жарандын конституциялык укугу. Ошондуктан, талаш-тартыш маселелерди чечүү үчүн ар бир жаран мыйзамдуу жолду тандап алса, анда биз укуктук коомду тезирээк курат элек. Жашырбай эле айтсак болот, эл арасында «сотко чыр адамдар гана кайрылат» деген пикир бар, бул эң туура эмес пикир, өз укугун билген, сабаттуу жаран – чечилбей жаткан маселесин чечтирип алуу үчүн сотко кайрылуудан уялбайт. Көпчүлүк учурларда турмушта мындай окуялар көп кездешет. Бирөө экинчисинен карызга тил кат жазып берип акча алат да, мөөнөтүндө кайрып бербейт. Тигил болсо улам келип, качан бересиң деп сурайт. Берки «акчам жок болсо эмне кылайын» деп коёт. Ортодо чыр башталат, мушташ чыгып, биринин башы жарылып, экинчисинин көзү чыгат. Ал эми бул талашты мындай окуяга жеткирбей эле, мыйзамдуу, туура жол менен чечсе болмок. Акчаны карызга берген адам мөөнөтүндө акчасын ала албагандан кийин, сотко кайрылып, өндүрүүгө чечим чыгартып, андан соң, сот аткаруучу ал бересе кишинин үйүнө келип, чечимди милдеттүү түрдө эле аткартып, карызын өндүрүп бермек.

Ошондуктан, соттор жарандык тартипте кандай талаш-тартыштарды карарын жана анын тартиби кандай экенин билүү ар бир жаран үчүн зарыл.

Сотто жарандык тартипте өзүңөр билгендей, жарандык укуктун келишимдик милдеттенме, менчик, зыян келтирүү, автордук, ойлоп табуу, ачылыш жасоо, мурастоо укуктарынан келип чыккан талаш-тартыш маселелер каралат.

Мындан тышкары, үй-бүлөлүк, эмгектик укук мамилелеринен келип чыккан талаш-тартыштар, ошондой эле жарандардын кызмат адамдарынын, мамлекеттик органдардын аракетине даттануусу боюнча талаш-тартыштар да каралат.

**3. Жазык процесси.** Жазык-процесс укугу – жазык иштерди козгоо, алдын-ала тергөө жана сотто кароо аракеттерин жана алардан келип чыгуучу укуктук мамилелерди жөнгө салуучу укук.

Жазык-процесс укугунун максаты кылмышты тез жана толук ачуу, күнөөлүүлөрдү ашкерелөө жана кылмыш жасаган ар бир адамдын адилеттүү жазага тартылышын жана бир дагы күнөөсүз адам кылмыш жоопкерчилигине тартылбагандай жана соттолбогондой мыйзамды туура колдонууну камсыз кылуу болуп эсептелет. Бул укук тармагы укук коргоочу органдардын, коомчулуктун иш-аракетин, коомдун жана адамдардын кызыкчылыгын ар түрдүү кылмыштуу кол салуулардан коргоого багыттайт, мыйзамдуулукту сактоодо, кылмышты болтурбай коюуда, жарандарды мыйзамды урматтоого жана аны бузуучуларга келишпөөчүлүктү тарбиялоодо зарыл болгон бардык өбөлгөлөрдү, шарттарды түзөт.

Жазык-процесс укугунун негизги булагы болуп, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесс кодекси эсептелет. Бул Кодексте кылмыш аныкталгандан баштап, аны козгоо, алгачкы текшерүү жүргүзүү, алдын ала тергөө, сотто кароо жөнүндө жана алгачкы текшерүү органдарынын, тергөөчүнүн, соттун укуктары, милдеттери, жабыр тарткан адамдардын, ошондой эле айыпкерлердин, соттолуучулардын жана алардын жактоочуларынын укук-милдеттери жөнүндөгү жоболор камтылган.

Жазык процесси негизделген конституциялык принциптерди билүү маанилүү. Алардын катарына төмөнкүлөр ки-

рет. Жазык иши боюнча айыпталуучу өзүнүн күнөөлүү эместигин далилдөөгө милдеттүү эмес. Күнөөлүү экендигин далилдөөгө же жокко чыгарууга мүмкүн болбогон күмөн саноолор айыпталуучунун пайдасына чечилет. Эч ким өзүнүн кылмыш жасагандыгын мойнуна алгандыгынын негизинде гана соттолушу мүмкүн эмес. Кылмыш иши үчүн соттолгон ар бир киши мыйзамда белгиленген тартипте өзүнө чыгарылган өкүмдүн жогору турган сот инстанциясында кайра каратууга укуктуу, ошондой эле ырайым алууга же жазаны жеңилдетүүнү өтүнүүгө укуктуу. Гумандуулуктун белгиси катары эч ким өзүнө жана өзүнүн жубайына, жакын туугандарына каршы күбө болууга милдеттүү эместиги белгиленген. Ар бир кармалган, камалган же кылмыш жасаган деп айыпталып жаткан адам адвокаттын (жактоочунун) жардамынан пайдаланууга укуктуу.

**4. Административдик процесс.** Мыйзам менен каралган учурларда – белгиленген тартиптерге каршы аракеттерди жасагандык үчүн (эгер мындай аракеттер кылмыш эмес болсо) иштердин кызмат адамдары же сот тарабынан каралышы бул укук менен жөнгө салынат. Мисалы, айдоочу тарабынан жолдо жүрүү эрежесин бузгандык үчүн МАИнин кызматкеринин териштирүүсү жана айып төлөм колдонушу, же болбосо майда хулигандык аракеттерди жасаган адамдын ишинин сотто каралыш тартиптери.

Бардык сот процесстерине тиешелүү жалпы принциптер бар. Алардын катарына бардык соттордо иштердин ачык каралышын, жабык жыйналышта ишти кароонун мыйзамда белгиленген учурда гана жүргүзүлүшүн кошууга болот. Ошондой эле, мыйзамда белгиленген учурларды кошпогондо, иштерди сотто сыртынан териштирүүгө жол берилбейт. Сот иштери тараптардын жүйөөлөшүүсүнүн жана тең укуктуулугунун негизинде жүргүзүлөт.

## КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Жогорку соттун Конституциялык палатасынын өндүрүшү тууралуу эмнени билесиңер?
2. Жарандык процесс укугу өзүнө эмнелерди камтыйт?
3. Жарандык процессте кандай иштер каралат?
4. Жазык процесс укугу кандай мамилелерди теске салат?
5. Жазык процесс укугунун кандай максаттары бар?
6. Жазык процессинин кандай конституциялык принциптери бар?
7. Административдик процесс кандай мамилелерди жөнгө салат?
8. Жалпы эле сот процесстеринин кандай принциптери бар?

## ТЕСТ

**1.** Мамлекеттин негизги белгилерине кайсыл көрсөткүч кирбейт?

а) аймак

б) калк

в) улут

**2.** Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө декларация качан кабыл алынган?

а) 1990-жылдын 15-декабры

б) 1991-жылдын 31-августу

в) 1924-жылдын 14-октябры

**3.** Кыргыз Республикасынын Конституция күнү кайсыл?

а) 2010-жылдын 27-июну

б) 2007-жылдын 10-октябры

в) 1993-жылдын 5-майы

**4.** Кыргыз Республикасы түзүлүшү боюнча кандай мамлекет

а) федерациялык

б) конфедерациялык

в) унитардык

**5.** Кыргыз Республикасынын Президенти канча жылдык мөөнөткө шайланат?

а) 5 жылдык

б) 6 жылдык

в) 7 жылдык

**6.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши канча депутаттан турат?

а) 95 депутаттан

б) 105 депутаттан

в) 120 депутаттан

**7.** Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органы?

а) Жогорку сот
б) Жогорку Кеңеш
в) Өкмөт

**8.** Укук коргоо органдарына кайсы орган кирет?

а) Адвокатура
б) Нотариат
в) Прокуратура

**9.** Никеге туруууга кайсы жаштан уруксат берилген?

а) 16 жаштан
б) 18 жаштан
в) 20 жаштан

**10.** Укук тармактарына төмөнкү көрсөтүлгөндөрдүн кайсынысы кирбейт?

а) Токой укугу
б) Жер укугу
в) Жайлоо укугу

## МАЗМУНУ

### *I глава*
### Мамлекет, укук жана адеп-ахлак


§ 1. Мамлекет түшүнүгү, мамлекет түзүлүшүнүн жана башкаруунун формалары ........ 6
§ 2. Укук түшүнүгү. Укук жана адеп-ахлак ........ 13
§ 3. Кыргыз Республикасы түзүлгөнгө чейинки Кыргыз мамлекеттүүлүгү тууралуу түшүнүк ........ 19
§ 4. Кыргыз улуттук мамлекетинин калыптанышы жана түзүлүшү ........ 23


### *II глава*
### Кыргыз Республикасынын мамлекеттик түзүлүшү жана мамлекеттик башкаруу


§ 5. Кыргыз Республикасынын Конституциясы ........ 26
§ 6. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик түзүлүшүнүн жалпы принциптери ........ 31
§ 7. Кыргыз Республикасында адам укуктары жана эркиндиктери ........ 36
§ 8. Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик. Бийликти бөлүүнүн принциптери ........ 40
§ 9. Кыргыз Республикасынын Президенти – мамлекет башчысы. Президентти шайлоо. Президенттин бийлик укугу ........ 45
§ 10. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши – мыйзам чыгаруу бийлигин жүргүзүүчү өкүлчүлүктүү орган ........ 50
§ 11. Аткаруу бийлиги. Өкмөт. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар ........ 57
§ 12. Кыргыз Республикасындагы сот бийлиги. Соттор жана сот адилеттиги ........ 60

§ 13. Укук коргоо органдары
жана алардын функциялары ................................ 64
§ 14. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ..... 68

## *III глава*
## Кыргыз Республикасынын жараны

§ 15. Кыргыз Республикасынын жаранынын укуктары
жана милдеттери ............................................ 71
§ 16. Ата Мекенди коргоо ........................................ 75
§ 17. Нике жана үй-бүлө, ата-эне жана бала ................ 80
§ 18. Эмгектенүүгө укук, социалдык камсыздандыруу .. 86
§ 19. Билим алуу жана ден соолукту сактоо укугу........ 91
§ 20. Жарандардын укугун жана эркиндигин коргоо –
мамлекеттин милдети ..................................... 97

## *IV глава*
## Укук бузуу жана жаза. Мыйзамдуулукту сактоо

§ 21. Укук бузуулардын түрлөрү ................................ 101
§ 22. Жазалардын түрлөрү....................................... 104
§ 23. Укук бузуунун себептери ................................. 109
§ 24. Мыйзамдуулук жана укук тартиби .................... 112
§ 25. Укук коргоо жана ал үчүн күрөшүү .................... 115

## *V глава*
## Кыргыз Республикасындагы укук тармактары

§ 26. Укук тармактары боюнча жалпы түшүнүк .......... 118
§ 27. Жарандык укук .............................................. 128
§ 28. Шайлоо укугу ................................................ 137
§ 29. Жазык укугу .................................................. 142
§ 30. Сот процесси ................................................. 150
Тест ............................................................... 156

*Окуу басылмасы*

**Эсенканов Качыке**

**АДАМ ЖАНА КООМ**

**МАМЛЕКЕТ ЖАНА УКУК НЕГИЗДЕРИ**

Орто мектептин 9-классы үчүн окуу китеби

Редактору *С. Төлөгөнова*
Басманын редактору *Ч. Жумалиева*
Корректорлору *Ж. Мундузбаева, Кенжеш кызы Жылдыз*
Басманын сүрөтчүсү *Э. Исаков*
Техникалык редактору *В. Крутякова*
Компьютердик калыпка салган *Ж. Керимбаева*

Терүүгө 10.05.2010-ж. берилди.
Басууга 18.04.2012-ж. кол коюлду.
Форматы 60x90 1/16. Көлөмү 10,0 басма табак.
Нускасы 23 000 даана. Заказ № 207

«Инсанат» полиграфия-басма борборунда даярдалган жана бекитилген сигналдык нускасы, «KIRLand» ЖЧК типографиясында басылды.

«Инсанат» полиграфия-басма борбору
720031, Бишкек ш., Ж. Бөкөнбаев көчөсү, 99.

«KIRLand» ЖЧК
720083, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Аламедин-1 к/р., 75
E-mail: kirland@infotel.kg